
Т6.89(2Ки)кыр
М 74.

# ЧОН-АЛАЙ

# 20 жылда



## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ГИМНИ

Сөзү: *Ж.Садыков, Ш.Кулуевдики*
Музыкасы: *Н.Давлесов, К.Молдобасановдуку*

Ак мөңгүлүү аска-зоолор, талаалар,
Элибиздин жаны менен барабар.
Сансыз кылым Ала-Тоосун мекендеп,
Сактап келди биздин ата-бабалар.

*кайырма:*
Алгалай бер, кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колуңда.

…ние,
…ретин,
…нне.

…ыз эл,
…нда.
…бер,
…нда.

…и,
…ги.
…асын,
…ели.

…ргыз эл,
…унда.
…о бер,
…унда.

…з Республикасынын Жогорку
…нен бекитилген.

Формуляр книги
…472856
Нойдунов Б.

Кр

## ЧОҢ-АЛАЙ РАЙОНУНУН ГИМНИ

Сөзү: *Низамидин Мурзаевдики*
Обону: *Азимбай Сейдакматовдуку*

Чоң-Алай – киндик кан тамган жер,
Алп тоолор, кен талаа, балбан жер.
Байыртан кыргыз эл жашаган,
Атадан балага калган жер.

*Кайырма:*
Аба, сууң азыгым каныңдай,
Аска-зооң, топурагын жанымдай.
Кымбатсың, улуусуң, сулуусуң,
Гүлдөп өс, мекеним Чоң-Алай!

Ыйыксың ата-энем баскан жер,
Койнунда бабалар жаткан жер.
Бапестеп гүлдөтөт урпагын,
Эмгекчил, меймандос, баатыр эл!

*Кайырма:*
Аба, сууң азыгым каныңдай,
Аска - зооң, топурагын жанымдай.
Кымбатсың, улуусуң, сулуусуң,
Гүлдөп өс, мекеним Чоң-Алай!

Эркиндик жолунда келебиз,
Катылган жоо болсо женебиз.
Кийинки муунга Чоң-Алай,
Өзүңдү гүлдөтүп беребиз!

*Кайырма:*
Аба, сууң азыгым каныңдай,
Аска - зооң, топурагын жанымдай.
Кымбатсың, улуусуң, сулуусуң,
Гүлдөп өс, мекеним Чоң-Алай!

Гимн Чоң-Алай райондук Кеңешинин 2012-жылдын 4-июлундагы IV сессиясында кабыл алынган.




**ЧОҢ-АЛАЙ РАЙОНУНУН ГЕРБИ**
**Автору: Н. Ажиев**



**ЖЕЛЕГИ**
**Автору: Ш. Бердибеков**

26.89(2Ки)кир
М74



# ЧОҢ-АЛАЙ 20 ЖЫЛДА

ОШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ №......472856......

ИНФОРМАЦИОННО-
КРАЕВЕДЧЕСКИЙ ОТДЕЛ

Ош - 2012

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-3
М 57

Б.Мойдунов, Ж.Маширапов

Редакциялык кеңеш:

*А.Аширалиев, Д.Молдоболотов, Ы.Тагиев, С.Туйгунова, И.Бакиров, Ф.Мизамов, М.Мусаев, П.Асаналиев, Н.Акматов, Ө.Шаңшоев, Ж.Касымова.*

Фото сүрөттөрү:

*А.Умаралиев, Ж.Маширапов, Б.Мойдуновдуку*

ISBN 978-9967-03-582-5

Бул китепте негизинен Чоң-Алай районунун кайрадан макам алганына 20 жыл толгондугуна карата басып өткөн кыска убакыттын ичинде социалдык-экономикалык өсүш абалын, инфраструктурасынын жакшырышын, мекеме-ишканалардын калыптанышын жана медициналык тейлөө менен билим берүүнүн сапаттык өсүш деңгээлин, мектепке чейинки тарбиялоо ишиндеги өсүштөр чагылдырылган материалдар берилди.

Аны менен бирге базар экономикасы учурундагы соода-сатык маданиятынын түптөлүшү, айыл жана мал чарбачылыгындагы жылыштар, калк арасындагы техникалык өсүштөр жөнүндө кыскача сөз болот.

Чоң-Алай жергесиндеги ыйык жана кооз жерлердин сүрөттөрү да киргизилди.

К 4702300200-12

ISBN 978-9967-03-582-5

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-3



# Чоң-Алай: кечээ, бүгүн жана келечекте

Мекенибиз Кыргызстан Орто Азияда эле эмес, дүйнөдөгү эң кооз, тоолуу жана кен байлыктуу өлкөлөрдүн бири. Өлкөбүздүн көркүнө көрк, байлыгына байлык кошкон жаш жана келечектүү район бул – биздин кичи Мекенибиз Чоң-Алай.

Районубуздун кайрадан район болуп түзүлгөндүгүнө быйыл 20 жыл толуп, ушул жылы маарекени тийиштүү деңгээлде белгилегени турабыз. Бул маарекенин алдында Чоң-Алайдын тарыхы, бүгүнкү күндөгү абалы жана келечеги жөнүндө райондун жетекчиси катары олуттуу эскерүүгө, ой жүгүртүүгө туура келди.

Чоң-Алай жергеси жана эли мекенибиздин тарыхындагы бардык урунттуу окуяларында катышуучу, ал эми кээ бир учурларда чечүүчү ролдорго ээ болуп келгендигине тарых барактарынан, өзүбүз көрүп, күбө болуп келүүдөбүз. Мисалы, эзелтен Чоң-Алай аркылуу Фергана, Тажик, Кытай соодагерлери карым-катнашта болуп, Улуу Жибек жолунун бир бөлүгүн түзгөн болсо, Кокон хандыгынын учурунда жана Совет дооруна чейинки Россиянын курамында стратегиялык мааниге ээ болгон.

Ал эми Совет доорунда СССРди эт, жүн менен камсыз кылган жайыттардын бири Чоң-Алай өрөөнү болгон.

Улуу Ата Мекендик, Ооган согуштарына эр-азамат жигиттерибиз катышып, миндеген атуулдарыбыз курман болушкан.

Жогорудагыдай терс көрүнүштөгү окуялар менен катар, Чоң-Алай бирде башка райондордун курамына киргизилип, бирде өз алдынча район болуп тургандыгына карабастан, Совет доорунда бардык тармактар боюнча бир кыйла алга жылуулар болгонун танууга болбойт. Алсак, калктын сабатсыздыгынын жоюлушу, айылдык маданият үйлөрүнүн, билим берүү, саламаттыкты сактоо мекемелеринин, соода дүкөндөрүнүн курулушу жана жергиликтүү адистер менен камсыз болушу салыштырмалуу болсо да айылдардын инфраструктурасынын жакшырышына алып келген.

Ошентип, Кыргызстан эгемендүүлүктү алган соң, 1992-жылы Чоң-Алай кайрадан район болуп түзүлдү. Өз алдынча район болгондон кийин дотацияда турган район болгондугуна

карабастан, районубуздун социалдык-экономикалык абалы, элдин жашоо тиричилиги бир кыйла жакшырды десем жаңылышпайм. Айрыкча, акыркы жылдарда өкмөттүк эмес уюмдар, коомдук фонддор менен иштешүүнүн натыйжасында район үчүн бир топ чоң жумуштар жасалды. Албетте, аткарылган иштер түзүлгөнүнө 20 жыл болгон район үчүн аздык кылат десек болот.

Чоң-Алай районунун район болуп кайрадан түзүлгөндүгүнүн 20 жылдык маарекесин белгилөө райондун акими катары мага туш келип олтурат. Бул нерсе бир жагынан райондун басып өткөн жолуна, ийгилик-кемчилигине көз чаптыруу болсо, экинчи жагы райондун мындан ары өнүгүп-өсүүсү үчүн эмне кылуубуз керек деген? жоопкерчиликке негиз болот. Чоң-Алайдын келечеги жөнүндө кеп кыла турган болсок, менин жеке пикиримде жана жетекчи катары алдыма койгон максаттарымда белгиленгендей, Чоң-Алай өнүгүп-өскөн, перспективалуу, бай районго айланат. Себеби, мамлекет тарабынан, жергиликтүү бийлик тарабынан райондун инфраструктуралык абалын жакшыртуу жаатында үзгүлтүксүз иш алып барылып, социалдык объектилердин, ирригациялык каналдардын курулуш иштери, айылдын ички жолдорунун абалын жакшыртуу, районду көрктөндүрүү жумуштары жасалмакчы.

Ошондой эле калкты жумуш менен камсыз кылуу максатында дыйкан-фермерлерди ар тараптан колдоо, кайра иштетүүчү чакан ишканаларды ачуу, кен байлыктарды максаттуу пайдалануу зарыл деп эсептеймин.

Ал эми биздин негизги байлыгыбыз болгон, районду эле эмес, Кыргызстанды өнүктүрүүгө салымын кошо турган билимдүү, мекенчил, жаш адистерибизге көңүл буруу, ар тараптан колдоо, тарбиялоо - биздин приоритеттүү багыттарыбыздын бири.

Демек, дан жыттанган эгин талааларыбыз, түрдүү кен-байлыктарыбыз, кыргыз элинин нукура каада-салт, үрп-адаттары сакталган берекелүү элибиз ынтымакта, бир максатта жашап турганда, илим-билимдүү жаш кадрларыбыз барда - Чоң-Алай өнүгүүнүн гана жолунда болот.

***Абдилазиз Ашыралиев,***
***Чоң-Алай райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы – аким***
***2012-жыл, 15-сентябрь***



# Чоң-Алайдын келечеги кең

Ар кимге киндик кан тамган жер ыйык. Мен жана мага окшогон миңдеген адамдар үчүн андай жер – Чоң-Алай. Ал Кыргызстандын эң эле алыскы, эң бийик тоолуу райондорунун бири. Ушуга жараша анын жер жана табият шарты, тарыхы анча изилдене элек.

Бирок ал таптакыр эле көз жаздымдан тышта калган деп айтууга да негиз жок. Анткени бул жер, аны мекендеген эл жөнүндө «Манастан» тарта бир катар дастан-санжырада, жазма булактарда, орус саякатчы-чалгынчыларынын күндөлүктөрүндө ар кандай маалыматтар бар. Башкасын айтпаганда да Дароот-Коргондо сакталып калган сепилдин урандылары – бул жер Кокон хандыгынын тушунда маанилүү стратегиялык түйүн болгонун (Фергана менен Кара-Тегиндин ортосунда), ошол доордо жашаган кадамжайлык улуу акын Молдо Нияз жазгандай, Алай – мал киндиктүү жайлоонун бейиши катары кызмат кылганын эскере кетүү жетиштүү. Биз буга айрыкча Совет доорунда тикелей күбө болуп калбадыкпы: анда өрөөндү баштан аяк Кыргызстандын, Тажикстандын жана Өзбекстандын көптөгөн райондорунун төрт түлүк малы күтүрөп каптап жатпады беле.

Чоң-Алай мындан тышкары этегинде эл аралык альплагерь жайгашкан Ленин (7134 м.), Абрамов чокулары, Ферганага ашып түшчү Теңизбай ашуусу, бийик тоолорунда чуркаган кайберендери, Ак-Суу, Көк-Суу, Кашка-Суу аталган тунук дарыяларында сүзгөн форель балыктары, кучагында катылып жаткан алтын, мрамор, көмүр, туз кендери аркылуу да жакшы белгилүү.

Чоң-Алайдын район катары түзүлүшү 1930-жылдардын экинчи жарымына таандык. Кийин, Ата Мекендик согуш жылдары Кадамжайдын Үч-Коргон аймагы менен биригип Молотов району болгон дешет. Согуштан кийин кайрадан өзүнчө макамга жетишкен. Айталы, 1953-жылы туулган менин күбөлүгүмдө Чоң-Алай району деп жазылып турат. Демек райондун ошондон берки тарыхы менин көз алдымда болуп өттү десем болот.

Жашыраганда эмес, аралыктын алыстыгынан, бийик тоолуу шартынан, кыштын өтө суук жана көпкө созулганынан улам Кыргызстандын борбордук жана өрөөндүү райондоруна салыштырганда Чоң-Алай кезинде бардык жактан артта калган (бул тууралуу мен жаш кезимде кейип-кепчип республикалык газеталарда көп ирет жазган элем). Атап айтканда, автомобиль Чоң-Алайга 1950-жылдары, радио 1960-жылы, электр жарыгы 1970-жылы, телевизор 1980-жылдары гана келген. Чоң-Алайлыктардын арасынан алгачкы жогорку билимдүүлөр 1950-жылдардын экинчи жарымында жаралып, алар да негизинен мугалимдер эле. Алардан кийин туңгуч медиктер, айыл чарбасы, соода боюнча адистер пайда болду.

1958-жылы Хрущевдин ирилештирүү саясатына ылайык район жоюлуп, Алай районунун курамында бир совхозго айланды. Бара-бара эл өсүп, мал көбөйүп, жаңы жерлер өздөштүрүлүп, адегенде Кашка-Суу МЖСи түзүлдү, ал акырындап совхоз болуп калды. Анын артынан «Кызыл-Суу» совхозу жаралды, дагы бир МЖС пайда болду. Ушул иштердин жаралышына жана алга жылышына Чоң-Алайдан чыккан алгачкы жетекчилер С.Алайчиев, З.Каримбеков, К.Жапаров, Ш.Эгембердиев, А.Сартаев, А.Нуруллаев, Т.Жакыпов чоң салым кошконун, аларга партиялык, советтик, чарбалык кызматтарда иштешкен М.Кожобеков, Б.Мурзаев, Г.Ташибеков, Ж.Акимов, Н.Туйгунов, А.Нажиев жакындан жардам бергенин ыраазылык менен белгилөө зарыл. Ал эми агартуу жана саламаттыкты сактоо тармактарында Т.Кожобеков, А.Султанов, А.Примбердиев, Р.Маматкаимов, Г.Маматов, Ж.Газыбекова, П.Кудайбергенова, К.Муратов, Н.Жумаев, А.Молдоболотов, Б.Сартаев, А.Кадырова ж.б. эл үчүн жандарын аяшкан жок. Коомдук тартипти сактоо жагынан өмүр бою бир гана кесипти – милиционерликти аркалаган К. Аширалиев элдин эсинде калды окшойт.

1991-жылы СССР ыдырап, Кыргызстан өз алдынча мамлекет катары көз жарды. Саясий азаттык болгону менен эл экономикалык жактан абдан каржалды. Мындай абал айрыкча алыскы жана бийик тоолуу аймактарда күчөдү. Ага жол



каттамдын кыйындашы, админстративдик чыгым-төлөмдөрдүн көбөйүшү кошумча болду. Ушундай шартта облустук борбордон 300, райондон 200 чакырым. ыраакта жайгашкан Чоң-Алайдын кайрадан район болуу зарылдыгы келип чыкты. Элдин оозеки да, кат жүзүндө да, пикет-талап иретинде да дембе-дем кайрылышы эске алынып, 1992-жылы бул маселе республиканын расмий органдары тарабынан оң жагына чечилди. Бул ишке Чоң-Алай айыл округунан шайланган республиканын эл депутаты катары мен түздөн-түз катышканмын.

Андан бери Чоң-Алайда жалпы өлкөдөгүдөй эле жакшы да, жаман да окуялар болуп өттү, бир топ өзгөрүүлөр болду. Адегенде жаман, өкүнүчтүү жагын айтсам, албетте, 1990-жылдардын башында жана аяк жагында Тажикстандан кирип келген согушчандардын жосунсуз жоруктары, алардын айынан Кара-Тейитке ташталган бомбалар эске келет. Экинчи өкүнткөн жагдай – турмуштун оордугунан жергиликтүү калктын кайсы бир бөлүгүнүн Чүйгө ооп кетиши, жумуш издеп Казакстанга, Россияга кетиши болду.

Мени өзгөчө өкүнткөн үчүнчү көрүнүш – Чоң-Алайдын эл жери үчүн жанын сабап иштеген С.Алайчиев, Ж.Газыбекова, З.Каримбеков, Ж.Акимов, А.Галов, Ш.Эгембердиев, К.Аширалиев, К.Жапаров, Б.Сартаев өңдүү ардактуу ага-эжелердин дүйнөдөн өтүшү.

Албетте, турмуш жалаң гана кайгы-капа, өкүнүчтөн турбайт. Ал сыңары Чоң-Алайда да жылыштыр, оң көрүнүштөр, кубанчу иштер аз эмес. Эң биринчи иретте элдин санынын 20 жылда эки эсеге көбөйгөнү көңүл жубатат. Экинчи нерсе – элибиз жаңы шартка – демократия менен базар экономикасына көнө баштады: мурдагыдай буйрукка жетеленбей же бирөөгө жалдырабай өз каалаган-билгенин кылып, келечектүү иштерди (алтын, көмүр казууну, дыйканчылык, багбанчылык, кол өнөрчүлүк ж.б.) өздөштүрүүдө.

Айрыкча кубанчу жагдай – элибиз эчен жылдап эңсеген, Союз убагында ишке ашпаган тилек аткарылды: 350 чакырымды камтыган Ош–Кара-Мык жолу асфальтталып, Тажикстанга

жалгашты. Ушунун өзү эле республика аз-аздан ойдөлөй баштаганынын белгиси эмеспи.

Кескин жылыштар кадрлардын даярдыгынан да айкын байкалат. Шүгүр деш керек, кечээ эле кыргыз элине таанылган эч кими жок чоң-алайлыктардын алды кийинки мезгилде республиканы, облусту, министрликти же ага тете бийик мекеме-уюмду башкарган, академик, профессор, доцент, илимдин доктору, кандидаты деген ардак даража-наам алганга жеттик. Мындай адамдардын арасында менден башка Н.Сулайманов, Р.Бактыбаев, М.Төрөев, Б.Жумабаев, М.Токтобеков, А.Халилов, А.Маматкайымов ж.б. бар.

Ал эми өнөр, чыгармачылык кесиптерге келсек, ириде жазуучу публицист М.Сапаевди, акындар Садык Гавай, Н.Мурзаев, төкмө акын жана ырчы А. Акимбековду белгилөөгө болот.

Акыр жагында Чоң-Алай район болгон жылдары аны жетектеген К.Азимов, М.Төрөев, Т.Акиров, А.Мырзабеков, М.Каримбеков, А.Алайчиев, А.Аширалиевдин ар бири өз деңгээлине, колунан келишине жараша элдин турмуш-тиричилигин оңдоого, коопсуздугун камсыз кылууга аракет кылганын айта кеткенибиз жөн.

Кыскасы, жерибиздин куту кете элек, элибиздин уучу куру эмес. Эгер мындан ары да элде ынтымак, биримдик, алдыга карай жапырт талпынып-умтулуу болсо, Кыргызстандын көз кырында Чоң-Алай өргө карай өсө берет дегим келет. Ооба, мен буга ишенем: Чоң-Алайдын келечеги кең!

***Абдыганы Эркебаев, Кыргыз Республикасынын***
***Улуттук илимдер академиясынын академиги***
***2012-жыл, 13-14-июль***



# Чоң-Алай республикада татыктуу орунга жетишти

20 жыл деген бул тарых барактары үчүн кыска убакыт, бирок бул мезгил өткөн мезгилдеги иштерди, окуяларды анализдеп, таразалап, андан жыйынтык чыгарып, келечекке дагы туура багыт алууга боло турган аз эмес убакыт.

1992-жылдын 27-февралында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин токтому менен 1958-жылдагы чек аранын негизинде Чоң-Алай 18 айылды камтыган район болуп кайрадан түзүлдү. Бул маанилүү окуянын башталышы, жүрүшү эл-журттун, айрым инсандардын катышуусу, салымы жөнүндө өзүнчө сөз кылуу керек.

Ушул жылдын апрелинде мен райондун акими болуп дайындалдым да жаңы райондун түзүлүшүн, пайдубалын түптөөгө кириштим. Кыш өтө оор келгендиктен көп аракеттер кыштан төрт түлүк малды чыгашасыз чыгарууга жумшалып, аракеттер текке кеткен жок.

Ошентип мен райондо 1996-жылдын декабрына чейин беш жылга жакын иштедим. Бул жылдардагы жасалган иштер, ийгиликтер же айрым кемчиликтер жөнүндө эл-журтум жакшы билишет, таразалай алышат деп терең ишенем.

Бул жылдары жаңы районду түзүү, анын экономикасын көтөрүү, көйгөйлөрүн чечүү, келечекке перспективалуу кадамдарды жасоо боюнча иштер жасалды. Район республиканын бардык райондорунун катарынан татыктуу орун алды, көрсөткүчтөрү боюнча да артта калган жокпуз.

Баардыгына маалым болгондой бул жылдары өтө оор менчиктештирүү процесстери жүрдү, бул кампанияны да чыр-чатаксыз аяктадык. Ошол жылдары болуп жаткан коңшу Тажикстандагы жарандык согуш бизге өзгөчө терс таасирин тийгизгенин белгилеп кетейин.

Кайратман элибиздин эмгеги менен районубуз алга жылууда, бүгүнкү күндө миграциялык процесстерге карабастан калктын саны өсүүдө, илим-билимде, экономикада, маданиятта район эле эмес жалпы Кыргыз элине аттары белгилүү кадрлар өсүп чыкты, райондун экономикасы алга жылып көптөгөн ийгиликтүү иштер аткарылууда.

Районубуздун 20 жылдык юбилейи менен жалпы эл-журтту кызуу куттуктаймын, Чоң-Алай өрөөнү өркүндөп-өсүп, элибиз ынтымакта жашашына тилектешмин!

***Курбанали Азимов, Чоң-Алай районунун 1-акими***

# Чоң-Алай тарыхынан кичине баян

Кыргыз элинин байыркылыгы жөнүндө жазып калтырган тарыхы жана адабий чыгармасы болбогондуктан жакынкы 2-3 миң жылдыктардагы кыргыздардын басып өткөн жолун, же тактап айтканда тарыхын жазмасы бар элдердин (кытай, араб, түрк) архивдеринен издеп, үзүм-үзүм болсо дагы маалыматтарды окумуштуулар таап жатышат. Ага мисал катары, кытай жазмасынан табылган маалыматтардын негизинде Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгы белгиленгендигин айтууга болот.

Биздин максатыбыз жалпы Кыргызстан эмес, Чоң-Алай жөнүндө кичине баян берүү болгондуктан кептин оролун негизги темага бурганыбыз оң. Көптөгөн жылдарды башынан кечирип, ушул өрөөндө жашап жаткан элдин улуусунан да, кичүүсүнөн да: Эмне үчүн бул өрөөн Чоң-Алай, Баш-Алай, Арткы-Алай деп аталып калган? - деп суроо узатсаң, «чоң, баш, арткы» деген түгөйлөрүнө түшүнүк беришет да «алай» деген сөзгө келгенде не деп айтарын билбей алайып туруп калганын көрүп жүрөбүз. Ошол үчүн, «алай» сөзүнүн маанисин кененирээк билиш үчүн Махмуд Кашкардын «Түркий тилдер сөз жыйнагын» же болбосо Т. К. Чороевдин «Махмуд ибн Хусейн Ал- Кашкари жана анын «Түркий тилдер сөз жыйнагын (Фрунзе,1990-ж), ал да табылбаса, Кыргыз жергеси (Энциклопедия, Фрунзе 1990-ж, 23-бет) китептерин карап көрсөңүздөр болот. Махмуд Кашкаринин «Түркий тилдер сөз жыйнагында» Алаа (й) Ферганага жакын жайгашкан жайлоо деп баяндалыптыр. Байыркы түрк тилинде Алаа - кызыл маанисинде айтылган сөз болгон. Тыбыштык өзгөрүүлөрдүн негизинде алай болуп айтылып кеткен. Ага негиз болуп Алай өрөөнүн курчаган кызыл чопо кум-таштар М: Кызыл-Суу, Кызыл-Алай, Кызыл-Агын, Кызыл-Тоо, Кызыл-Арт аталыштарын алууга болот. («Кыргыз жергеси», энциклопедия, Фрунзе,1990)

Экинчи жагынан алганда «алай» сөзү кадимки эле кыргыздын «ала» сөзү менен түздөн-түз байланышта. Анткени «ала» сөзү ар түрдүү түстү туюндурат . М: ала жип, ала туяк, ала бакан ж.б. (Х.Карасаев «Өздөштүрүлгөн сөздөр» Фрунзе,1986-ж) Мында да «ала» сөзү тыбыштык өзгөрүүгө өтүп: Чоң-Ала-Чоң-Алай, Баш-Ала-Баш-Алай, Арткы-Ала-Арткы-Алай деген айтылыш түрлөрү



пайда болгон сыяктанат. Кантсе да, Чоң-Алай өрөөнү миң жылдардан мурда эле адамдардын көңүл борборунда болуп келген. Биз бул оюбузду айгинелеш үчүн бирин-эки мисалдарга токтолсок болот. Айтылуу «Манас» эпосунда Көкөтөйдүн ашын Баш-Алайда өткөрүү сунушталып, бирок отундун тартыштыгынан улам аш Каркырада өтөт. Ал эми тарыхта айтылып калган Улуу Жибек жолунун бир тарамы Чоң-Алайга кирип үч тарапка: Талдык аркылуу Ошко, Теңизбай аркылуу Ферганага, Кара-Тегин аркылуу Дүйшөнбү, Гармга багыт алат. Бул чакан баянда өрөөндүн кылымдарды карыткан көөнө тарыхын айтып берүү максаты жок. Эгерде кимдир бирөөлөр бир аз кененирээк билгиси келсе, Муса Сапаевдин «Чоң-Алай тарыхы, азыркы абалы жана келечеги» аттуу публицистикасын (Ош шаары, 2005-ж) окуп койсо аздыр-көптүр маалымат алат. Ошентсе да, кийинчерээк мезгилдеги айрым урунттуу учурларына токтолобуз. Чоң-Алай өрөөнүндө жашаган эл Улуу Октябрь революциясына чейин эле өзүнчө административдик макамга ээ болуп турган. Атап айтсак, Кокон хандыгы мезгилинде Чоң-Алай өзүнчө даткалык башкарууга ээ болуп, административдик коргон да курулган. Ал коргондун жарым-жартылай дубалы Кулдатканын коргону деген ат менен азыркы учурда райондун борбору Дароот-Коргондо сакталып турат. Табигый жактан төрт тарабы улуу тоолор менен курчалган кең өрөөн - Чоң-Алай өрөөнү учуру келгенде элдик баатырлардын аскерин тыныктыруучу, кайра күч топтоп ирденип чабуулга даярдануучу өзгөчө бир жер катары да кызмат өтөгөн. Айтсак, Кокон хандыгын биротоло ээлеп калуу үчүн болгон күрөштө жарадар болгон Исхак баатырдын келишин, Октябрь ыңкылабынан кийин элдин эркиндиги үчүн күрөшкөн Көр Шермат, Гайып түрктөрдүн кышында жоокерлери менен күч топтоо үчүн келип жатышы. Өрөөндүн жашоочулары сырттан келгендерге эле баш калка болуп бербестен, өздөрү дагы эң таанымал казы-бийлерди өстүрүп чыгарышкан. Аларга памирлик кыргыздарды башкарган Рахманкул хан, кара тейит уруусунан чыккан Тилле Датка жана Толубай казы (Мукур айылынан), Анапия казы (Жекенди айылынан), Темир бий (Дароот-Коргон айылынан), Тилек баатыр (Кара-Мык айылынан), Азим миңбашы (Кулчу айылынан), Токтор казы (Кулчу айылынан), Молдо Муса (Жар-Башы айылынан), Молдо Нур (Жар-Башы айылынан), Матраим саркар (Кулчу айылынан), Кыргызбай амин (Жаш-Тилек

айылынан), Назар амин (Дароот-Коргон айылынан), Наркул амин (Дароот-Коргон айылынан), Гал начальник (Жекенди айылынан) сыяктуу чыгаан инсандарды айтсак жетиштүү болот. Кыргыз элинин жашоо турмушунда саясий-социалдык, агартуучулук жана экономикалык чоң бурулушту алып келген Октябрь ыңкылабын өрөөндүн эли чын дилден (ачык айтканда) тосуп алган эмес. Анын декреттеринин ишке ашыруусуна жеке да, топ-тобу менен да каршылык көрсөтүшкөн. Каршылык көрсөткөн топтун жетекчилеринин бири болгон Кара-Мыктан чыккан Токтомат лашкерди айтууга болот. Совет бийлиги күн санап өрөөн элинин арасында бекемделе баштаганда ыңкылаптын жеңиштерине каршы турган билимдүү жана таасирдүү адамдардын үгүттөөсү менен жүздөгөн адамдар 1932-1936-жылдардын аралыгында Сары-Кол, азыркы Тажик Республикасынын Мургаб району аркылуу Ооганстанга жана Кытайга өтө качканын улуу муундар унута элек. Ошол учурдагы өтүп кеткен биздин туугандардын урпактары жакын жек-жааттары менен азыркы учурда катташып жатышат. Совет доору Кыргыз жергесинде түптөлүп, Кыргыз автономиялуу облусу түзүлгөндөн кийин, тактап айтканда 1926-жылдын декабрынан тартып Чоң-Алай өрөөнүндө алгачкы уюштуруу иштери башталат. «Кыргыз автономиялуу облусунун мурдагы 4 округ 72 волостунун ордуна, 7 кантон 41 волост түзгөн мезгилден башталат. 1927-жылы Ичкилик волосту түзүлүп, анын курамына Чоң-Алай айылдык кеңеш катары кошулуп, волостун борбору Караван селосу аныкталат. Ал эми 1928-жылдын 10-декабрында аймактар ирилештирилгендиктен Ичкилик волосту Молотов районунун курамына киргизилет. Азыркы Кызыл-Кыя шаарына жакын жайгашкан Үч-Коргон кыштагы Молтовабад аталып райондун борбору болуп калат. (М.Сапаев «Чоң-Алай тарыхы, азыркы абалы жана келечеги» Ош, 2005-ж.) Чоң-Алай өрөөнүндө административдик айылдык кеңештин түзүлүшү менен айыл чарбасын коллективдештирүү, чачкын жайгашкан айыл кыштактарды отурукташкан кыштактарга көчүрүп ирилештирүү иштери жүргүзүлүп, натыйжада калктуу Дароот-Коргон, Чак, Жар-Башы, Кара-Мык, Жекенди сыяктуу чоң кыштактар өсүп чыгат. Кыргыз АССРинин Кыргыз ССРине айланышы менен 1936-жылдын 2-сентябрында Чоң-Алай райондук макамга ээ болот Аны менен кошо Ленин, Молотов, Киров, Калинин, Сталин колхоздору пайда болот да, көп өтпөй эле Теңдик, Жаш-Тилек,



Кызыл-Октябрь, Ворошилов, Кызыл-Майрам, Кызыл-Туу сыяктуу колхоздору менен толукталат.

Ошентип, Чоң-Алай районунун тутумунда Чоң-Алай, Чак, Жекенди, Сары-Таш айылдык кеңештери уюштурулат да, Чоң-Алай айылдык кеңешине Сталин, Большевик, Кызыл-Туу колхоздору, Чак айылдык кеңешине Киров, Теңдик, Жаш-Тилек, Кызыл-Октябрь колхоздору, Жекенди айылдык кеңешине Ленин, Молотов, Ворошилов, Кызыл-Майрам, Сары-Таш айылдык кеңешине Кеңеш-Алай, Кеңеш, Каганович колхоздору кирген. Өрөөн ушул мезгилден баштап өнүгүүнүн туруктуу жолуна түшө баштаган.

Совет коомун көрө албаган сырткы душмандардын таасиринен улам фашисттик Германия тарабынан 1941-жылдын 22-июнунда башталган Улуу Ата Мекендик согуш Совет элине каргашалуу алааматты алып келди. Бул алаамат согуштан Чоң-Алай эли да четте калбай, жүздөгөн эр азамат жигиттерин согушка жөнөтсө, көптөгөн уул-кыздарын ооруктагы оор жумуштарды аткарууга катыштырышкан. Ошондой оор учурда «Советтик Кыргызстан» танкасын жасоого Каримов Тагай 100 миң сом акчалай салым кошуп, чыныгы патриоттуулуктун үлгүсүн көрсөткөн. Согуштан кийинки оор кырдаалга карабастан 1947-жылдын 23-августунда Кыргызстан коммунисттик (большевиктер) партиясынын Чоң-Алай райондук Комитетинин жана эмгекчиллер депутаттарынын райондук Кеңешинин органы болгон «Кызыл-Туу» аттуу гезиттин биринчи нускасы жарык көрөт. Чоң-Алай район макамын алгандан кийин агартуу иши ири алдыда жөнгө салынып, 1932-жылы башталган жайлоо мектеби (ликбез) бара-бара туруктуу билим берген мектептерге айланып, мектеби жок бир да кыштак калган эмес. Райондун борбору Дароот-Коргондогу «Большевик» орто мектебинде орус классы да ачылып, билимдүү кадрлардын чыгышына өбөлгө түзүлгөн. Райондун айыл чарбасы, мал чарбасы ири өсүштөргө жетишип, малдын башы көбөйүп, айдоо жер аянттары кеңейип Сталин, Ленин сыяктуу миллионер колхоздор пайда болуп, өз алдынча чарбалык автомашиналарын сатып алууга жетишкен.

Чоң-Алай районунун Кара-Кабак жылгасында 1934-жылы Ленин атындагы Бүткүл союздук айыл чарба академиясынын демилгеси менен уюштурулган комплекстелген станция койлордун асылдуулугун арттыруу боюнча иш алып бара

баштаган. Кийинчерээк бул мекеме ЮКОС (южно киргизский овцеводческий станция) аталып, килемге ылайыктуу жарым кылчыктуу жүн берүүчү куйруктуу Алай тукумун чыгарууга жетишет. Ошентип өзүнчө түтүн булатып, өрүшү кеңейип өсүү жолуна түшүп калган учурда СССРдин генералдык секретары Никита Сергеевич Хрущевдин ирилештирилген экономикалык райондорду түзүү саясатына байланыштуу Алай, Чон-Алай, Гүлчө райондору жоюлуп, 1958-жылдын 10-декабрында Алай району болуп уюштурулат да, мурдагы майда колхоздордун баары бириктирилип 4 бөлүмдөн турган Чоң-Алай совхозу пайда болот. Алай районунун тутумунда турган учурда жаңы жерлер өздөштүрүлүп жаңы чарбалардын уюуштурулушуна негиз түзүлөт. Атап айтканда, Кашка-Сууда уюштурулган Алай МЖСи Кашка-Суу совхозуна, анын бир бөлүгү болгон Ачы-Суу аймагы Кызыл-Суу совхозуна айланып, Кабык чөлкөмүндө жаңыдан Алай МЖСи уюштурулуп Кабык айылы пайда болот. Чоң-Алай ПМКсы, Чоң-Алай автоколоннасы жана Кабык нефтебазасы иштей баштайт. 1978-1982-жылдардын аралыгында Алтын-Дара туз кени, Көк-Суудагы мрамор, Кабыктагы көмүр кендери иштеп алгачкы өндүрүштөр пайда болот. Кабыктагы МЖСтин уюштурулушу менен Шор-Талаа багытынан миңдеген гектар жаңы жерлерди өздөштүрүү мүмкүнчүлүгү түзүлөт. Бул жылдарда Чоң-Алайда айыл чарбасы менен мал чарбачылыгынын өнүгүшүнө Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары Полотов Ахунбай, Имарова Урмат, Колчоков Абдирашит, Чокоев Базарбай, Сатыбалдиев Маматтар чоң салымдарын кошушкан.

СССРдин генералдык секретары М.С.Горбачевдин СССРде кайра куруу боюнча жүргүзгөн революциялык саясатынын негизинде Улуу держава СССР барчаланып, Кыргызстан 1991-жылдын 31-августунда эгемендүү мамлекеттик макамга ээ болот. Эгемендүүлүктүн шарапаты менен борбордон алыс, климаттык шарты татаал Чоң-Алайдын жашоочуларынын талаптарынын негизинде жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин эл депутаты Абдыганы Эркебаевдин колдоосунун натыйжасында 1992-жылдын 23-мартындагы Жогорку Кеңештин чечими менен Чоң-Алай мурунку райондук макамын кайрадан алат.

Район Ош облусунун түштүгүндө жайгашып, түндүк жана түндүк батышынан Кадамжай району менен, чыгышынан Алай



району, батышынан Тажикстан Республикасынын Жерге-Тал району менен чектешет. Райондун аймагы 4,86 миң чарчы чакырым же Ош облусунун жалпы аянтынын 16,6%ын ээлейт. Райондо 27,6 миң калк жашайт. Борбору Дароот-Коргон кыштагы. Климаты кескин континенталдуу, кышы узак, суук. Жамгырдын жылдык орточо көлөмү 500-650 мм. Абанын июлдагы орточо температурасы +19-22 °С, декабрда -10-15 °С. Райондо үч айылдык округ: Чоң-Алай, Кашка-Суу, Жекенди; 21 кыштак бар. Чоң-Алай району бийик тоолуу Алай өрөөнүнөн орун алып, түндүгүнөн Алай, түштүгүнөн Чоң-Алай тоолорунун ортосуна жайгашып, деңиз деңгээлинен орточо 2500 метр бийиктикте турат. Ош облусундагы райондордун ичинен жаратылыш байлыктары эң көп район - Чоң-Алай. Анын аймагында алтын, күмүш, жез жана башка түстүү металдар бар. Мындан сырткары туздун, мрамордун жана бир канча жерде көмүрдүн кени иштейт. Учурда туз жана көмүр кендери кеңири иштетилип элдин суроо-талаптарын канааттандырууда. Ал эми алтын кендери Кара-Казык, Айдарбек, Алтын-Дара, Ак-Суу, Жаман-Жар, Кызыл-Үңкүр жерлеринен изилденип жатат.

Жашоодо жакшылык менен жамандык үзөңгүлөш жүрөт эмеспи. Бүгүн районубуздун 20 жылдыгына карата жетишкендиктерди, ийгиликтерди санап, эскерип жаткан учурда, жалпы Кыргыз өлкөбүздүн, анын ичинде өзгөчө биздин райондун тарыхына кара так салган 1999-жылдын 29-август күнү аргасыз эске түшөт экен. Анткени ушул күнү саат 18:20да тез учкан согуштук учактар районубуздун эң четки айылы Кара-Тейитти бомбалай баштаган. Мунун айынан 3 адам каза таап, 18 адам жаракат алган, 18 үй, китепкана, ФАП жараксыз болуп кыйрап, 30 турак үй ар кандай абалда материалдык зыянга учураган. Бирок, бул кайгылуу окуяга жогорку бийлик тараптан тиешелүү баа берилдиби, окуя эмне себептен болду деген суроолор азырынча жоопсуз калып келе жатат.

Чоң-Алай районунун аймагында жаратылыш берген кендерден сырткары ыйык жана табигый кооз бир топ жерлер бар. Аларга Ленин чокусу жана анын алдында уюштурулган альпинисттик лагерди, Кызыл-Дөңдөгү «Тулпар чапчы» көлүн, Кашка-Суудагы «Зындан» үңкүрүн, Кырчындагы «Тамчы-Ата» ыйык жерин, Тал-Мазардагы «Эшен-Ата» сыйынуучу жайын, «Алтын-Мазар» ашуусун, «Ичке-Суу» табигый жаратылыш

коругун, Шагдардагы «Жүгөрү-Таш» аталган мрамор, Кара-Казык аталган алтын кендерин, Текеликтин ичиндеги Кара-Суур жайлоосундагы Жылуу-Суу, Бугу-Баш жайлоосундагы Шумкар тоосун, Кырчын жайлоосундагы «Тешик-Таш», Текеликтеги «Карымбайды жер жутту» жайлоосун кошууга болот. Дүйнөдө таза суу тартыш болуп жаткан учурда райондун аймагында көптөгөн табигый таза булактар жана республикага тазалыгы менен таанымал болгон Ак-Суу, Көк-Суу, Кашка-Суу деген таза сууларыбыз бар. Электр энергиясын өндүрүүгө ыңгайлуу чыгыштан батышты карай 140 чакырым аралыкта агып жаткан Кызыл-Суу дарыясы бар. Суусамырдан кем калбаган шамалбак бир топ жайлоолордун бар экендигин да эске салууга болот. Райондун экономикасынын өнүгүшүнө чоң таасирин тийгизе турган Эркеш-Там - Кара-Мык - Дүйшөнбү эл аралык жол каттамы байма-бай иштеп жатат. Илгертен бери эле мал киндиктүү райондо төрт түлүк мал дүркүрөп өсүүдө. Аны менен эле чектелбестен кийинки 20 жылдын ичинде картошка өстүрүү технологиясы алдыңкы орунга чыгып «Чоң-Алайдын картошкасы» деген ат менен Кыргызстандын чегинен сырткары коңшулаш Өзбекстан менен Тажикстанга да кеңири таанылууда. Өзгөчө табигый шартта жайгашкан кен-байлыктары мол, керемет район кайрадан райондук макам алгандан бери райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы болуп Курбанали Азимов, Мамарасул Төрөев, Токтогул Акиров, Абдимамат Мырзабеков, Мукаш Каримбеков, Азиз Алайчиевдер иштеп келген болсо, жетинчи аким болуп Ашыралиев Абдилазиз Кутмаматович иштеп жатат.

Элибизде «Жолуң шыдыр, жолдошуң кызыр болсун» деген сөз бар. Ошондон улам райондун маараке жылы көптөгөн жаңы жылыштар менен коштолуп, жаңы өсүштөргө негиз болот деген ойдобуз!

*Ж. Маширапов,*
*райондук Ардагерлер Кеңешинин төрагасы,*
*«Чоң-Алай жаңырыгы» гезитинин башкы редактору*



# Чоң-Алай районунун кайрадан макам алышы

Ар бир орчундуу, келечек үчүн мааниси чоң иштердин көпчүлүк эл толук биле бербеген өзүнө ылайык тарыхы болот эмеспи. СССР империясы урап, андагы өлкөлөр өзүнчө түтүн булата баштаган 90-жылдардын баш ченинде жаңыдан уюшулган биздин Чоң-Алай районун түзүүгө ошол мезгилдеги эртеңки күнгө, келечекке кайдыгер карабаган патриот инсандарыбыздын ат көтөргүс эмгектери кеткен. Түзүлгөндөн 20 жылдан кийин – бүгүн баарын таразалап, өз ордуна койгон тарыхтын, мезгилдин жазылбаган мыйзамдары районубуздун өзүнчө болуп түзүлгөнү - айныксыз, туура иш болгонун далилдей алды. Ошондуктан районду түзүүгө эмне себеп болгонун, дегеле бул идея кимден чыгып, ким кандай эмгек кылганын эскере кетүү абдан маанилүү.



Солдон оңго: Т.Жакыпов, Р.Алмаматов, С.Пазылов, А. Нуриллаев, Н. Туйгунов

Районду түзүү демилгечилеринин бири, андагы окуялардын күбөсү Насердин Туйгуновдун эскерүүсүнө ылайык, районду түзүү идеясын биринчилердин болуп Кара-Мык айылынын мугалимдери көтөрүп, бул маселени акын Низамидин Мурзаев жазып чыккан, ал Идирисов Кошубак, Примбердиев Арпидиндердин демилгеси менен газетага басылып, жалпы Чоң-Алай элине маалымдалган. Андан кийин ошол мезгилдеги Чоң-Алайдагы жетекчилер чогулуп, жыйын өткөрүлүп, анда атайын штаб түзүлгөн. Штаб башчылыгына айылдык кеңештин аткаруу комитетинин төрагасы Сарытаев Абдыкайым, катчылыгына Сапаев Муса шайланган. Штаб мүчөлөрү Туйгунов Насердин,

ОШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ №.472856

Акимов Жанай, Жакыпов Турдумамат, Эгембердиев Шарап, Бурканов Рахман, Бакиров Жаңыбай, Алмаматов Рахман, Нуруллаев Авазбек, Пазылов Сайдилла, Идирисов Кошубак, Примбердиев Арпидин, Мурзаев Низамидин, Очубеков Эсенкелди ж.б. болушкан. Алгач бул идея Алай райондук кеңешинин сессиясында жактырылбай, демилгечилер облустук бийликке кайрылууга аргасыз болушкан. Ошентип, Чоң-Алайдан жалпы 200дөй адам барып адам Ош облустук кеңешинин сессиясына катышышкан. Бирок ал жерде да маселе оң жагына чечилбей, демилгечилер Бишкек шаарына барып, Жогорку Кеңешке кайрылышкан. Маселени тиешелүү жерлерге жеткирүүгө ошол мезгилдеги Жогорку Кеңештин депутаты Абдыганы Эркебаевдин жардамы да чоң болгон. Демилгечилер бир топ аракеттердин натыйжасында Жогорку Кеңештин төрагасы Медеткан Шеримкуловдун кабыл алуусунда болуп, ал жерде жагдай, районду түзүү зарылчылыгы боюнча Акимов Жанай сүйлөгөн. Ошондон кийин гана Жогорку Кеңеш бул маселени оң жагына чечип, 1992-жылдын февраль айында Чоң-Алай районун түзүү боюнча жарлыкка кол коюлган.

Ал эми районду түзүү зарылчылыгын демилгечилердин карманган далилдери боюнча айтсак, андан бир аз мурда калкынын саны, аянты боюнча Чоң-Алайдан чоң эмес Чаткал, Суусамыр, Ак-Терек аймактары өзүнчө район болуп түзүлгөн эле. Анын үстүнө Чоң-Алай аймагындагы айылдардын райондун борбору Гүлчө айылынан өтө алыстыгы демилгечилерди түйшөлткөн маселелердин бири болгон.

Чоң-Алай район катары жашоосун баштагандан кийин, көптөгөн кайра түзүүлөр, менчиктештирүү процессин талаш-тартышсыз өткөрүүдө, 90-жылдардын ортосундагы жалпы өлкөдөгү тартыштык учурларында районубуздун көптөгөн патриот инсандары, көрөгөч жетекчилери өзгөчө эмгек сиңирип, районду республиканын башка райондоруна тең ата деңгээлге көтөрүүгө чоң салымдарын кошо алышты.

***Б. Мойдунов.***



# Чоң-Алай району 20 жылда

Чоң-Алай районунун жалпы аянты 485,7 миң чарчы чакырым, чыгыш тараптан Алай району, түндүк-батыш тараптан Баткен облусунун райондору, түштүк-батыштан Тажикстан Республикасынын Жерге-Тал району менен чектешкен, бийик тоолуу, кыш мезгили 6-7 айга созулган, климаттык шарты катаал район.

1958-жылдан 1992-жылга чейин Алай районунун курамында туруп, 1992-жылы Чоң-Алай району болуп кайрадан статус алган.

Андан бери толук 20 жыл өтүп, бул мезгилде райондо көп өзгөрүүлөр болду.

Алгачкы мезгилде бардык райондук структураларды түзүү, имараттар менен камсыз кылуу иш чаралары жүргүзүлгөн. Жаңыдан уюштурулган районду түптөөдө ошол мезгилдеги аким К.Азимовдун, жооптуу жетекчиси Т.Токтосуновдун, совхоз деректирлери К.Жапаровдун, А.Сарытаевдин, Ш.Эгембердиевдин, Р.Буркановдун, Т.Жакыповдун ж.б чарба, мекеме-жетекчилеринин, активист район тургундарынын эмгектерин белгилеп кетүүгө болот.

Район болуп толук кандуу иш аракет жүргүзө баштагандан аз убакытта 1995-1996-жылдары Кыргыз Республикасында жүргүзүлгөн агрардык реформа саясаты менен чарбалар жоюлуп жерди, айыл чарба мүлктөрүн менчиктештирүү процесси болуп өттү.

Жаңы базар экономикасына туш болгон райондун калкы мындай шартта иштөөгө тажрыйбанын жоктугунан улам калктын турмуш деңгээли абдан төмөндөө абалына келди.

Бирок, райондун калкы кужурмөндүүлүк менен эмгектенип, жаңы шартка ылайык ыкмаларды өздөштүрүп, район жетекчилеринин иш билги аракеттери менен райондун социалдык-экономикалык абалын жогорулатуу боюнча иш алып барышты.

Калктын саны 20 жылда 67,0 пайызга өстү, же 1992-жылы 16,7 миң адам болсо, 2012-жылдын 1-январына карата 27,9 миң адамга жетти.

Өнөр жайы дээрлик өнүккөн эмес. Жаңы район болгон мезгилде 4 айылда 5 тегирмен иштеген. Азыр «Турдумамат» дыйкан чарбасы, «Алтын-Дара» ЖЧКсы, «Сары-Жылга» ЖЧКсы уюштурулуп, көмүр казып алуу жана тоюттук туз даярдоо менен иш алып барууда. Социалдык объектилерди, калкты көмүр менен камсыз кылууда 2010-2011-жылдары 1174,0-1700,0 тонна көмүр өндүрүүгө жетишилген. Сары-Жылга көмүр кенинде көмүрдүн кору аз болгондуктан, «Сары-Жылга» жоопкерчилиги чектелген коому убактылуу ишин токтоткон.

Ал эми Текелик көмүр кенинин географиялык жайгашкан абалы татаал болгондуктан көмүр казып алуу үчүн ири финансылык жана техникалык каражат талап кылынууда. Бул боюнча райондун алдыдагы 5 жылдык өнүгүү программасына киргизилип, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө колдоо көрсөтүү боюнча маселе коюлууда. «Алтын-Дара» жоопкерчилиги чектелген коому ар жылы 297,8-309,8 тонна туз казып даярдап, райондун фермерлерин тоюттук туз менен камсыз кылып келүүдө. Калк жашаган пункттарда 41 тегирмен каттоодон өтүп, 22си үзгүлтүксүз иш алып баруу менен жыл сайын 1010,3 тонна буудайды кайра иштетүүгө жетишүүдө.

Фермерлер, жеке чарбагерлер тарабынан малдын башын көбөйтүү боюнча иш аткарылууда. Ири мүйүздүү мал 1992-жылы 7145 баш болсо, 2012-жылы 13722 башка жеткен, же 79,2 пайызга өскөн. Кой-эчки 1992-жылы 101569 баш болсо, 1997-жылы жана 2004-жылы өсүү төмөндөп, 66672 баш болуп калган. Азыркы мезгилде 81639 баш. Ал эми жылкы 2320 баштан 3987 башка жетип, 57,9 пайызга өскөн.

Айыл чарба продукцияларын өндүрүүдө дан эгиндери 2810 тоннадан 6875 тоннага, картошка 120 тоннадан 15050 тоннага жетишилген.

Белгилей кетчү нерсе, акыркы жылдары картошканын сорттуулугун жогорулатууда жакшы жетишкендиктер болду. «Санте», «Каррета», «Агава» сортторун өндүрүү практикаланып, натыйжада түшүмдүүлүгү 8,1 эсеге жогорулады.



Суулуу жерлерди сугат суу менен камсыз кылууда чарбалар аралык жана ички каналдарды куру, капиталдык оңдоо иштери жүргүзүлдү. Алсак, Кара-Тейит айылында Көк-Дөбө, Кара-Мык айылында Сугум, Жаш-Тилек айылында Кочкорчу, Чак айылында Балтырганды, Дароот-Коргон айылында Дара-Кызыл-Туу, Кызыл-Эшме айылында Теңизбай каналдары, Газ талаасын өздөштүрүү максатында узундугу 3,6 чакырымга барабар сметалык баасы 2445,5 миң сом болгон каналдын курулушу бүткөрүлүп, пайдаланууга берилди. Жаш-Тилек, Тараша, Кызыл-Туу, Ак-Суу, Шибе каналдары капиталдык ремонттон өткөрүлдү.

1992-жылы саламаттыкты сактоо тармагында 1 борбордук, 4 участкалык оорукана, 8 фельдшердик, акушердик пункт болгон. 2003-жылы Кыргыз Өкмөтүнүн медицина тармагын реформалоо иш чарасынын негизинде 4 филиалы менен аймактык оорукана жана 5 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу, 9 ФАП менен үй-бүлөлүк дарыгерлер борбору болуп кайра түзүлгөн. 2004-жылы Кулчу айылында эски имаратты толук капиталдык оңдоодон өткөрүү менен фельдшердик-акушердик пункт ачылган жана 2007-жылы Чулук айылына жаңы ФАПтын имараты курулуп пайдаланууга берилди.

Кашка-Суу айылында участкалык оорукананын имараты курулган.

Калкты медициналык жактан тейлөөнү жакшыртууда стационардык дарылоо бөлүмдөрүндө, алгачкы медициналык жардам көрсөткөн үй-бүлөлүк дарыгерлер топтору жана ФАПтар заманбап медициналык жана компьютердик жабдуулар менен камсыз болгон. Саламаттыкты сактоо тармагында жогорку квалификациялуу кадрлардын жетишсиздиги көйгөйлүү маселе бойдон калууда. Райондун климаттык катаал шарты, облустан алыстыгы кадрларды тартууга өзүнүн терс таасирин тийгизүүдө. Көрүлгөн иш-аракеттердин натыйжасында 2012-жылы 5 дарыгер ишке тартылып, учурда эмгектенүүдө.

1992-жылы 15 мектеп болсо, 2011-2012-окуу жылында 16 орто, 1 толук эмес орто мектептерде 6128 окуучу тарбияланып, аларда 670 мугалим эмгектенет. Ошондой эле, спорт мектеби,

балдардын чыгармачылык борбору, № 44 лицей жаш муундарга тарбия берүүдө. Алгачкы жылдары 50 орундуу 2 бала бакча иштеген болсо, бүгүнкү күндө 11 бала бакча иштейт. Аларда тарбияланган балдардын саны 707.

Билим берүү сапатын жакшыртуу максатында алгылыктуу иштер аткарылган. Дээрлик бардык мектептерде компьютердик класстар бар. Анын ичинен 10 мектеп акыркы муундагы компьютерлер менен камсыз болгон. Билим сапаты 46,2 пайызды түзүп, окуучулар 53,8 пайыз окуу куралдары менен камсыз болгон.

Райондук мамлекеттик администрациясынын, айыл өкмөттөрүнүн, жамааттардын колдоосу менен жана MSDSP KG коомдук фонду менен тыгыз иш алып баруунун натыйжасында мектепке чейинки балдарды тарбиялоо мекемелери зарыл болгон эмеректер, жабдуулар, көрсөтмө куралдар менен толук камсыз болгон.

20 жыл ичинде 7 мектеп: «Кыргызстан», «Кара-Кабак», З.Каримбеков атындагы, «Чулук», «Көк-Суу» орто мектептери, «Ак-Суу» жана «Шибе» орто мектептеринин кошумча окуу корпустары жаңыдан курулду.

Баса белгилей кете турган дагы бир жагдай, мектепке чейинки балдар мекемелерин куруу жана оңдоо жакшы колго алынган. Алсак, Дароот-Коргон айылында 75 орундуу «Келечек», 25 орундуу Имомидин атындагы, 25 орундуу Жайылма айылындагы, 30 орундуу Ачы-Суу айылында, 25 орундуу Жаш-Тилек, 30 орундуу Кызыл-Эшме, 30 орундуу Чак, 30 орундуу Жекенди, 30 орундуу Кара-Мык айылдарында балдар бакчалары курулуп пайдаланууга берилди. 2007-жылы Азия өнүктүрүү банкы тарабынан «Кыргызстан» орто мектебинин башталгыч класстар окуу корпусу, «Кашка-Суу» орто мектеби, Ж.Бөкөнбаев атындагы орто мектеби капиталдык оңдоодон өткөрүлдү. Жалпы суммасы 4811,9 миң сом.

Маданий объектилерди куруу да жакшы колго алынган. Дароот-Коргон айылында 400 орундуу маданият үйү, Кызыл-Эшме айылында 200 орундуу, Кара-Кабак айылында 200 орундуу



айылдык клуб курулуп, Ачы-Суу айылдык клубу толук капиталдык оңдоодон өткөрүлдү.

Райондун сырткы жүк жана жүргүнчү ташуу байланышы бир гана автотранспорт каражаты менен болгондуктан автомобиль жолдорунун райондун эли үчүн мааниси өтө чоң. Бирок, Эл аралык маанидеги Сары-Таш-Кара-Мык автомобиль жолу республиканын бардык аймактарындагы жолдор сыяктуу эле анча жакшы абалда болбосо да, 1995-1996-жылдары 95-чакырымында Кызыл-Суу дарыясына стратегиялык чоң мааниси бар көпүрө, 2006-жылы 92 чакырымында Кызыл-Суу дарыясына көпүрө курууга жетишилген. Учурда Азия өнүктүрүү банкынын каржылоосу менен аталган автомобиль жолун калыбына келтирүү иштери бүткөрүлүүдө.

Алгачкы мезгилде райондо 355 телефон номери болсо, азыркы мезгилде телефон номери 680ге жетип, дээрлик 1,9 эсеге өскөн. 20 жыл ичинде Кашка-Суу айылына 200, Ачы-Суу айылына 100, Чак айылына 200, Кара-Мык айылына 100 номерлүү АТС курулуп, пайдаланууга берилген. Интернет байланышы бүгүнкү күндө 77 абонентке жеткен. Эски аналогдук станциясы жаңы типтеги сандык станцияга алмаштырылып жатат. Ошондой эле Эл Кат ЖЧКсы тарабынан оптикалык волоконлук байланышы менен камсыз кылуу боюнча курулуш иштери аткарылууда. 2007-жылдын октябрь айынан баштап «Бител» компаниясынын, 2010-жылдан бери Мега Ком компаниясынын уюлдук телефон байланыш каражаттары ишке киргизилген. Учурда райондун аймагынын 70-80 пайызында уюлдук телефон иштеп жатат.

***Файзидин Мизамов,***
***Чоң-Алай райондук мамлекеттик администрациясынын аппарат жетекчиси***

# Чоң-Алай районундагы ыйык, кооз жерлер

Тоолору көк тиреген, абасы, суусу таза Чоң-Алай өрөөнүндө көргөн адамды суктантып, өзүнө тарткан көптөгөн кереметтүү кооз жайлар бар. Ошону менен бирге ата-бабаларыбыз эзелтен ыйык тутуп, кийинки муундарга мурас калтырган касиеттүү ыйык жайлар элибиздин дартына даба издеп зыярат кылуучу жерине айланып, кылымдар бою сакталып келе жатат.

## Ленин атындагы чоку



Ленин чокусу Кашка-Суу айылына жакын жерде Чоң-Алай кырка тоосунун борбордук бөлүгүндө жайгашкан. Бийиктиги 7134 метр. Бийиктиги боюнча КМШ өлкөлөрүндө үчүнчү, Кыргызстанда Жеңиш чокусунан кийинки экинчи орунда турат. Түндүгүнөн Корженевский, Ленин, Каман, түштүгүнөн Чоң жана Кичи-Суук-Дара мөңгүлөрү башталат. Чокуга биринчи болуп советтик альпинисттерден 1934-жылы В.Абалаков, К.Чернуха, И.Лукиндер чыгышкан. Чокуга жакын жерде лагердик база жайгашкан, жыл сайын альпинисттер, туристтер келишет.



## Дароот-Коргондогу Кул датка коргону



Дароот-Коргон айылында сакталып калган тарыхый коргон, 9 пакса дубалдан турат. Коргонду 1840-жылдары Кокон хандыгынын Чоң-Алай чөлкөмүндөгү башкаруучусу Кул датка салдырган. Коргондун дубалынын айрым жерлери 2012-жылдагы оор кышта урап калган.

## Эшен-Ата күмбөзү, зыярат жайы



Дароот-Коргон, Ачык-Суу, Жар-Башы айылдарынын орто ченинде жайгашкан зыярат кылуучу ыйык жер. Дөбөнүн чокусуна салынган күмбөзгө XIX кылымдын кийинки жарымы - XX кылымдын баш ченинде жашап өткөн Мадали калпа аттуу эшен, олуя инсан коюлган. Күмбөздү алгач эшендин өзүнүн осуяты боюнча чөл тараптан келген усталар курган. 1978-жылкы жер титирөөдө урап түшүп, 1979-жылы кайрадан курулган. Күмбөз турган дөбөнүн астында атайын зыяратчыларга курулган үй бар.

## Тамчы-Ата күмбөзү, зыярат жайы





Ачык-Суу айылынын жайлоолорунда жайгашкан ыйык, кооз, кереметтүү жер. Бийик капчыгайдын үстүндө күмбөз бар, бийик жардын жарым ченинен баштап 70 метрден ашуун узундуктагы 30-40 метр жардын бетинен суу тамчылап, агып түшүп турат. Дагы бир өзгөчөлүгү – күн тийип турган көпчүлүк учурда жардын бетинде асан-үсөн пайда болуп көрүнөт. Тамчы-Атадагы күмбөздүн тарыхы боюнча уламыштар да жокко эсе, ал эми бул жайды жергиликтүү тургундар астындагы суунун тамчылап аккандыгынан Тамчы-Ата деп аталып калса керек деп айтышат. Бул жерге көптөгөн адамдар келип зыярат кылып, ар кандай ооруларга шыпаа таап кетишет.



## Тулпар чапчы көлү, зыярат жайы



Кашка-Суу, Кара-Кабак айылдарынын ортосундагы Горумду жайлоосунда жайгашкан кооз, зыярат кылуучу жер. Түз талаанын ортосундагы кичинекей дөбөнүн үстүндө жайгашкан көлдүн суусу эч жагына агып чыкпайт, дайыма бир калыпта турат. Уламыштар боюнча өткөн доорлордун биринде бул аймактан өзү да, аты да суусап, чаңкап өтүп бараткан бир улуу адамдын астындагы тулпар аты ушул дөбөнүн үстүн чапчып жибергенде суу чыгып кеткен экен. Ошондуктан бул жер Тулпар чапчы деп аталып зыярат кылуучу жайга айланган. Көлдүн айланасы жергиликтүү тургундар тарабынан тосмолонуп, таза сакталат.

## Бахмур-Ата зыярат жайы



Дароот-Коргон, Жар-Башы айылдарына жакын жайгашкан ыйык жер. Уламыштар боюнча мындан көптөгөн кылымдар мурда жашаган Бахмур аттуу олуя, баатыр адам ушул чөлкөмдө жүрүп азыркы Бахмур-Ата деп аталган бийик дөбөгө көзү түшүп, кооздугун жактырып «сөөгүмдү ушул дөбөгө койгула» деп осуят кылган. Кийин Бахмур Мургаб жакта каза болуп, жан-жөкөрлөрү аны ушул дөбөнүн чокусуна алып келип коюшкан. Бийик дөңдүн үстүнө жайгашкан анын жайы зыярат кылуучу жерге айланган.



## Зындан



Кашка-Суу айылына жакын жайгашкан табышмактуу, кооз жер. 50-70 метр келген чуңкур жердин астынан үңкүр башталып, анын түбүнө кирип кетет. Үңкүрдүн астындагы жол канча аралыкка созулары белгисиз, ал жол менен 500 метрге чейин баргандар болгон. Жергиликтүү элдин айтымында, бир топ жүргөндөн кийин көл бар, суу агып турат. Эл оозунда үңкүрдүн астындагы жол Меккеге алып барат деген уламыш кеп айтылып келе жатат. Бул жерге да зыяратчылар барып, куран окуп, зыярат кылып кетишет.

**Бүркүт зоо** **Алипбай зоо**




Кашка-Суу айылына жакын жайгашкан бүркүт уялап, жердеген тоо. Тоонун айланасында бүркүт шаңшыганы угулуп, жаратылышка өзгөчө көрк берип турат. Эл арасында бул жерди байырлаган бүркүттөр жанаша жайгашкан Алипбай зоо аталган бийик тоодон кийиктерди жана башка жаныбарларды көтөрүп учуп, алып өтүп жем кылышат деп айтылып келет.

**Ичке-Суу коругу**



Жар-Башы айылына жакын жайгашкан кооз аймак, корукка алынган. Өргө карай кеткен узун жылгада мындан 40-50-жылдар мурда отургузулган карагайлар жана табигый өскөн арча, кайың сыяктуу дарактардын бир нече түрлөрү бар. Бул жер аймактын эң кооз, эс алуучулар көп келген көркөм жайы болуп эсептелет.




**Шаркыратма**



Жаш-Тилек айылынын жайлоолорунда жайгашкан кооз шаркыратма. Бийиктиги 30-40 метрге, жазылыгы 20-25 метрге жакын.

**Балык секирген жер**



Жаш-Тилек, Чак айылдарынан агып өткөн Көк-Суу суусунун баш жагында жайгашкан кооз жер. Бул жерден балыктар күз айларында икра таштоо үчүн суунун агымына каршы жогору карай сүзүп, шаркыратмадан секирип өтүшөт. Бул жерге келген эс алуучулар балык секирген учурда баш кийимин тосуп балык кармай алышат.

## Чоң-Алай районун 20 жылда башкарган жетекчилер

**Азимов Курбанали**

***(Чоң-Алай районунун 1992-1996-жылдардагы райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы)***

Азимов Курбанали 1949-жылы 30-октябрда Алай районунун Дароот-Коргон айылында туулган, билими жогорку, Фрунзедеги



политехникалык институтунун курулуш факультетин жана Алма-Атадагы политология жана башкаруу институтун бүтүргөн. Үй-бүлөлүү.

К. Азимов эмгек жолун 1972-1973-жылдары Алай районуна караштуу Чоң-Алай совхозунда курулуш боюнча мастер болуп иштөөдөн баштаган. 1973-1974-жылдары Алай райондук айыл чарба башкармалыгындагы капиталдык курулуш бөлүмүндө башкы инженер 1974-1975-жылдары Алай райондук колхоздор аралык курулуш мекемесинде (Алай МСО) пландоо-өндүрүштүк бөлүмүнүн начальниги, 1975-1979-жылдары Алай МСОдо башкы инженер, 1979-1982-жылдары Кыргыз Республикасынын айыл чарба министрлигинин Дароот-Коргон ПМКсынын начальниги, 1982-1984-жылдары Алай райондук аткаруу комитетинин төрагасынын биринчи орун басары, 1984-1987-жылдары Коммунисттик партиянын Ош облустук комитетинин курулуш бөлүмүндө инструктор, 1987-1989-жылдары Кыргызстан Коммунисттик партиясынын борбордук комитетинин курулуш жана шаардык чарба бөлүмүндө инструктор, 1989-1990-жылдары ККП БКнын социалдык экономикалык бөлүмүндө консультант, 1990-1991-жылдары ККП БК иш башкармасынын орун басары, 1991-1992-жылдары «Кыргызоргтехагрострой» трестинин башчысы болуп иштеген. Ал эми 1992-жылы жаңыдан уюшулган Чоң-Алай районунун мамлекеттик администрациясынын башчысы болуп дайындалып, 1996-жылга чейин иштеген. Андан кийин 1996-2001-жылдары «Ош-3000» башкы дирекциясынын башкы директору, 2002-2004-жылдары 2001-2010-жылдарда Ош шаарынын социалдык-экономикалык өнүктүрүү мамлекеттик программасын жүзөгө ашыруу боюнча Кыргыз Өкмөтүнүн алдындагы координациялык



кеңештин аткаруу дирекциясынын башкы директору, 2004-2006-жылдары «Азим» дыйкан чарбасынын жетекчисинин орун басары, 2006-2011-жылдары КРдин айыл, суу чарба жана кайра иштетүү өнөр жай министрлигинин алдындагы айылды суу менен камсыз кылуу департаметинин Ош облусу боюнча координатору, 2011-жылдан тартып бүгүнкү күнгө чейин Ош жана Жалал-Абад шаарларын калыбына келтирүү жана өнүктүрүү боюнча мамлекеттик дирекциянын башкармалыгынын начальниги болуп эмгектенип келе жатат. К.Азимов Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген куруучусу наамын жана Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасын алган.

**Төрөев Мамарасул Сакыевич**

***(Чоң-Алай районунун 1996-2000-жылдардагы райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы - аким)***

Төрөев Мамарасул 1959-жылы 25-декабрда Алай районунун Дароот-Коргон айылында туулган, билими жогорку, Кыргыз айыл



чарба институтунун ветеринардык факультетин жана Ош мамлекеттик университетинин юриспруденция факультетин бүтүргөн. Үй-бүлөлүү.

Эмгек жолун 1977-жылы Алай районунун Кашка-Суу совхозунда слесарь болуп иштөөдөн баштаган. 1983-1988-жылдары Кашка-Суу совхозунда башкы ветеринардык врач, 1988-1990-жылдары Кызыл-Суу совхозунда директор, 1990-1991-жылдары Кыргыз РКП Алай райондук комитетинин экинчи катчысы, 1991-1992-жылдары Сары-Могол совхозунда директор, 1992-1995-жылдары Чоң-Алай райондук айыл чарба башкармалыгында башчы, 1995-1996-жылдары Чоң-Алай райондук айыл чарба департаментинин директору, Чоң-Алай райондук мамлекеттик администрациясынын башчысынын орун басары болуп иштеген. 1996-жылдары Чоң-Алай райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы – аким болуп дайындалып, 2000-жылга чейин иштеген. Андан кийин, 2000-2002-жылдары Чаткал районунун акими, 2002-2004-жылдары Токтогул районунун акими, 2004-2005-жылдары Базар-Коргон

районунун акими, 2007-2008-ж.ж. токой чарбасын өнүктүрүү жана аңчылык ресурстарын тескөө боюнча Ош-Баткен аймактык башкармалыгында башчынын биринчи орун басары, 2009-2010-жылдары Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик ветеринардык департаментинде башкы директордун биринчи орун басары, башкы мамлекеттик ветеринардык инспектор, 2010-жылдан бүгүнкү күнгө чейин Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы республикалык ветеринардык диагностикалык борборунда башкы директор болуп эмгектенип келе жатат.

### Акиров Токтогул

***(Чоң-Алай районунун 2000-2004-жылдардагы райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким)***

Акиров Токтогул 1942-жылы 7-майда Чүй облусунун Чүй районунун Бурана айылында туулган, билими жогорку, Свердловдогу эл чарба институтунун гидрология факультетин бүтүргөн. Үй-бүлөлүү.



Эмгек жолун 1970-1971-жылдары Чүй СМУУда мастер болуп иштөөдөн баштаган. 1971-1977-жылдары Ала-Арча ПМКсында прораб, ага прораб, 1977-1983-жылдары Фрунзе СМУда прораб, ага прораб, 1983-1985-жылдары Чүй ПМКсында башкы инженер, начальник, 1985-1987-жылдары курулуп жаткан ишканалардын Аламүдүн бирикмесинде директор, 1987-1990-жылдары «Агрострой» АПК «Киргизия» бирикмесинде начальник, 1990-1993-ж.ж. «Киргизия» АПКнын капиталдык курулуштар боюнча Аламүдүн бирикмесинде начальник, 1993-жылы Аламүдүн райондук мамлекеттик администрациясынын башчысынын орун басары, 1993-2000-жылдары аталган райондун акиминин биринчи орун басары болуп эмгектенген. Ал эми 2000-жылы Чоң-Алай райондук мамлекеттик администрациясынын башчылыгына дайындалып, 2004-жылга чейин иштеген. Андан кийин 2004-2005-жылдары Ысык-Ата районунун акиминин биринчи орун басары, 2005-2007-жылдары Аксы райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы,



2007-2009-жылдары Кыргыз Республикасынын унаа жана коммуникациялар министрлигинин түштүк аймактагы өкүлү болуп иштеген.

Т. Акиров Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген курулушу, III класстагы мамлекеттик кеңешчи, персоналдык пенсионер. «Ош-3000», «Манас-1000», «Россия Федерациясынын 200 жылдыгы» медалдарынын ээси.

### Мурзабеков Абдимамат

***(Чоң-Алай районунун 2004-2008-жылдардагы райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы - аким)***

Мурзабеков Абдимамат 1954-жылы 1-январда Алай районунун Жекенди айылында туулган, билими жогорку, Фрунзедеги политехникалык институтунун инженер-курулуш факультетин бүтүргөн. Үй-бүлөлүү.



Эмгек жолун 1978-1980-жылдары Фрунзе шаарындагы «Кыргызжолтранс-долбоор» долбоорлоо институтунда инженер болуп иштөөдөн баштаган. 1980-1983-жылдары Ош шаарындагы «Памир тракты» автожол башкармалыгында техникалык көзөмөлдөө боюнча ага инженер, 1983-1985-жылдары Алай районундагы ДЭУ № 956 ишканасында начальник, 1985-1986-жылдары Алай районундагы СУ-957 ишканасында ага прораб, 1991-1995-жылдары Ош шаарындагы СУ-910 ишканасында начальник, 1995-2004-жылдары Ош шаарындагы «Ак Белес» АКсында төрага болуп эмгектенген. 2004-жылы Чоң-Алай райондук мамлекеттик администрациясынын башчылыгына дайындалып, 2008-жылга чейин иштеген. Андан кийин, 2008-2009-жылдары Сары-Таш-Эркеш-Там автожол башкармалыгында начальниктин орун басары, 2009-2010-жылдары Түштүк транспорттук коридору долбоорун ишке ашыруу боюнча группада инженер, 2010-жылдан бүгүнкү күнгө чейин Түштүк транспорттук коридору долбоорун ишке ашыруу боюнча группанын регионалдык координатору болуп иштеп келе жатат.

**Каримбеков Мукаш Зиямидинович**

***(Чоң-Алай районунун 2008-2010-жылдардагы райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы - аким)***

Каримбеков Мукаш 1967-жылы 19-майда Алай районунун Дароот-Коргон айылында туулган, билими жогорку, Кыргыз айыл



чарба институтунун зооинженердик факультетин жана Кыргыз мамлекеттик университетинин юриспруденция факультетин бүтүргөн. Үй-бүлөлүү.

Эмгек жолун 1984-жылы жаныбарлардын оорусуна каршы күрөшүү Алай станциясында ветеринардык фельдшер болуп иштөөдөн баштаган. 1992-1994-жылдары Кызыл-Суу совхозунда бөлүмдүн зоотехниги, 1995-1998-жылдары Ош облустук жер жана агрардык реформа боюнча борборунда жетектөөчү, башкы адис, бөлүм башчы, 1998-1999-жылдары Ош облустук мамлекеттик администрациясынын агро-суучарба комплекси жана азык-түлүк боюнча департаментинде начальниктин орун басары, 1999-2000-жылдары Ош облустук мамлекеттик администрациясында айыл чарбасы боюнча башкы адис, агрардык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысынын орун басары, 2000-2008-ж.ж. Ош облустук мамлекеттик ат майданынын директору болуп эмгектенген. 2008-жылы Чоң-Алай райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы болуп дайындалып, 2010-жылга чейин иштеген. 2010-жылдан тартып ТИК «Кайди» ЖЧКсынын Баткен облусу боюнча начальнигинин орун басары болуп иштеп келе жатат.



**Алайчиев Абдилазиз Саитович**

***(Чоң-Алай районунун 2010-2012-жылдардагы райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы- аким)***

Алайчиев Абдилазиз 1960-жылы 23-сентябрда Алай районунун Дароот-Коргон айылында туулган, билими жогорку,



Кыргыз айыл чарба институтунун зооинженердик факультетин бүтүргөн. Үй-бүлөлүү.

Эмгек жолун 1977-жылы жардамчы чабан болуп иштөөдөн баштаган. 1983-1988-жылдары Кашка-Суу совхозунда бөлүмдүн зоотехниги, 1988-1990-жылдары Кашка-Суу совхозунда башкы зоотехник, 1990-1991-жылдары Кызыл-Суу совхозунда башкы зоотехник, 1991-1992-жылдары Чоң-Алай совхозунда зоотехник-селекционер, 1992-1998-жылдары Чоң-Алай райондук айыл чарба департаментинде башкы зоотехник, 1998-2010-жылдары Чоң-Алай айылдык кеңеш кызматында консультант, координатор болуп иштеген. 2010-жылы Чоң-Алай райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-акимдин милдетин аткаруучу болуп дайындалып, 2012-жылга чейин иштеген. 2012-жылдан тартып ТИК «Кайди» ЖЧКсында тышкы байланыштар боюнча директордун орун басары болуп иштеп келе жатат.

**Аширалиев Абдилазиз Кутмаматович**

*(Чоң-Алай райондун райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы аким болуп 2012-жылдын февраль айынан бери иштеп келе жатат)*

Аширалиев Абдилазиз 1960-жылы 20-августта Алай районунун Дароот-Коргон айылында туулган, билими жогорку,



Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун филология факультетин бүтүргөн. Үй-бүлөлүү.

Эмгек жолун 1977-жылы Кашка-Суу совхозунда жумушчу болуп иштөөдөн баштаган. 1982-жылы №44 айылдык кесиптик техникалык окуу жайында мугалим, 1984-1985-жылдары №44 кесипчилик-техникалык окуу жайында окуу бөлүмүнүн башчысы, 1985-1991-жылдары аталган окуу жайында окуу-өндүрүштүк иштери боюнча директордун орун басары, 1991-1992-жылдары аталган окуу жайында окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары, 1992-1993-жылдары Чоң-Алай райондук мамлекеттик администрациясында жалпы бөлүмдүн башчысы, 1993-1996-жылдары Чоң-Алай райондук мамлекеттик администрациясынын аппарат жетекчиси, 1996-2007-жылдары Чоң-Алай райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы, 2007-2008-жылдары Ош облустук мамлекеттик администрациясынын билим, маданият, жаштар саясаты жана спорт бөлүмүнүн башчысы, 2008-2012-жылдары Чоң-Алай райондук мамлекеттик администрациясынын башчысынын орун басары болуп иштеген. 2012-жылдын февраль айынан тартып Чоң-Алай райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким болуп иштеп келе жатат.



## Чоң-Алай районунан чыккан белгилүү инсандар жана илимпоздор

Чоң-Алай жергеси азыркы мамлекет, мыйзам түшүнүктөрү жок олку-солку абалдагы өткөн доорлордо да караңгыдан жол таап, эл жүгүн көтөргөн, өз эл-жеринин тиреги болгон чыгаан инсандардан, муундан-муунга өтүп келе жаткан ата-баба мурастарын баалап, сактап, өркүндөткөн чыгармачыл инсандардан куру кол болгон эмес. Андан кийин советтик доордо да Чоң-Алай эли ар кайсы тармактар боюнча өз мекенине кызмат өтөп, алдыңкы катарда жүргөн уул-кыздары менен сыймыктанып келди. Мындай инсандарыбыздын саны эгемендүүлүк жылдарында бир топ арбыды десек жаңылыштык болбойт.

Анткени бүгүн, Чоң-Алай эли кыргыз илимпоздорунун көч башында келе жаткан, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин эки жолку төрагасы, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер Академиясынын Президенти, академик Эркебаев Абдыганы Эркебаевич, мурунку унаа жана байланыш министри, Жогорку Кеңештин депутаты Сулайманов Нурлан Чолпонбаевич, прокуратура тармагында жогорку тепкичтерде иштеген, Кыргыз Респуликасынын Башкы прокурорунун биринчи орун басарына чейин жеткен Бактыбаев Рыскул Гыламидинович, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук Университетинин тарых жана аймактаануу факультетинин деканы, доцент Жумабаев Бектемир Миталипович, легендарлуу парламенттин депутаты маркум Шарап Эгембердиев жана ар кандай жогорку, жооптуу кызматтарда иштеп келе жаткан Мамарасул Төрөев, Курбанали Азимов, жалпы Орто Азия чөлкөмүнө таанымал дин аалымы Молдо Камил Абжапаров, чыгармачылык чөйрөдө акын Садык Гавай, жазуучу, публицист Муса Сапаев, ак тандай акын Абдубали Акимбеков, журналисттер Сакы Садыков, маркум Эркин Кожогелдиев ж.б. сыяктуу жалпы кыргыз элине таанымал уулдары менен сыймыктанып келет.

Мындан сырткары дээрлик бардык тармактарда ийгиликке жетип, башкаруучулук кызматтарда иштеген, илим чөйрөсүндө илимдин кандидаттыгын жактап, эл аралык уюмдарда эмгектенген, чет өлкөлөрдө билимин жогорулатып, иштеп жүргөн жаштардын саны арбып баратканы кубанарлык көрүнүш.

## Эркебаев Абдыганы Эркебаевич



А.Эркебаев 1953-жылы 1-сентябрда Чоң-Алай районунун Кара-Тейит айылында туулган.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты, эки жолу Жогорку Кеңештин төрагасы, 1998-1999-жылдары Россия, Белоруссия, Казакстан жана Кыргызстан парламенттер аралык комитетинин төрагасы болуп иштеген. Учурда Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер Академиясынын Президенти болуп эмгектенет.

Филология илимдеринин доктору, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер Академиясынын академиги. Сегиз китептин, жүз элүүдөн ашуун илимий макалалардын, рецензиялардын автору. Кыргыз Республикасынын жана чет өлкөлөрдүн бир нече сыйлыктарынын ээси.

Үй-бүлөлүү, 2 уул, 1 кызы бар.

## Сулайманов Нурлан Чолпонбаевич



Н.Сулайманов 1958-жылы 17-декабрда Чоң-Алай районунун Дароот-Коргон айылында туулган. Кыргыз Рсепубликасынын Унаа жана байланыш министри болуп иштеген. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин V чакырылышынын депутаты.

2002-жылы «Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген куруучусу» наамын алып, 2009-жылы «Даңк» медалы менен сыйланган.

Үй-бүлөлүү, 4 баласы бар.



## Бактыбаев Рыскул Гыламидинович



Р.Бактыбаев 1964-жылы Чоң-Алай районунун Чак айылында туулган. Көп жылдар бою прокуратура тармагында Ош шаарынын, Жалал-Абад, Баткен облустарынын прокурору, Кыргыз Республикасынын Башкы прокурорунун түштүк аймагы боюнча орун басары, андан кийин Кыргыз Республикасынын Башкы прокурорунун биринчи орун басары болуп эмгектенген. Юстициянын I класстагы кеңешчиси.

Үй-бүлөлүү, 2 баласы бар.

## Жумабаев Бектемир Миталипович



Б.Жумабаев 1960-жылы Чоң-Алай районунун Дароот-Коргон айылында туулган. Тарых илимдеринин доктору, доцент. Жогорку Кеңеште ар кандай кызматтарда, И. Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик Педагогикалык Университетинин чыгыш тилдери жана маданияты институтунун директору болуп иштеген, учурда Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук Университетинин тарых жана аймактаануу факультетинин деканы болуп эмгектенет.

Монография, брошюра, 40тан ашуун илимий-публицистикалык макалалардын автору. Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн отличниги. «Наймал ордо» коомдук фондунун президенти.

Үй-бүлөлүү, 1 уул, 2 кызы бар.

## Токтобеков Мураталы Токтобекович



М.Токтобеков 1958-жылы Чоң-Алай районунун Дароот-Коргон айылында туулган. Кандидаттык диссертациясын космикалык изилдөөлөргө арналган атайын темада коргогон. 1996-жылы Кыргыз Республикасынын Инженердик Академиясынын мүчө-корреспонденти болуп шайланган.

Кыргыз Республикасынын Илимдер Академиясынын түштүк окуу-илимий борборунда илимий катчы, Ош технологиялык колледжинин кафедрасынын доценти, Кыргыз-өзбек университетинде декан жана проректор болуп иштеген. 1997-жылдан «Кыргызстан аба жолдору» авиакомпаниясында бөлүм башчы, башкаруучу директор, компаниянын Бириккен Араб Эмираттарындагы, Германиядагы башкы өкүлү, 2008-жылдан тартып Кыргыз Республикасынын Унаа жана байланыш министрлигинин алдындагы жарандык авиация агенттигинин директорунун орун басары болуп иштейт.

Үй-бүлөлүү.

## Халилов Абдыганы Дарманбекович



А.Халилов 1956-жылы 1-октябрда Чоң-Алай районундагы Кара-Мык айылында туулган. Кыргыз мамлекеттик университетинин журналистика кафедрасында мугалим болуп 32 жылдан бери эмгектенет. «Кыргызстандагы журнал периодикасы: тарыхы жана өнүгүү этаптары» деген темада диссертациясын жактап, Европа стандартындагы «журналистиканын доктору» деген илимий даражага ээ болгон. Учурда Кыргыз Улуттук университетинин доценти. КУУда 1999-2007-жылдары кафедара башчысы, ал эми 2007-жылдан бүгүнкү күнгө дейре журналистика факультетинин деканы болуп эмгектенип келүүдө.

Үй-бүлөлүү, 1 уул, 2 кызы бар.



## Муратов Жанибек Кудайбакович



Ж.Муратов 1966-жылы 6-январда Чоң-Алай районунун Дароот-Коргон айылында туулган. Медицина илимдеринин кандидаты.

ОшМУнун медицина факультетинде ага окутуучу, факультеттин контракттык жана чет элдик студенттер боюнча декандын орун басары, Кыргыз-өзбек университетинин медицина факультетинин деканы болуп иштеген. 2006-жылдан баштап ОшМУнун медициналык факультетинде Биохимия, патофизиология жана фармакология кафедрасынын доценти. 2009-жылдан баштап ОшМУнун дипломдон кийинки медициналык билим берүү факультетинин деканы болуп иштөөдө.

Үй-бүлөлүү, 4 уулу бар.

## Маматкаимов Акматбек Абибиллаевич



А.Маматкаимов 1970-жылы Алай районунун Дароот-Коргон айылында туулган. Тарых илимдеринин кандидаты.

2001-жылы Кыргыз Мамлекеттик Улуттук илимдер академиясынын тарых институтунун аспирантурасын аяктап, 2005-жылдары И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик Педагогикалык Университетинин чыгыш тилдер жана маданияты институтунда мугалим жана ар кандай кызматтарында эмгектенген. 2004-жылдан тартып «Еврогипс» компаниясын негиздеп, жеке ишкердик менен алектенүүдө.

30дан ашуун тарыхый жана илимий эмгектердин, «Кыргызстандын жеңил өнөр жайы» деген монографиялык китептин автору.

Үй-бүлөлүү, 3 уул, 1 кызы бар.

**Кожобеков Кудайберди Гапаралиевич**



К.Кожобеков 1975-жылы 30-декабрда Чоң-Алай районуна караштуу Кара-Тейит айылында туулган. Физика-математика илимдеринин кандидаты.

Ош мамлекеттик университетинин Колдонмо математика жана информатика кафедрасында окутуучу, 2002-жылдан Компьютердик технологиялар факультетинин деканынын сырттан окуу боюнча орун басары, Прикладдык жана компьютердик математика кафедрасынын улук окутуучусу, 2008-2011-жылдары Математика жана информациялык технологиялар факультетинин деканынын окуу иштери боюнча орун басары, 2011-жылдан бери ОшМУнун окуу-информациялык департаментинин директору, программалоо кафедрасынын доценти болуп эмгектенүүдө. Көптөгөн эл аралык жана республикалык конференцияларга катышып, докладдарды жасаган (Ташкент, 2004-ж., Алматы, 2006-ж). ОшМУнун, Ош шаарынын мэриясынын ардак грамоталары менен сыйланган.

Үй-бүлөлүү.

**Абазбек уулу Расул**



Абазбек уулу Расул 1979-жылы 2-ноябрда Чоң-Алай районунун Ачы-Суу айылында туулган. Саясат таануу илимдеринин кандидаты.

Ош гуманитардык-педагогикалык институтунда окутуучу, Жаштар комитетинин төрагасы, ректордун жардамчысы, 2003-жылдан ушул күнгө чейин Ош мамлекеттик университетинин эл аралык мамилелер факультетинин эл аралык мамилелер кафедрасынын окутуучусу, факультеттин профсоюз уюмунун төрагасы, декандын тарбия, илимий иштери боюнча орун басары болуп эмгектенип келет. Ошондой эле 2006-жылдан тарта “Фергана өрөөнүндө тынч өнүгүү” коомдук фондунун аткаруучу директору болуп иштөөдө.

ОшМУнун 2009-жылдагы эң мыкты лектору деп бааланган жана ОшМУнун Ардак Грамотасы менен сыйланган.

Үй-бүлөлүү.



**Раимкулов Курсанбек Мамасалиевич**



К.Раимкулов 1976-жылы Чоң-Алай районунун Дароот-Коргон айылында туулган. Биология илимдеринин кандидаты.

Бишкек шаарынын санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борбору, Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо тармагынын санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө Департаментинде иштеген. Учурда Эл аралык глобалдык фондунун долбоорунда башкы адис болуп эмгектенет.

Үй-бүлөлүү, 1 уул, 3 кызы бар.

**Сыдыков Абдыкаар Токтобекович – учкуч**



Сыдыков Абдыкаар 1959-жылы 27-октябрда Дароот-Коргон айылында туулган. Чоң-Алай районунан чыккан алгачкы кесипкөй, белгилүү учкуч.

Ленинграддан авиация окуу жайын бүткөндөн кийин он беш жылдан ашуун мезгил Ош аэропортунда ар кандай жетекчилик кызматтарда иштеп турган. Ошол учурда Дароот-Коргондогу Чоң-Алай аэропортунун, Дароот-Коргон – Жерге-Тал-Ош чартердик, Дароот-Коргон – Ош – Бишкек каттамдарынын ачылышын негиздеген. Учурда Америка Кошмо штаттарында жашайт.

Үй-бүлөлүү, 2 уул, 1 кызы бар.

## Чоң-Алай райондук мамлекеттик администрациясы

Чоң-Алай райондук мамлекеттик администрациясы Чоң-Алай районундагы башкаруучу, көзөмөлдөөчү мекеме болуп саналат. Район түзүлгөн күндөн баштап ишке киришкен. Чоң-Алай райондук мамлекеттик администрациясынын аппаратында учурда 24 кызматкер эмгектенет.

### Тагаев Ысмаил Орозбаевич



Тагаев Ысмаил 1963-жылы 1-мартта Алай районунун Дароот-Коргон айылында туулган. Билими жогорку, Кыргыз айыл чарба институтун аяктаган.

2008-жылдан тартып Чоң-Алай райондук мамлекеттик администрациясынын башчысынын биринчи орун басары болуп иштеп келе жатат.

Үй-бүлөлүү, 2 уул, 2 кызы бар.

### Туйгунова Саадат Насердиновна



Туйгунова Саадат 1969-жылы 20-июлда Алай районунун Дароот-Коргон айылында туулган. Билими жогорку, Кыргыз Мамлекеттик Университетинин экономика факультетин бүтүргөн.

2012-жылдын июнь айынан тартып Чоң-Алай райондук мамлекеттик администрациясынын башчысынын орун басары болуп иштеп келе жатат.

Райондук мамлекеттик муниципалдык жана тейлөө кызматкерлеринин профсоюз уюмунун төрайымы. Ош облустук мамлекеттик администрациясынын Ардак Грамотасы менен сыйланган.

Үй-бүлөлүү, 1 уул, 2 кызы бар.



### Мизамов Файзидин



Мизамов Файзидин 1960-жылы 20-майда Алай районунун Кара-Тейит айылында туулган. Билими жогорку, Фрунзедеги политехникалык институттун инженер-курулуш факультетин бүтүргөн.

2007-жылдан баштап Чоң-Алай райондук мамлекеттик администрациясынын аппарат жетекчиси болуп эмгектенип келе жатат. Кыргыз Республикасынын Ардак Грамотасы менен сыйланган.

Үй-бүлөлүү.

## Депутаттардын Чоң-Алай райондук кеңеши



Депутаттардын Чоң-Алай райондук кеңеши 1992-жылы түзүлгөн. Райондук кеңештин биринчи төрагасы болуп депутаттардын көпчүлүк добушу менен Мааткеримов Пайзилда шайланган. Андан кийин төрага болуп 2-чакырылышта Нуруллаев Авазбек, 2006-2008-жылдары Кенжебаев Икрамидин иштеген. 2008-жылдын 15-октябрынан тартып Молдоболотов Данияр төрагалык милдетти аркалап келе жатат. Депутаттардын Чоң-Алай райондук кеңешинде 25 депутат бар.

**Молдоболотов Данияр Абибиллаевич** 1969-жылы 27-июлда Чоң-Алай районунун Дароот-Коргон айылында туулган. Жогорку билимдүү, Ош мамлекеттик университетинин Бизнес жана менеджмент факультетин аяктаган.

Үй-бүлөлүү, 2 уул, 3 кызы бар.

# Чоң-Алай районундагы айылдык округдар

## Чоң-Алай айылдык округу

Чоң-Алай өрөөнүндө 1931-жылы Жайлоо кеңеши түзүлүп, 1936-жылга чейин иштеген. 1936-жылы Чоң-Алай аймагы өзүнчө район болуп уюшулуп, ушул эле жылы Чоң-Алай айылдык кеңеши да түзүлгөн. Ал эми 1996-жылы 28-майда Чоң-Алай айыл өкмөтү түзүлгөн.

Айыл округунда Дароот-Коргон, Жар-Башы, Чак, Жаш-Тилек, Кызыл-Эшме, Кулчу, Кара-Шыбак, Жаман-Жар айылдары жайланышкан. Жалпы аянты 181,3 миң чарчы метр, жалпы айдоо жер аянты 4323 га.

Калкынын саны: 1992-жылы 7659 болсо, 2012-жылы 12811 адамды түздү.

Айыл округунун аймагындагы бардык тармактардагы салыштыруулар 20 жыл ичинде көптөгөн өсүштөр, өнүгүүлөр болгонун далилдеп турат. Мисалга, Чоң-Алай айылдык кеңешинин бюджети 1992-жылы 3,2 миң сом болсо, 2012-жылы бюджет 81 755,6 миң сомго бекитилген. Өнөр жай продукциясынын көлөмү 1992-жылы 48 миң сомду, ал эми 2012-жылы 3 905 500 сомду түзгөн. Чекене товар жүгүртүүнүн көлөмү 1992-жылы 115 миң сомду түзгөн, ал эми 2012-жылы 111944,1 миң сомго жетип, салыштырмалуу 973 эсеге көбөйгөн. Капиталдык курулуштарды аткарууга жумшалган сумма 20 жыл ичинде 300 эсеге жогорулаган. Мындан тышкары айыл чарба, мал чарба, жүк ташуу, сүт, жүн өндүрүү, талаачылык тармактарында да өзгөрүүлөр, алдыга жылуулар болгон.

Учурда айыл округ аймагында 316 дыйкан чарба (1992-ж. 23 дыйкан чарба болгон), 2 кооператив бар. Айыл округдун аймагындагы 6 орто, 1 толук эмес орто мектепте 2856 окуучу окуп, 263 мугалим эмгектенет. 1 оорукана 7 ФАП бар, дарыгерлердин саны - 15.

Чоң-Алай айыл округунда жалпы 2012-жылга карата 1727 пенсионер бар жана 703 үй-бүлөгө жөлөк пул дайындалган. Жөлөк пул орточо эсеп менен ар бир балага 357 сомду түзөт.

Айыл округду 1931-1936-жылдары Жолоев (Жайлоо кеңеши), 1937-жылдан тартып Байымбетов Кадыр (Чоң-Алай селолук кеңеши), 1940-жылдан Каримов Жолдубай (Чоң-Алай селолук



кеңеши), 1941-жылдан Бакиров Эсенбай (Чоң-Алай селолук кеңеши), 1943-жылдан Мамытов Ынакбай (Чоң-Алай селолук кеңеши), 1955-жылдан Садыков Жээнбай (Чак селолук кеңеши), 1956-жылдан Боронбаев Чалан (Чак селолук кеңеши), 1958-жылдан Жээнбаев Калил (Чак селолук кеңеши), 1959-жылдан Алайчиев Сайит (Чоң-Алай селолук кеңеши), 1969-жылдан Мурзаев Буркан (Чоң-Алай селолук кеңеши), 1983-жылдан Туйгунов Насердин (Чоң-Алай селолук кеңеши), 1989-жылдан Сарытаев Абдыкайым (Чоң-Алай селолук кеңеши), 1993-жылдан Туйгунов Насердин (Чоң-Алай айылдык кеңеши), 1999-жылдан 2006-жылга чейин Темирбедиев Абдылда (Чоң-Алай айыл өкмөтү) башкарып келишкен. 2006-жылдан баштап округ башчысы болуп Жапаров Жумадилла иштеп келе жатат.



**Жапаров Жумадилла Курсанбаевич** 1971-жылы 17-июлда Дароот-Коргон айылында туулган. Билими жогорку, Бишкектеги К.И.Скрябин атындагы айыл чарба институтунун агрономия факультетин аяктаган.

Үй-бүлөлүү, 5 уулу бар.

## Кашка-Суу айылдык округу

Кашка-Суу айылдык округу климаттык шарты катаал, деңиз деңгээлинен 2860 метр бийиктикте жайгашкан, мал чарбачылыгына жана туризмге ыңгайлуу аймак. Жалпы аянты 213714 га. Айыл округ райондун борборунан 45 чакырым, облустун борборунан 265 чакырым алыстыкта жайгашкан. Кашка-Суу айылдык округуна Кашка-Суу, Ачык-Суу, Кабык, Жайылма, Кара-Кабак, Бурган-Суу айылдары карайт. Калкынын саны – 7854 киши. Негизинен буудай, арпа, картошка өстүрүлөт. Жер ресурстарынан алтын жана көмүр кендери бар.

Кашка-Суу айылдык округунун аймагында бийиктиги 7134 метр болгон Ленин чокусу жайгашкан. Туристтерди кабыл алуу мезгили 3 айга созулуп, 8 туристтик фирма тейлөө иштин аткарышат.

Айылдык округдун аймагында 5 орто мектеп, 2 оорукана, 3 ФАП, 3 бала бакча, 1 спорт комплекси, 2 маданий комплекс орун алган. Сабаттуулуктун деңгээли 99,8 %ды түзөт.

Депутаттардын Кашка-Суу айылдык кеңеши 1976-жылы түзүлгөн. Кеңештин төрагасы кызматында 1992-жылга чейин Нажиев Абдилазиз, Матраимов Исраил, Сапаралиев Туратбек, Шарипов Шамамат, Сариева Райла, 1992-жылдан тартып Бакиров Жаңыбай, Орозалиев Өсөр, Жакыпов Исак, Кыпчакбаев Зиябидин, Андаров Кутбидин, Айсабеков Маматзия иштеген. Бул жетекчилер 1990-2008-жылдар ичинде Кашка-Суу айылдык кеңешинин төрагасы жана айыл өкмөтүнүн башчысынын милдетин аткарып келишкен. Ал эми 2008-2010-жылдары Рахманов Айтмамат, 2010-2012-жылдары Турдалиев Кудрет, 2012-жылдын январь айынан тартып Тагайкулов Мукаш айылдык кеңештин төрагасы жана 2009-жылдын апрелинен тартып Баатыркулов Акмат айылдык округдун башчысы болуп эмгектенип жатышат.

1968-жылдан 1973-жылга чейин Кашка-Суу МЖСи, 1973-жылдан Кашка-Суу совхозу, 1976-жылдан Кашка-Суу асыл тукум кой заводу болуп 1995-жылы таркатылган. Чарбаны 1973-1988 жана 1990-1995-жылдары Егембердиев Шарап жетектеген. Ошондой эле азыркы Кабык айылында жайгашкан Алай МЖСинде Ташполотов Бегали, Бурканов Рахман, Ачык-Суу айылында жайгашкан Кызыл-Суу совхозунда Каримбеков Зиямидин, Төрөев Мамарасул, Жакыпов Турдумамат директор болуп иштешкен.



Учурда Кашка-Суу айылдык округунун аппаратында жалпы 21 кызматкер эмгектенет.

**Батыркулов Акмат Мурзабекович** 1959-жылы 14-декабрда Кашка-Суу айылында туулган. Билими атайын орто, Жалал-Абаддагы зооветеринардык техникумду аяктаган. Райондук, айылдык кеңештердин депутаттыгына шайланган.

Үй-бүлөлүү, 4 уул, 2 кызы бар.



**Жекенди айылдык округу**

Жекенди айылдык округу райондун борборунан 45 чакырым алыстыкта деңиз деңгээлинен 2500 метр бийиктикте жайгашкан. Түштүк-батыш тарабынан Тажик Республикасы, түндүк жагынан Баткен облусу менен чектешет. Жалпы аянты 90723 га.

Жекенди алгач 1938-жылы айылдык кеңеш болуп түзүлгөн. Айылдык округда беш айыл: Кара-Мык, Кара-Тейит, Жекенди, Чулук, Шибе жайгашкан. Калкынын саны 7268 киши.

Айылдык округда 5 орто мектеп, 2 бала бакча, 2 айылдык оорукана, 3 ФАП, 1 байланыш бөлүмү, 1 маданият үйү, 4 айылдык китепкана, 2 ветсервис, 2 ветаптека бар.

Соңку 20 жыл ичинде айылдык округда Чулук айылына статус берилди, С.Осмонов атындагы мектеп ашар жолу менен бүткөрүлдү, Кара-Тейит, Чулук, Шибе айылдарында ФАП, Кара-Мык, Жекенди айылдарында бала бакча, "Кыргызстан" орто мектебине жаңы имарат, Ак-Суу, Ташбек уулу Гапар атындагы орто мектептерге кошумча имараттар, чек ара коргоочуларынын имараттары курулуп элге кызмат өтөөдө. Жекенди, Чулук айылдары таза суу менен толук камсыз болгон.



Район түптөлгөндөн бери айыл округду Маматов Камал, Маширапов Жалалидин, Амирбеков Зуур, Жоробаев Шаабидин башкарып келишкен. 2009-жылдын декабрь айынан тартып Анапияев Шермамат айыл округ башчысы болуп эмгектенип келе жатат.

**Анапияев Шермамат Маматаминович** 1976-жылдын 25-апрелинде Чоң-Алай районунун Жекенди айылында туулган. Билими жогорку, Ош педагогикалык гуманитардык институтун аяктаган.

Үй-бүлөлүү, 2 уул, 1 кызы бар.

# Райондун экономикалык өсүү абалы

## Мал чарбачылыгы

Чоң-Алай району мал киндиктүү жерде жайгашкандыктан дыйкан, фермерлерибиз ири мүйүздүү малдын жана кой-эчкинин башын жылдан жылга өстүрүүдө. 2012-жылдын 1-январына ири мүйүздүү малдын башы район боюнча 13722 башка, кой-эчки 81639 башка жеткен. Ал эми топоз 628 баш, жылкы 3987 баш болгон. Айылдык округдар боюнча алганда Чоң-Алай айылдык округунда 5485 ири мүйүздүү мал, 32839 баш кой-эчки, 1307 баш жылкы, Кашка-Суу айылдык округунда 4225 ири мүйүздүү мал, 25886 баш кой-эчки, 1786 баш жылкы, Жекенди айылдык округунда 4212 баш ири мүйүздүү мал, 22914 баш кой-эчки, 985 жылкы бар.

Мал чарбачылыгын өнүктүрүүдө өз салымын кошкон фермерлерибиз өндөп саналат. Мисалга: Чоң-Алай айылдык округунун Кызыл-Эшме айылынын тургуну Кыргыз Республикасынын Президентинин Ардак грамотасынын ээси, жаш фермер Раимбердиев Жанибектин ушул кезде 600 башка жакын Алай породасындагы кою бар. Мүлк үлүшү катары алган короо сарайы чабандык үйү менен Кара-Өтөк участкасында жайгашкан. Кашка-Суу айылдык округунда мурда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты болгон, бүгүнкү күндө эмгектин ардагери Сатыбалдиев Мамат балдары менен 370 баш Алай породасындагы койлорду багууда. Жекенди айылдык округунун Кара-Тейит айылынын фермерлери Нышанов Муса, Ашимов Асан, Шаңкаев Каныбек жана Нуруллаев Мырзалар бүгүнкү күндө гиссары породасындагы койлорду өнүктүрүштү. Ушул аты аталган фермерлердин алдыңкыларында 1000 башка жеткен койлору бар.

Топоз малы биздин шартка өтө ыңгайлуу болгондуктан Чоң-Алай айылдык округуна караштуу Жар-Башы айылынын тургуну Патаев Эшмамат тубар топоздун башын 150гө жеткизип, айылда топозчулардын ассоциациясын түзүп жатат. Кашка–Суу айылдык округуна караштуу Ачык-Суу айылынын тургуну А. Мананов тубар топозду 90 башка жеткизди. Бүгүнкү күндө эмгек ардагерлерибиз малдын башын дагы өстүрүүдө балдарына баш-көз болуп короо-сарайларды курууга өз жардамдарын берип жатышат. Атап айтканда Кашка-Суу айылдык округунун эмгек ардагери Бакиров Жаңыбай Газ талаасына 400 баш кой-эчкиге ылайыкталган жаңы короо-сарайдын курулушун аяктап калды.



## Талаачылыгы

Негизинен биздин райондун төмөнкү зонасында арпа, буудай толук бышат. Ошондуктан талаачылыкты эң жакшы өздөштүргөн дыйкандарыбыз жүздөп саналат. Чоң-Алай айылдык округунун Жаш-Тилек айылынын тургуну, эмгек ардагери Темирбаев Момунбай арпанын 1 гектарынан 2500 кило, ал эми буудайдын 1 гектарынан 2800 кило түшүм алууга жетишкен.

Картошка өндүрүү бүгүнкү күндүн жашоосунун экономикалык негизги көрсөткүчтөрүнүн бири болуп калды. Жылына район боюнча 987 гектар аянтка картошка эгилет. Картошка өндүрүүгө дыйкандарыбыз өтө күчтүү аракеттерди жасашат. Чоң-Алай айылдык округуна караштуу Өргө-Таш үрөнчүлүк кооперативинин башчысы Саитов Айтмамат 1 гектар картошка аянтынан 18-20 тонна түшүм алууга жетишкен.

Акыркы жылдары жашылча өндүрүү да колго алына баштады. Ага Хан коомдук фондусу, Компаньон чакан кредиттөө компаниясы аркылуу капуста, помидор өндүрүү жакшы жолго коюлган. Бул аракеттер төмөнкү зонада жакшы жыйынтыктарды берип Маширапов Шарабидин менен Султанов Исматтар эң таза, даамдуу капуста, помидорлорду базарларда сатууга жетишити.

## Техникалык көрсөткүчтөр

Акыркы 3 жылда дыйкандар 40ка жакын ар түрдүү ат күчүндөгү тракторлорду алууга жетишишти. Негизинен тракторлор Кытай жана Белоруссия өлкөлөрүнөн алынат. Ушул эле жылдын сентябрь айында 2 МТЗ-80-82 маркасындагы тракторлорун Жар-Башы айылынан Данияров Ашим, Кашка-Суу айылынан Кааров Төлөн алып келишти. Бул тракторлорго алдын ала 300 миң сом төлөнүп, калган суммасы 7 жылдык мөөнөткө 9 пайыздык үстөк менен насыяга калтырылды. Айыл чарба машиналарын техника менен иштеген дыйкандар накталай акчасына сатып келип жатышат.

**Автомобилдик жүк ташуу**

Бүгүнкү күндө Чоң-Алай районуна караштуу жол дүйнөнүн бардык бурчунан келген жүктөрдү өткөрүп жатат. Жүк ташууда жергиликтүү калктан чыккан айдоочулар жетиштүү. Ар түрдүү маркадагы заманбап техникалар менен жүк ташылууда. Мисалга: өздүк автомашиналары менен Өмүрзаков Нуридин, Сулайманов Медер, Бакыбеков Кудайназар, Аширбаев Сулайман ж.б. жүк ташуу иштерин аткарышууда.

**Соода тармагы**

Акыркы жылдары элибиз базар экономикасына акырындап ыңгайлашып баратканы байкалат. Кара-Мык, Дароот-Коргон, Кашка-Суу айылдарында жумасына бир жолу жайма базар жана мал базар болуп турат. Соода тармагынын өнүгүшү менен райондун аймагында Эсенбаев Базарбай, Маматаипов Абдималик, Саматов Зиябидин сыяктуу ири бизнесмендер өсүп чыгышты. Ошол эле учурда өлкөбүздүн башка аймактарында, чет өлкөлөрдө да бизнес айдыңында жүргөн жердештерибиз аз эмес.

*Мааткеримов Пайзилда,*
*райондук агрардык өнүгүү*
*башкармалыгынын кызматкери*



## Чоң-Алай районундагы мекеме-ишканалардын түптөлүү таржымалы, бүгүнкү абалы жана андагы жетекчилер


**Чоң-Алай райондук соту**

Чоң-Алай району кайрадан район болуп түзүлгөн 1992-жылдан баштап Чоң-Алай райондук соту иштей баштаган. Ага чейин райондун эли сот тармагына тиешелүү иштерин чечүү үчүн Гүлчө айылына барып кайрылып турушкан.

Мекеме жаңы түзүлгөн учурда райондук соттун төрагасы болуп Бектанов Түгөлбай Акматалиевич дайындалып 1996-жылга чейин иштеген. Андан кийин райондук соттун төрагасы болуп 1997-2000-жылдары Шайиев Махамад Орозбаевич, 2000-2002-жылдары Нармырзаев Алтынбек Эргешович, 2003-2005-жылдары Адыл уулу Улан иштеп келишкен. Ал эми 2006-жылдын 30-майынан тартып Батырбеков Жаналы Мамытович Чоң-Алай райондук сотунун төрагалык кызматын аркалап келе жатат.

Чоң-Алай райондук сотунда негизинен кылмыш, жарандык жана административдик укук бузуу жөнүндөгү иштер каралып келүүдө.

2007-жылы Кыргыз Республикасында бийликтин бир бутагы болгон Сот системасына өзгөртүүлөр киргизилип, укуктары кеңейтилип, жарандардын укук-милдеттерин сактоодо кылмыш иштери боюнча айыпкердин баш коргоо чарасын тандоо, алуу жүргүзүүгө уруксат берүү ж.б. процесстик укуктары сотторго өткөрүлүп берилген. Чоң-Алай райондук сотуна да өзгөртүү киргизилип, сот процесстерин кароодо эки курамдуу болуп, Кубатов Айдар Эсенкулович 2007-жылдын июнь айынан бери судья болуп иштеп келе жатат.



Мезгилдин талабына ылайык, Кыргыз Республикасынын Кылмыш жаза кодексине, Кылмыш-процесстик кодексине, Жарандык кодекстерге жана башка бардык кодекс, мыйзамдарга өзгөртүү, толуктоолор киргизилип, ага ылайык кылмыш, жарандык, административдик укук бузуу жөнүндөгү иштер каралууда. Алсак 2011-жылы жыл ичинде Чоң-Алай райондук сотунда 28 кылмыш иши, 198 жарандык иштер, 6 санкция, 38 административдик укук бузуу жөнүндө иштер каралган.

**Батырбеков Жаналы Мамытович** 1974-жылы 14-июлда Аксы районундагы Кашка-Суу айылында туулган. Билими жогорку, Кыргыз Мамлекеттик Улуттук Университетинин юридика факультетин аяктаган. Ош облустук администрациясынын Ардак Грамотасы менен 2 жолу сыйланган.

Үй-бүлөлүү, 1 уул, 4 кызы бар.

## «Чоң-Алай жаңырыгы» гезити

Чоң-Алай аймагында гезиттин тарыхы союз учурунда Чоң-Алай райондук статуска ээ болгон жылдардан башталган. Ал учурда агартуу иштери алдыңкы орунда болуп, алыскы аймактарда гезиттин ролу, таасири абдан чоң болгондуктан, райондордун өзүндө басмакана ачылып, гезиттер басылып турган. Чоң-Алай районунда гезит качан чыга баштаганы боюнча бизде так маалымат жок, бирок райондун өзүндө «Кызыл Туу» аттуу гезит жарыкка чыккан. Анда 1957-жылдары редактор болуп аравандык Мурзажанов Насирдин, жооптуу катчылыкта Эргешов Камчыбек иштеген. Бул газета район жоюлганга чейин, тактап айтканда 1958-жылга чейин иштеген.

Район кайрадан статус алган 1992-жылдары гезит чыгарууга мүмкүнчүлүк болбой, жумасына эки жолу жергиликтүү радиодон берилүүчү радио-гезит уюштурулган. Бирок бул радио-гезиттин өмүрү кыска болуп, кийинки жылдары эле гезит жөнүндө сөз болбой калган. Ошентсе да, район өзүнүн басылмасына 2000-жылдын 10-августунда жетишти. Ага демилгечи, уюштуруучу катары ал мезгилдеги райондун акими Токтогул Акиров болду. Ал эми гезитти каттоодон өткөрүү, жарыкка чыгаруу түйшүгү Исакова Үпөлгө тапшырылып, көптөгөн аракеттердин натыйжасында гезиттин биринчи саны 2000-жылдын августунда жарыкка чыккан. Гезиттин редактору болуп 2000-2007-жылдары Исакова Үпөл эмгектенген. 2007-жылдын июль айынан тартып Маширапов Жалалидин гезитти жетектеп келе жатат.



Жыл өткөн сайын окурмандар чөйрөсү кеңейип, газетанын сапаты өсүп баратат, 2011-жылдан бери газетанын 1-4-беттери түстүү чыгарылууда. Учурда газетада 4 кызматкер эмгектенет.

**Маширапов Жалалидин** 1950-жылы 4-январда Кара-Тейит айылында туулган. Билими жогорку, Фрунзе шаарындагы Жусуп Баласагын атындагы университеттин филология факультетинин кыргыз тили жана адабияты адистиги бөлүмүн аяктаган. Кыргыз Республикасынын Ардак Грамотасынын ээси, Элге билим берүүнүн мыктысы.

Үй-бүлөлүү, 2 уул, 3 кызы бар.



## Чоң-Алай райондук прокуратурасы

Мыйзамдуулуктун сакталышын көзөмөлдөөчү прокуратура органы Чоң-Алай районунда район түзүлгөн алгачкы учурларда эле ачылган. Райондун прокурору болуп Давранов Жалал Камалович, Абдылдаев Табылды, Момунбаев Каримбай, Каримов Зиямидин, Турдумаматов Мамбеталы Нурдинович, Калыков Улукбек Абдысатарович, Качыбеков Дамир Камчиевичтер иштеп келишкен. 2012-жылдын 8-февралынан тартып бүгүнкү күнгө чейин Айтназаров Алмазбек Чоң-Алай районунун прокурору болуп иштеп келүүдө.



**Айтназаров Алмазбек Арстаналиевич** 1963-жылы 6-январда Талас облусунун Киров районундагы Бейшеке айылында туулган. Билими жогорку, Кыргыз Мамлекеттик Университетинин юридика факультетин бүтүргөн. Жетишкен ийгиликтери үчүн облустук, райондук мамлекеттик администрациялардын бир нече Ардак Грамоталары менен сыйланган.

Үй-бүлөлүү, 2 уул, 1 кызы бар.

## Улуттук коопсуздук мамлекеттик кызматынын Чоң-Алай райондук бөлүмү

Чоң-Алай райондук улуттук коопсуздук комитети 1993-жылдын март айында Алай районунун бөлүмчөсүнүн карамагында болуп 2 оперкызматкер: бөлүмдүн башчысы подполковник Мамазаиров Султан, оперкызматкер, ага лейтенант Сатаров Исраил менен өз ишмердүүлүгүн баштаган. Ал эми толук кандуу ишке киришкен 1993-жылдан тартып бөлүмдү подполковник Өмүрзаков Маматемин Тентимишович башкарган. Андан кийин бөлүм башчы болуп 1996-1999-жылдары капитан Ажибаев Алишер Батырович, 1999-2002-жылдары подполковник Зайнидинов Кубаныч Кошубакович, 2002-2005-жылдары

подполковник Токторбаев Муратали Мурзамамытович, 2005-2008-жылдары Караев Жанышбек Калдарбекович, 2008-2009-жылдары подполковник Шакиев Эмилбек Кеңешбекович иштеп келишкен. 2010-жылдын ноябрь айынан баштап бөлүмдү подполковник Абдиллаев Бакыт Жумабаевич жетектеп келе жатат.

Улуттук коопсуздук мамлекеттик кызматынын Чоң-Алай райондук бөлүмү 1999-2002-жылдар аралыгында Тажик Республикасындагы коогалаңга байланыштуу куралдуу согушчандардын райондун аймагына кирүүсүнө жол бербөө максатында күчөтүлгөн тартипте иштеген. 2003-жылы Дароот-Коргон айылындагы тейлөө үйүн өз карамагына сатып алып, атайын административдик имаратка ээ болгон. Ал эми 2005-2008-жылдар аралыгында Улуттук коопсуздук мамлекеттик органдарына Чоң-Алай районунун тургундары Каримбеков Турусбек Зиямидинович (кийин көп жылдар борбордук аппаратта терроризмге каршы күрөшүү башкармалыгында иштеген) жана Бөрүбаев Канатбек Абдибаитович кызматка тартылышкан.

Бөлүмдүн негизги иш багыттары - терроризмге, наркобизнеске, экономикалык кылмыштарга каршы күрөшүү жана коррупциянын алдын алуу, Конституциялык түзүлүштү сактоо, чалгындоо жана чек аранын бүтүндүгүн сактоо. Мындан сырткары райондун ичинде саясий-коомдук туруктуулукту камсыздоо жана конституцияга каршы окуялардын жаралышына жана өнүгүшүнө жол бербөө максатында негизги чалгындоо иштерин жүргүзүп келет.



Улуттук коопсуздук мамлекеттик кызматынын Чоң-Алай райондук бөлүмүнүн учурдагы башчысы **Абдиллаев Бакыт Жумабаевич** 1967-жылы Ош шаарында туулган. Билими жогорку, үй-бүлөлүү.



### Чоң-Алай райондук каржы бөлүмү

Райондук каржы бөлүмү 1992-жылы уюшулган. Райондун 2000-жылдан берки бюджетин алып карасак, бюджеттин көлөмү кескин өсүп баратканы байкалат. Мисалга 2000-жылы жалпы райондук жергиликтүү бюджет 24 538,6 миң сом болсо, 2011-жылгы 175 032,6 сомду түзгөн, б.а. 7,1 эсеге өскөн.



Каржы бөлүмүнүн башчысы болуп 1992-2000-жылдары Сабыров Мейражидин иштеген, ал эми 2000-жылдан бери Пазылов Бабаравшан башчы болуп иштеп келүүдө.

**Пазылов Бабаравшан** 1955-жылдын 1-ноябрында Алай районунун Чак айылында туулган. Билими жогорку, Кыргыз Мамлекеттик Университетинин Айыл чарбасынын бухгалтери адистиги боюнча окуп бүтүргөн.

Үй-бүлөлүү, 2 уул, 3 кызы бар.

### Кыргыз Республикасынын каржы Министрлигинин Борбордук Казыналыгынын Чоң-Алай региондук бөлүмү

Кыргыз Республикасынын Казыналыгы 1994-жылы 28-майда Кыргыз Өкмөтүнүн №1553 буйругу менен түзүлүп, Казыналыктын жоболору жөнүндө мыйзам кабыл алынган.

Казыналыктын региондук бөлүмү борбордук казыналыкка отчет берип жана Казыналыктын борбордук башкармасынын түздөн-түз көзөмөлүндө турат. Региондук бөлүм жергиликтүү коммерциялык банктар менен тыгыз байланышта болуп, Борбордук Казыналыктын көрсөтмөсүнө ылайык жергиликтүү мамлекеттик бийлик жана өзүн өзү башкаруу органдары менен кызматташтыкта иштейт.



Кыргыз Республикасынын Каржы министрлигинин 1994-жылдын 30-майындагы №98/3 буйругунун негизинде Чоң-Алай

райондук мамлекеттик администрациясынын 1994-жылдын 2-августундагы №49 буйругу менен Садыков Кутпидин Жээнбаевич Казыналыктын Чоң-Алай региондук бөлүмүнүн башчысы болуп дайындалып ушул күнгө чейин иштеп келет.

**Садыков Кутпидин Жээнбаевич** 1958-жылы 17-октябрда Алай районунун Дароот-Коргон айылында туулган. Жогорку билимдүү. Фрунзедеги Скрябин атындагы айыл чарба институтунун экономика факультетин бүткөн.

Үй-бүлөлүү, 2 уул, 3 кыздын атасы.

## Чоң-Алай райондук аскер комиссариаты

Чоң-Алай райондук аскер комиссариаты 2000-жылы 17-июлда түзүлгөн. Аскер комиссариатын түзүүнүн негизги максаты жана ишкананын милдети мөөнөттүк аскердик кызматка жана альтернативалык кызматка жашы жеткендерди чакырып жөнөтүүнү райондун өзүндө жүргүзүү жана аскерге жарактуулардын тизмесин тактоо менен мамлекеттин коопсуздугун жана бүтүндүгүн коргоого патриот инсандарды даярдоо болуп саналат.

Аскер комиссариатынын райондо уюштурулушу калкты бир топ түйшүктөрдөн арылтып, патриот атуулдардын көбөйүшүнө шарт түзө алды. Мисалга, 2000-жылдары мөөнөттүк аскердик кызматка 5-10 адам чакырылган болсо, 2012-жылы чакырылгандардын саны 35-40 адамга жетти. Ал эми 2000-жылдары альтернативдик кызматка 20-30 адам чакырылган болсо, 2012-жылы бул көрсөткүч 270-300 адамга жетти.

Райондук аскер комиссариаты уюштурулгандан бери аскер комиссары болуп подполковник М.Акышев, подполковник Т.Шаршеев, подполковник Т.Божоков, майор К.Касымбаев, майор А.Джалилов, майор К.Абдраимахунов, подполковник С.Султанов, подполковник Н.Кудайкуловдор иштешкен. Ал эми 2012-жылдын 3-августунан бери майор **Суранбай уулу Салмоорбек** аскер комиссары болуп иштөөдө.



## Чоң-Алай райондук ички иштер бөлүмү

Чоң-Алай райондук ички иштер бөлүмү 1992-жылдын июнь айында түзүлүп, алгач бөлүмдө 8 кызматкер иштеген. Учурда 38 кызматкер эмгектенет.

Милициянын майору Ташкулов Жумабай 1992-жылдан 1998-жылга чейин Чоң-Алай райондук ички иштер бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. Андан кийин 1998-1999-жылдары милициянын майору Кутмаматов Гланкадыр (башчынын милдетин аткаруучу), 1999-2000-жылдары милициянын подполковниги Маматмусаев Кубанычбек, 2000-2001-жылдары милициянын подполковниги Толтоев Марат, 2001-2002-жылдары милициянын подполковниги Аскаров Рысмамат, 2002-2004-жылдары милициянын подполковниги Нуралиев Таалайбек, 2004-2008-жылдары милициянын подполковниги Ибраимов Кадырали, 2008-2009-жылдары милициянын подполковниги Бекешов Нурлан, 2009-2010-жылдары милициянын подполковниги Чобоев Жолдубай, 2010-2011-жылдары милициянын полковниги Орозбаев Рысбек ички иштер бөлүмүнүн башчысы болуп иштешкен. 2011-жылдан тартып милициянын майору Калбердиев Таалайбек Чоң-Алай райондук ички иштер бөлүмүн жетектеп келе жатат.



**Калбердиев Таалайбек** – 1969-жылы 27-мартта Кара-Суу районунун Кызыл-Кошчу айылында туулган. Жогорку билимдүү, Бишкектеги Скрябин атындагы айыл чарба институтун аяктаган. Учурда Ош шаарындагы юридикалык академияда сырттан окуйт.

Үй-бүлөлүү. 1 уул, 3 кызы бар.

## Чоң-Алай райондук агрардык онүктүрүү башкармасы

Жаңыдан уюшулган Чоң-Алай районунун элинин негизги иш-аракети мал чарбачылыгы жана талаачылык менен байланыштуу болгондуктан Чоң-Алай райондук айыл чарба башкармалыгына жүктөлгөн милдеттер да орчундуу болгон.

1992-жылы райондо 101569 баш кой-эчки, 7145 баш ири мүйүздүү мал, 2320 баш жылкы катталган, ал эми талаачылык боюнча, айыл чарбасына жарактуу жер 243236 гектарды түзгөн, анын ичинен айдоо аянты 15881 га, кайрак айдоо 122 га, бак-дарак 2 га, чөп чабынды жер 1051 га, жайыт жер 226234 га, жаңыдан уюшулган дыйкан чарбалардын саны 24 болгон. Бул көрсөткүч

мал чарбачылыгында 1994-жылга чейин, талаачылык 1998-жылга чейин туруктуу сакталып келген.

Райондо 1992-жылдары 2286-2284 тонна дан, 1406-4600 тонна картошка жана 25852 тонна кесек тоют өндүрүлүп турган.

Мурдагы айыл чарба ишканалары 1995-жылдан баштап мамлекеттен ажыратылып, мал-мүлкү жаңыдан уюшулган дыйкан чарбаларга үлүш катары таркатыла баштаган. Райондо 560ка жакын дыйкан, фермер чарбалары уюшулду. Жерлер үлүш катары жан башына менчикке берилди. Ушул сыяктуу уюштуруу, кайрадан уюштуруу иштерине райондук айыл чарба башкармалыгы түздөн-түз жетекчилик кылып турган.

Кийинки жылдары да райондо айыл чарба тармагын өркүндөтүүгө көптөгөн аракеттер жумшалып келе жатат. Дыйкандардын жерге болгон мамилеси өзгөрүп, акыркы 3 жыл ичинде 7 айыл чарба кооперативдери, МТС жана «Өргө-Таш» үрөнчүлүк кооперативи уюшулду. ЭӨМФ, «Айыл Банк» ААК аркылуу Россия, Кытай өлкөлөрү чыгарган ар түрдүү тракторлор 7-10 жылга насыяга алынып келинди. Айыл-кыштактарда чет элдик уюмдар менен иштөө колго алынган жана суу пайдалануучулардын ассоциациялары түзүлүп, анын негизинде каналдар оңдолууда.

Башкармалык жазгы талаа жумуштарына карата элди үрөн, жер семирткич, күйүүчү-майлоочу май, буудай оруу мезгилинде комбайн менен камсыз кылуу жана жаңы сорттогу үрөндөрдү алып келүү боюнча жыл сайын жеткиликтүү иш-чараларды уюштуруп, аткарып келе жатат.



Башкармалыкта 1992-1996-жылдары Төрөев Муса, 1996-1999-жылдары Бурканов Рахман, 1999-2004-жылдары Мурзабаев Мамасабыр, 2004-2005-жылдары Адилбеков Абдыразак жетекчи болуп иштешкен. 2005-жылдан баштап башкармалыкты Исираилов Муса жетектеп келе жатат.

**Исраилов Муса Тойкулович** 1973-жылы 27-сентябрда Жар-Башы айылында туулган. Билими жогорку, Казакстандагы Жамбыл технологиялык институтунан инженер-технолог адистиги боюнча билим алган жана Египеттин Каир шаарынан айыл чарба тармагы боюнча билимин жогорулаткан. Мамлекеттик кызматтын III класстагы кеңешчиси.

Үй-бүлөлүү, 1 уул, 2 кызы бар.



## Чоң-Алай райондук статистика бөлүмү

Чоң-Алай райондук мамлекеттик статистика бөлүмү 1992-жылы Чоң-Алай району түзүлгөн учурдан бери иштеп келе жатат. Алгач уюшулган мезгилде мекеменин жетекчиси болуп Газыбеков Турсунали дайындалган жана 3 кызматкер эмгектенген. Мекеменин түптөлүп, калыптанышына чоң эмгек жумшаган Т.Газыбеков 1995-жылга чейин жетекчи болуп иштеген. 1995-жылдан ушул мезгилге чейин Чоң-Алай райондук мамлекеттик сатистика бөлүмүнүн жетекчиси болуп Метинбаев Исматилла иштеп келе жатат.

Азыркы мезгилде райондук статистика бөлүмүндө жогорку квалификациялуу 5 адис иштейт. Мекеме толук компьютерлештирилген. Статистикалык отчеттор программалаштырылып, компьютерге киргизилген жана бардык статистикалык отчеттор облуска, республикага электрондук почта аркылуу жөнөтүлөт. Ошондой эле экономикалык ишмердүүлүгүн жүргүзгөн чарбалык субъектилер мамлекеттик каттоодон өткөрүлүп, базага киргизилген.

Райондун аймагында 172 юридикалык жактар, 1758 жеке ишкерлер, 616 дыйкан чарбалар иш алып барышууда. Ушул субъектилердин баарынан ай сайын статистикалык маалыматтарды чогултуп, кайра иштеп чыгып, системалаштырып, облустук статистика башкармалыгына берип туруу, ай сайын айдын жыйынтыгын чыгарып, стат бюллетень даярдап райондун жетекчилерине берип туруу - талыкпай эмгектенүүнү талап кылат жана бул түйшүктүү ишти райондук статистика бөлүмүнүн чакан жамааты татыктуу аткарып келүүдө.



**Метинбаев Исматилла** 1953-жылы 26-октябрда Дароот-Коргон айылында туулган. Жогорку билимдүү, Кыргыз Улуттук Университетинин экономика факультетин бүтүргөн. Кыргыз Улуттук Статистикасынын отличниги төш белгиси менен сыйланган.

Үй-бүлөлүү, 5 баласы бар.

## Чоң-Алай райондук мамлекеттик салык кызматынын башкармалыгы

Райондук салык кызматынын башкармалыгы 1992-жылдын апрель айында уюшулган. Салык кызматынын алгачкы уюшулган жылында мамлекет тарабынан 330 миң сом план бекитилген. Жыл аягында 335 миң сом бюджетке чегерилип, план 102 пайызга аткарылган. Бул жылдарда жеке ишкерлер, азык-түлүк саткан дүкөндөр сейрек кездешсе, күйүүчү май саткандар дээрлик жок болгон. Жылдардын өтүшү менен дыйкан чарбалардын, кооперативдик чарбалардын, жеке ишкерлердин саны артып, дүкөндөр, ашканалар, күйүүчү май сатылуучу жайлар ачылып, салык төлөөчүлөрдүн саны өстү. Ага удаалаш эле Алтын-Дара туз кени ачылып, анын жетекчиси Абыт Койлубаев бюджетке чоң көлөмдө салык төлөп, анын өсүшүнө салым кошкон. Салыктын көлөмүнүн өсүшүнө Ачык-Таш альплагерине туристтердин көп келиши да таасир эткен. 1992-жылга салыштырып караганда 2011-жылга 27 141,5 миң сом план коюлган. Натыйжада 29 605,8 миң сом чогултулуп, план 109,1 пайызга аткарылган. Ушул көрсөткүчтүн өзү эле салык төлөөчүлөрдүн санынын өскөндүгүн далилдейт. Ал эми 2009-жылдын октябрь айынан баштап Кайди ишканасынын иштеши менен мамлекеттик бюджетке салыктарды чегерүү бир топ жогорулаган. Жылдар боюнча алып караганда бюджетке салык чегерүү планы аткарылбай калган учур болгон эмес. Анын себеби, салык кызматынын райондук башкармалыгына келип иштеген жетекчилердин жигердүү аракеттеринин натыйжасы деп айтууга болот. Алар 1992-1994-жылдары иштеген Галов Рахман, 1994-1996-жылдары иштеген Алмаматов Рахман, 1996-2000-жылдары иштеген Пазылов Бабаравшан, 2000-2006-жылдары иштеген Усенов Акжол, 2006-2007-жылдары кайрадан жетекчи болуп иштеген Алмаматов Рахман сыяктуу жетекчилер. Ал эми 2007-жылдын декабрынан ушул күнгө чейин салык башкармалыгын **Кожоев Муса Метинбаевич** жетектеп келет.





## Чоң-Алай райондук социалдык фонд башкармалыгы

Чоң-Алай району өз алдынча район болуп түзүлгөн алгачкы мезгилде, 1992-жылдын май айында Чоң-Алай райондук социалдык камсыздоо бөлүмү түзүлүп, ал 1996-жылы Чоң-Алай социалдык фонд бөлүмү болуп кайрадан түзүлгөн. Ал эми 2007-жылдан тартып бул мекеме Чоң-Алай райондук социалдык фонд башкармалыгы деп аталат. Мекеменин алгачкы жамаатында 4 кызматкер: Жапаров Курсанбай, Акматов Аман, Эргешов Маширап, Оболбеков Айдар иштешкен.



Башкармалык жаш курагы, майыптыгы жана багуучусунан ажырагандыгы боюнча пенсия чектөө, пенсияны, көзү өткөн пенсионерлерге сөөк коюу үчүн жардам катары берилүүчү жөлөк пулду өз мөөнөтүндө төлөп берүүнү камсыз кылуу, ишке жарактуу адамдарды, жаш балдарды жеке эсепке (персонификациялык) алуу, аларга идентификациялык номерлерди берүү жана пенсияны камсыз кылууга, пособие жана башка чыгымдарга керектелүүчү камсыздандыруу төгүмдөрүн мекеме-ишканалардан, жеке ишкерлерден, дыйкандардан, фермердик чарбалардан чогултуу иштерин аткарат.

Башкармалык негизги төрт: киреше, бухгалтериялык эсеп жана отчет, пенсия дайындоо, персонификациялык эсепке алуу бөлүмдөрүнөн турат жана учурда мекемеде 15 кызматкер эмгектенет.

1992-жылдын май айынан 2002-жылдын июлуна чейин бул мекеменин башчысы болуп Жапаров Курсанбай Жапарович иштеген. 2002-жылдын июль айынан баштап башкармалыкты Калбаев Курсанали жетектеп келет.

**Калбаев Курсанали Токтобаевич** – 1963-жылы Чоң-Алай районунун Дароот-Коргон айылында туулган. Билими жогорку, Фрунзедеги СССРдин 50 жылдыгы атындагы Кыргыз Мамлекеттик Университетинен экономика адистиги боюнча билим алган.

Үй-бүлөлүү, 2 уул, 3 кызы бар.

## Чоң-Алай райондук билим берүү бөлүмү

Бөлүм 1992-жылдын апрель айында түзүлгөн. Алгач бөлүмдүн тутумунда жалпы 15 мектеп, анын ичинде 12 толук орто, 2 толук эмес орто, 1 баштооч мектеп жана 2 бала бакча болгон. Бөлүм алгач түзүлгөн учурда «Коммунист» орто мектебине караштуу интернаттын имаратынан орун алып, өз ишин баштаган. Ошол мезгилдеги бөлүмдүн башчысы Насердин Туйгунов тарабынан райондук билим берүү бөлүмүнүн курамын сапаттуу кадрлар менен толуктоо үчүн ал учурдагы эң алдыңкы, педагогикалык тажрыйбасы мол, билимдүү мугалимдер тартылган. Атап айтсак: кадрлар бөлүмүнө И.Бакиров, усулдук каананын башчылыгына Ж.Маширапов, I категориядагы инспекторлукка З.Амирбеков жана Г.Маматкаимова, М.Маматаипов, Р.Карабашева, А.Жанаев, К.Бердибеков, С.Үсөнөв сыяктуу тажрыйбалуу мугалимдер усулчу болуп ишке алынган.

Ошол учурда 15 мектепте жалпы 4767 окуучу окуп, 455 мугалим эмгектенген. Жетекчиликтин уюштуруучуук аракеттери менен кыска мөөнөттө билим берүүнүн сапаты көтөрүлө баштаган: усулдук кааналардын иши жанданган, мектептердин материалдык-техникалык базасы чыңдалган, бир топ мектептер капиталдык оңдоодон өткөрүлгөн. Андан сырткары окуучуларды жогорку жана атайын орто окуу жайлардын жетекчилери менен сүйлөшүүлөрдүн натыйжасында конкурстан сырткары окууга өткөрүү уюштурулган. Мектептердеги кадр маселесин чечүү максатында Ош мамлекеттик университетинин 5-курсунун студентеринин практикасы акы алып иштөө ыкмасына өткөрүлүп, сабактардын өтүлбөй калуусуна жол берилген эмес.

Ал эми 1996-жылдан тартып чет элдик, бейөкмөт уюмдар менен иштөө колго алынып, эскилиги жеткен мектептерди оңдоо иштери жандана баштаган. Мисалга, Ага Хан фондунун көмөгү менен 60 орунга ылайыкташкан 8 бала бакча курулган. Көрүлгөн аракеттердин натыйжасында билим сапаты жогорулап, райондун окуучулары облустук олимпиадаларда мыкты орундарды алышып, ал гана эмес республикалык олимпиадаларда да татыктуу орунга жетишип келет. Ошондой эле мугалимдерде да «Жылдын мугалими» кароо сынагында облустук деңгээлде алдыңкы орундарга жетишкендери болду.



Мындан сырткары мектептерде, бала бакчаларда көптөгөн маселелерди чечүүдө көмөкчү чарбанын өзгөчө пайдасы бар экени эске алынып ар бир мектепке, бала бакчага 1 гектардан жер участоктору бөлүнүп берилген. Ошонун натыйжасында учурда мектеп, бала бакчалардын карамагында 440 эчки бар. Айрым бала бакчалар өздөрүн картошка, сабиз менен толук камсыз кыла алышат.



Учурда Чоң-Алай районунун аймагында райондук билим берүү бөлүмүнө караштуу 16 орто, 1 толук эмес орто мектеп, 1 спорт клубу, 1 балдардын чыгармачылык борбору, 11 балдар бакчасы бар.

Бөлүмдү 1992-1996-жылдары Туйгунов Насердин, 1996-2007-жылдары Аширалиев Абдилазиз жетектеген. 2007-жылдан баштап бөлүмдүн башчысы болуп Бакиров Имарбай эмгектенип келе жатат.

**Бакиров Имарбай Эсенбаевич** 1959-жылы 3-мартта Дароот-Коргон айылында туулган. Билими жогорку, Ош мамлекеттик университетинин филология факультетин аяктаган.

Сыйлыктары: КР билим берүүсүнүн мыктысы, Профсоюз кыймылынын мыктысы, "Ош жаңырыгы" газетасы 2010-жылы "Жылдын адамы" деп баалаган.

Үй-бүлөлүү, 2 уул, 3 кыз бар.

## Чоң-Алай райондук А.Молдоболотов атындагы Жалпы дарыгерлердин практикалык борбору

Чоң-Алай өрөөнүндө алгачкы жолу 1932-жылы Молотов районуна караштуу Дароот-Коргон айылында медициналык тейлөө пункту ачылган. Ал эми Чоң-Алай району түзүлгөн 1936-жылы Дароот-Коргондо 10 орундуу оорукана уюшулуп, 1949-жылы 20 орундуу оорукана, 1958-жылы Алай районуна кошулган учурдан баштап 25 орундуу участкалык оорукана болгон. 1965-жылы жаңы имарат курулуп, 50 орундуу ооруканада атайын бөлүмдөр ачылып, 1978-жылы 100 орунга кеңейтилген. Мындан сырткары 1992-жылга чейин бир катар айылдарда медициналык тейлөө пункттары, Ачык-Суу, Кашка-Суу, Кара-Мык

айылдарында участкалык ооруканалар, Кара-Мык айылында төрөт үйү ачылган. Район кайрадан уюшулган 1992-жылы Чоң-Алай райондук борборлоштурулган ооруканасы (145 орундуу), 4 участкалык оорукана (жалпы 100 орундуу), 9 ФАП болгон. Андан кийин орундар кыскарып, 2000-жылга карата район боюнча жалпы 200 койка калган. 2002-жылы борборлоштурулган оорукана аймактык оорукана болуп өзгөрүп, участкалык ооруканалар аймактык оорукананын филиалына айланган. Буга катар эле 2003-жылы бул мекеменин базасынан үй-бүлөлүк дарыгерлер борбору уюшулуп, өзүнчө бөлүнүп чыккан. Ал эми 2009-жылы бул эки мекеме кайрадан бириктирилип, Чоң-Алай райондук А. Молдоболотов атындагы Жалпы дарыгерлердин практикалык борбору болуп каттоодон өткөн.

1968-1972-жылдары Молдоболотов Абибилла, 1972-1984-жылдары Сарытаев Абибакир, 1984-1992-жылдары Раимбердиев Абдылда, 1992-1994-жылдары кайрадан Сарытаев Абибакир, 1994-2000-жылдары Абдыкадырова Карамат, 2000-2009-жылдары Муратов Абдисамат башкы дарыгер, аймактык оорукана болуп өзгөргөндөн кийин директор болуп эмгектенишкен. Ал эми 2003-жылы түзүлгөн үй-бүлөлүк дарыгерлер борборунда 2003-жылдан 2009-жылга чейин Кожобекова Шарапат директор болуп иштеген.

2009-жылы эки мекеме бириктирилип ЖДПБ түзүлгөн учурдан тартып Бакиров Ысламидин директор болуп иштеп келе жатат. Ал эми учурда ЖДПБнын Карамык филиалында Кожобеков Эшназар, Жекенди филиалында Азимбаев Акжол, Кашка-Суу филиалында Жумабаев Сапарбай, Ачык-Суу айылында Дубанаев Абубакир (милдетин аткаруучу) башкы дарыгер болуп иштеп жатышат.

Азыр райондо ЖДПБ, анын 4 филиалы, 5 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу, 13 фельдшер-акушердик эмканалар иш алып барууда. Жалпы койканын саны – 180. Мекемеде жалпы 24 жогорку билимдүү дарыгер, 170 атайын орто билимдүү медициналык кызматкер, 136 техникалык ж.б кызматкерлер эмгектенүүдө. Анын ичинен 1 Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоосуна эмгек сиңирген медицина кызматкери, 8 Саламаттыкты сактоонун мыктысы жана бир нече Ардак грамота менен сыйланган кызматкерлер бар.





Саламаттыкты сактоо тарыхында көптөгөн инсандарыбыз өмүрүн элге арнаганы талашсыз. Айрыкча Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоосуна татыктуу болгон Тагаев Зикир, мамлекеттик сыйлыктарды албаса да эмгеги менен элдин жүрөгүндө сакталып калган, маркум Жолчуев Жээнбайлардын эмгегин белгилеп кетүү зарыл.

**Бакиров Ысламидин Жаңыбаевич** 1971-жылы 7-мартта Дароот-Коргон айылында туулган. Жогорку билимдүү, Бишкек шаарындагы Кыргыз Мамлекеттик Медициналык окуу жайын, Кыргыз Мамлекеттик Медициналык Академиясынын дипломдон кийинки окутуу борборунан билим алып, Балдар дарыгери, Травматолог-ортопед адистиктерине ээ болгон.

Үй-бүлөлүү, 1 уул, 1 кызы бар.

## Чоң-Алай райондук эмгек, ишке орноштуруу жана миграция бөлүмү

Бул мекеме 1992-жылы Кыргыз Республикасынын эмгек, социалдык жактан коргоо министрлигинин Чоң-Алай райондук борбору болуп түзүлгөн. Алгачкы директор Азимов Тургунали мекеме түзүлгөндөн тартып 1996-жылга чейин иштеген. Андан кийин 1996-2003-жылдары Муратов Өмүрбек, 2004-жылдын январынан март айына чейин Балтабаев Акматали, 2004-2006-жылдары Берхмаматов Калмамат бөлүмдү жетектеп келишкен. 2006-жылдын 17-майынан бери мекеменин директору болуп Миталипова Мейликан эмгектенип келе жатат.

Бөлүм 2009-жылдын ноябрь айында райондук эмгек, ишке орноштуруу жана миграция бөлүмү, 2012-жылы Кыргыз Республикасынын жаштар, эмгек, иш менен камсыз кылуу министрлигинин Чоң-Алай райондук бөлүмү болуп кайрадан түзүлдү.

20 жыл аралыгында райондун социалдык инфраструктурасын жакшыртууда, жумушсуздукту азайтууда, кесиптик окутуу жана жумушсуз жарандарды кайра окутуу, акы төлөнүүчү коомдук

иштерге тартуу, жумушсуздарды чакан насыялоо багыттарында активдүү иш жүргүзүлүп келе жатат.

Акы төлөнүүчү коомдук жумуштун долбоорлорунун алкагында жумушсуз жарандар тарабынан мектептер, бала бакчалар, ооруканалар, ФАПтар, имараттар, жолдор, көпүрөлөр, каналдар оңдолуп, көчөлөр жашылдандырылып, райондун аймагындагы мал жандыктары саналып, жумушсуз жарандар убактылуу болсо да жумуш менен камсыздалып келе жатат.



Кесипке окутуу жана кесипке кайра даярдоодо миңдеген жумушсуз улан кыздар учур талабына жооп берген кесиптерге окуп, күбөлүктөргө ээ болушту. Ошондой эле жумушсуз жарандардын иш менен камсыз болуусун жогорулатуу, ишкердик ишмердүүлүгүн өнүктүрүүгө дем берүү максатында 2007-жылдан бери 300дөн ашуун жаранга чакан насыялар берилди.

**Миталипова Мейликан** 1958-жылы 22-январда Чоң-Алай районунун Дароот-Коргон айылында туулган. Жогорку билимдүү, КЖПИнин чет тилдер факультетин бүтүргөн. Билим берүүнүн мыктысы, райондук, облустук мамлекеттик администрациялардын, облустук иш менен камсыз кылуу жана миграция башкармалыгынын Ардак грамоталары менен сыйланган.

## Чоң-Алай райондук өрт коопсуздук бөлүмү

Чоң-Алай райондук өрт коопсуздук бөлүмү 1991-жылы ПСО болуп биринчи жолу Дароот-Коргон айылында азыркы ветеринардык башкармалыктын имаратында ачылган. Ал учурда өрт өчүрүүчү ГАЗ-66 автоунаасы болгон. 1993-жылдан тартып Ош облустук өрттөн сактоо бөлүмүнө караштуу өрттөн сактоо бөлүмчөсү болуп, имараты Кызыл-Туу айылына жылдырылган жана өрт өчүрүүчү кошумча автоунаа алынып келинген. 1995-жылы Дароот-Коргон айылындагы Чоң-Алай совхозунун эски гаражы оңдолуп-түзөлүп, өрт коопсуздук бөлүмү ошол жерге көчүрүлгөн.

2004-жылы бөлүмгө райондук каржы башкармасынын жардамы менен 115140 сомдук атайын Россияда даярдалган өрт



өчүрүүчү каражаттар алынып келинген. Бөлүмдү 1991-1993-жылдары Ботобеков Тургунбай, 1993-1995-жылдары капитан Кошуев Муса, 1995-2007-жылдары майор Арыкбаев Жанибек жетектеген. 2007-жылдан баштап капитан Имаров Жумамат Түгөлбаевич бөлүмдүн башчысы болуп эмгектенип келе жатат.



Азыркы учурда Чоң-Алай райондук өрт коопсуздук бөлүмүндө 24 кызматкер эмгектенет жана 2 атайын өрт өчүрүүчү автоунаалары бар.

2011-жылы башчы Имаров Жумаматтын жана өздүк курамдын демилгеси менен Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин, өрт коопсуздук агенттигинин колдоосунда ашар жолу менен заман талабына ылайык имарат бүткөрүлүп, толук ишке киргизилген.

**Имаров Жумамат Түгөлбаевич** 1967-жылы 18-мартта Дароот-Коргон айылында туулган. Билими атайын орто, Россиянын Пушкин шаарындагы лесотехникалык техникумду аяктаган. Өзгөчө кырдаал министрлигинин бир нече медалдары, Чоң-Алай районунун «мыкты жетекчиси» наамы менен сыйланган.

Үй-бүлөлүү, 2 уул, 4 кызы бар.

## Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Чоң-Алай райондук бөлүмү

Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Чоң-Алай райондук бөлүмү 2007-жылы түзүлүп иштеп келе жатат.

Ал эми район өзүнчө статус алган 1992-жылдан 2007-жылга чейин «Жарандык коргоо бөлүмү» деп аталып, иш жүргүзүп келген.

Бөлүм негизинен райондо жашаган калкты жана аймакты табигый жана техногендик мүнөздөгү өзгөчө кырдаалдардан сактоодо, алдын ала чара көрүү, анын кесептерин жоюу багытында иш жүргүзөт. Бөлүм тарабынан райондо калк жашаган аймактарда изилдөө жүргүзүү менен табигый кооптуулук болуп кетүүчү жерлерди аныктоо, кырсыктын алдын алуу жана андан сактануу боюнча калк арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүп, окуу-семинарларды уюштуруп, иш жүзүндө машыгуулар

өткөрүлөт. Айылдык округ башчыларынын, мекеме-ишканалардын жетекчилеринин катышуусунда жыйындарды өткөрүп, район акиминин башчысынын буйругу менен Жарандык коргоо кызматтарын түзөт. Табигый кырсык катталган учурда ыкчам аракеттерди көрүү максатында айылдык округдарда жана айылдарда сактоочу топторду даярдайт, алардын натыйжалуу иш алып баруусун камсыздайт. Кабыл алынган чечимдер боюнча жогорку түзүмдөргө маалымдоо менен мамлекет тарабынан кечиктирилгис чаралардын көрүлүшүнө аракет жасайт.



Жарандык коргоо бөлүмүн 1992-жылдан баштап 2007-жылга чейин Орозалиев Бааранбек жетектеген. 2007-жылдан 2010-жылга чейин бөлүмдүн башчысы болуп Алымкулов Максумжан эмгектенген. 2010-жылдын июнь айынан тартып Курбанбеков Муса бөлүмдүн башчысы болуп иштеп келе жатат.

**Курбанбеков Муса Турумтаевич** 1985-жылы Дароот-Коргон айылында туулган. Билими жогорку, үй-бүлөлүү.

### РСК БАНКтын Чоң-Алай райондогы филиалы

Чоң-Алай районунда эсептешүү-сактык кассасы түзүлгөнгө чейин Дароот-Коргон мамлекеттик банкы болгон. 1989-жылдан мамлекеттик банк акционердик коммерциялык агро өнөр-жай банкына айланып, анын Дароот-Коргон филиалы ачылган. 1985-жылдан баштап мамлекеттик банктын, кийин акционердик коммерциялык агро өнөр-жай банкынын Чоң-Алай районундагы филиалдары жоюлганга чейин башкаруучу болуп Сейдалиев Дүйнөбай Артыкович иштеген.

Агро өнөр жай банкы жана Кыргыз Элбанкы артка кетүүгө учурагандан кийин кардарларды тейлөөнү үзгүлтүккө учуратпоо максатында 1996-жылы 29-июлда эсептешүү-сактык компаниясы ачык типтеги акционердик коому уюшулган. Анын негизинде Чоң-Алай районунун калкына банктык кызмат көрсөтүү үчүн компаниянын Дароот-Коргон филиалы түзүлгөн.

Филиалдын жетекчиси болуп 1996-2000-жылдары Ибраимова Канайым, 2000-2004-жылдары Умаров Кубанычбек иштешкен. 2004-жылдын июнь айынан тартып филиалды Каракулов Бакир жетектеп келе жатат.





Эсептешүү-сактык компаниясы ачык типтеги акционердик коому 2008-жылдын сентябрь айында «РСК БАНК» ачык акционердик коому болуп өзгөртүлүп, кайрадан каттоодон өткөн. Райондун элинин суроо-талаптарын канааттандыруу үчүн, кардарларды тейлөөнү ыңгайлаштыруу максатында 2009-жылы Дароот-Коргон филиалы Чоң-Алай филиалы болуп өзгөртүлгөн. Азыркы мезгилде филиал элге банктык кызматтардын бардык түрлөрүн көрсөтүп келе жатат. Ишканада 15 кызматкер эмгектенет.

**Каракулов Бакир Рахманович** 1961-жылы 6-октябрда Дароот-Коргон айылында туулган. Билими жогорку, Кыргыз Мамлекеттик Улуттук Университетин экономист адистиги боюнча аяктаган.

Үй-бүлөлүү, 2 уул, 2 кызы бар.

### Чоң-Алай райондук социалдык өнүгүү башкармалыгы

Башкармалык 1994-жылы февраль айында Чоң-Алай райондук социалдык жардам берүү бөлүмү болуп түзүлүп, 1995-жылы Чоң-Алай райондук социалдык коргоо башкармалыгы, 2002-жылы Чоң-Алай райондук социалдык өнүгүү башкармалыгы болуп өзгөртүлгөн.

Мекемеде жаңы ачылган учурда 5 киши эмгектенип, 2 бөлүм болгон жана 1995-жылы январь айынан баштап аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө мамлекеттик жөлөк пул дайындоо үчүн документтерди кабыл алуу башталган. Алгачкы учурда ишти жолго коюуда бир топ кыйынчылыктар жаралып, алгылыктуу аракеттердин натыйжасында мекеме өнүгүү жолуна түшкөн. Кызматкерлердин саны көбөйүп, жаңы бөлүмдөр ачылган.

Мекеменин негизги аткарган жумуштары балдары бар аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө мамлекеттик жөлөк пулдарды чегерүү, социалдык жөлөк пулдарды дайындоо, жарандардын жеңилдик алууга укугу бар категорияларына жеңилдиктерди берүү жана дене мүмкүнчүлүгү чектелүү жарандарга, карыкартаңдарга, жакырларга, жалгыз бой карыларга жакындан

жардам көрсөтүү жана акчалай төлөмдөрдү өз учурунда камсыз кылып, көзөмөлдөө болуп эсептелет.



Башкармалыкты 1994-1995-жылдары Сапаралиев Турат, 1995-2002-жылдары Абжапаров Пиримкул жетектеген. 2002-жылдан тартып Газыбеков Аппозбай жетекчилик кызматты аткарып келе жатат.

Учурда мекемеде 27 кызматкер эмгектенет.

**Газыбеков Аппозбай** Аттокурович 1968-жылы 30-мартта Дароот-Коргон айылында туулган. Билими жогорку, Фрунзедеги Кыргыз Айыл чарба институтунда ветеринардык врач адистиги боюнча билим алган.

Үй-бүлөлүү, 2 уулу бар.

## «Кыргыз почтасы» мамлекеттик ишканасынын Чоң-Алай райондук бөлүмү

Почта байланышы 1992-жылы электро байланыш кызматы менен биргеликте Садыков Нисираттин жетекчилиги астында иш жүргүзө баштаган. 1994-жылдын февраль айында «Кыргыз почтасы» өз алдынча мекеме катары бөлүнүп, каттоодон өткөн жана почтанын Чоң-Алай райондук филиалы түзүлгөн.

Ишкана райондогу башка мекемелер сыяктуу эле алгачкы түзүлүү, калыптануу жылдарында оор каржылык, экономикалык абалды башынан өткөрүп, ошол жылдар аралыгында иштеген жетекчилердин, эмгек жамааттын олуттуу аракеттери менен абал жөнгө салынып келген.

Ишкана калкка кат-кабар, ар кандай баалуу жөнөтүүлөр, буйрутма каттар, акча которуулар, пенсия, пособие төлөө сыяктуу кызматтарды көрсөтүп, кызмат көрсөтүүлөрдөн түшкөн каражаттын негизинде өз ишмердүүлүгүн жүргүзүп келет.

Филиалда жетекчи болуп 1994-1999-жылдары Ажиев Сейдакмат, 1999-2001-жылдары Адилбеков Абдыразак, 2001-2003-жылдары Ташмаматов Абдикарим, 2003-2005-жылдары Садиров Токторбай, 2005-2009-жылдары Газыбеков Мухидин, 2009-2011-жылдары Ташмаматов Абдикарим иштеп келишкен. 2011-жылдын ноябрынан тартып кайрадан Газыбеков Мухидин филиалды жетектеп келе жатат.



Учурда филиал калкка сапаттуу кызмат көрсөтүү максатында Чоң-Алай, Кара-Кабак, Жекенди, Ачы-Суу бөлүмдөрүнө бөлүнүп иш жүргүзүүдө. Ишкана тарабынан жалпы 2696 киши пенсия алат, бир айда берилүүчү пенсиянын суммасы 10 миллион сомго жакын. Ал эми жөлөк пул алуучу 2432 кишиге ай сайын 3525 миң сом, жалпы жеңилдик акча алуучуларга орточо 292 миң сом төлөнүп берилет. Бул көрсөткүчтөр ай сайын өзгөрүлүп турат. Мындан сырткары гезитке жазылуу, ар кандай адабий китептерди, журналдарды сатуу иштери да жолго коюлган.



Учурда райондун түзүлгөнүнүн 20 жылдыгына карата кошумча имарат куруу жана ар кандай жарнамаларды көрүнүктүү жерлерге жайгаштыруу иштери жүргүзүлүп жатат. Мекемеде жалпы 25 кызматкер эмгектенет. Кызматкерлердин көпчүлүк бөлүгүн жаштар түзөт.

**Газыбеков Мухидин Атторукович** 1964-жылы Алай районунун Жаш-Тилек айылында туулган. Билими жогорку, Фрунзедеги К.Скрябин атындагы айыл-чарба институтунун зоотехник адистиги боюнча окуп бүтүргөн.

Үй-бүлөлүү, 2 уул, 3 кызы бар.

## № 44 кесиптик лицейи

№ 44 кесиптик окуу жайы 1969-жылы Алай районундагы № 22 КТОЖнун филиалы болуп ачылган. Ал эми 1979-жылы өз алдынча кесиптик техникалык окуу жай катары катталган. Окуу жайдын СССР учурунда материалдык-техникалык базасы чыңалып, Чоң-Алай аймагындагы совхоздорго, мекеме-ишканаларга адистештирилген жумушчуларды даярдап турган. Мындан тышкары коңшу Тажикстандын Жерге-Тал районунан жаштар келип, билим алып кетишкен. Жалпысынан окуу жай тогуз миңден ашуун улан-кыздарды ар багыттагы кесипке даярдап чыгарган.

1969-1979-жылдары филиалдын директору болуп Жайчибеков Аскар иштеген, КТОЖ болуп түзүлгөндөн кийин 1979-1988-жылдары Токторбаев Жусуп, 1988-1992-жылдары Туйгунов Насердин, 1992-2004-жылдары Кожоев Малик окуу жайды

жетектеп келишти. 2004-жылдан баштап окуу жайдын директору болуп Таштанбеков Абдилаким иштеп келе жатат.

Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарындагы коомдогу өзгөрүүлөрдүн, башаламандыктардын натыйжасында окуу жайдын материалдык-техникалык базасы талап-тоноого дуушар болуп, кесипке даярдоо бир кыйла төмөндөп кеткен. 2005-жылдан баштап окуу жай окутуунун сапатын жогорулатуу, окуу жайынын материалдык базасын чыңдоо, жаңы кесиптердин түрлөрүн ачуу, окуу жайды лицейге өткөрүү багыттары боюнча иш-план кабыл алып, анын негизинде иш жүргүзө баштаган.

Окуу жай негизинен шартка ылайык багыт алгандыктан жаштарды айыл чарба багытындагы кесиптерге даярдайт жана окутуунун сапатын жогорулатууда инженердик-педагогикалык кызматкерлердин катарын толуктоо, билим деңгээлине карап ишке алуу саясатын жүргүзүп келет. Ошондой эле ар жыл сайын райондук ишке жайгаштыруу бөлүмү аркылуу кыска мөөнөттүү айдоочу, тигүүчү, ветеринардык фельдшер кесиптерине окутуу жүргүзүлүп жатат.

Окуу жайда 8 окуу классы, 1 тренажердук каана, 1 лабораториялык устакана, 1 тигүүчү устакана, китепкана, автогараж, актылык зал, ашкана, 35 орундуу жатакана иштейт. Мындан сырткары окуу жай практикалык билим алуу үчүн атайын техникалар: трактор, комбайн, тигүү машиналары, столярдык жабдуулар менен камсыздалган.



Учурда окуу жайда 48 кызматкер эмгектенет.

**Таштанбеков Абдилаким Чалабаевич** 1960-жылы 7-майда Дароот-Коргон айылында туулган. Жогорку билимдүү, К.Скрябин атындагы айыл чарба институнун бүткөн, кесиби инженер-механик.

Үй-бүлөлүү, 6 баласы бар.



### Чоң-Алай райондук мамлекеттик ветеринардык башкармасы

Ветеринардык башкарма Чоң-Алай району уюшулган учурда түзүлүп, иштеп келе жатат. Башкарманын курамын ветеринардык посттор жана серологиялык бөлүм толуктап турган. Мекемени 1992-2000-жылдар аралыгында жетектеген Токтокожоев Кошубак, 2000-2008-жылдар аралыгында жетектеген Тагаев Ысмаил Орозбаевич бул тармакка өздөрүнүн чоң салымдарын кошо алышты. Андан кийин башкарманы 2008-2010-жылдары Жолдошов Абдылсакы Султанович башкарган. Ал эми 2010-жылдан тартып Калбаев Сыдыкали бул мекеменин жетекчиси болуп иштеп келе жатат.



Учурда ветбашкармада 6 кызматкер эмгектенет жана 14 ветсервис, 1 ветклиника элге кызмат көрсөтүүдө.

**Калбаев Сыдыкали Токтобаевич** 1966-жылы 26-майда Чоң-Алай районунун Дароот-Коргон айылында туулган. Жогорку билимдүү.

Үй-бүлөлүү, 2 уул, 3 кызы бар.

### Чоң-Алай райондук мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борбору

Ишкана 1991-жылы санитардык-эпидемиологиялык бөлүм болуп уюшулган жана бөлүм башчы болуп врач-эпидемиолог Мамыров Рысбек иштеген. 1992-жылы Чоң-Алай райондук эпидемиологиялык станциясы болуп кайрадан түзүлгөн.

20 жыл ичинде борбордун материалдык-техникалык базасы чыңдалып, медициналык жабдуулар, дары-дармектер менен жогорку деңгээлде камсыздалган. Анын негизинде борбор район аймагындагы жугуштуу ооруларга каршы эмдөөлөрдү натыйжалуу жүргүзүп келе жатат. Район аймагындагы мектептерде берилүүчү тамактар, ашканалар, дүкөндөр, көчмө базарлардын тамак-аштары ар дайым көзөмөлгө алынып, лабораториялык жол менен текшерилип турат.

Мекемени 1991-1992-жылдары Мамыров Рысбек, 1992-1993-жылдары Исаков Эргешбай, Калпыков Төлөгөн (башчынын милдетин аткаруучу), 1993-2002-жылдары врач-бактериолог Сулайманов Төлөн, 2002-2011-жылдары врач-стоматолог

Мамажунусов Парпидин жетектеп келишти. 2011-жылдын сентябрь айынан тартып Орозалиев Нурланбек башкы дарыгер болуп эмгектенүүдө.



Мекемеде жалпысынан 5 бөлүм иш алып барат жана 16 кызматкер эмгектенет.

**Орозалиев Нурланбек** 1983-жылы Чоң-Алай районунун Кашка-Суу айылында туулган. Билими жогорку, Кыргыз Мамлекеттик Медициналык Академиясын бүтүргөн.

Үй-бүлөлүү.

## Чоң-Алай райондук архитектура жана курулуш башкармалыгы

Архитектура жана курулуш ишканасы 1992-жылы 20-майда Чоң-Алай райондук өзүн өзү каржылоо архитектуралык өндүрүштүк бюросу болуп уюшулган. 2000-жылга чейин бардык жумуштар, иш чаралар өндүрүштүк бюронун бекитилген жобосунун негизинде аткарылып келген. 2000-жылдын 13-январында Чоң-Алай райондук архитектура жана курулуш бөлүмү, 2010-жылы райондук архитектура жана курулуш башкармалыгы болуп кайрадан түзүлгөн. Кайра түзүлүү учурларында мекеменин иштөө жоболору да өзгөртүлүп турган.



Ишканада 1992-1993-жылдары Рахманов Анарбай бюро башчы болуп иштеген. 1993-жылдын сентябрында башкы архитектор болуп бекитилген Нарматов Ашим мекемени бүгүнкү күнгө чейин жетектеп, үзүрлүү эмгектенип келе жатат.

Башкармалыктын негизги иш багыты - курулуш тармагындагы бардык курулуш имараттары үчүн тиешелүү документтерди даярдап берүү. Жобого ылайык ар бир курулуш иштерин көзөмөлдөө жана административдик чара көрүү болуп саналат.

Райондун аймагында курулуп жаткан курулуш имараттарынын сапатына жана мыйзамдуулугуна архитектура кызматынын салымы чоң. Ай сайын ар бир обьект текшерилип, иш-чара түзүлүп турат.

Учурда мекемеде 7 кызматкер эмгектенет.



**Нармаматов Ашим** 1956-жылы Чоң-Алай районунда туулган. Билими жогорку, кесиби инженер-куруучу. Райондук, облустук жана ведомстволук сыйлыктар менен сыйланган.

Үй-бүлөлүү.

## Чоң-Алай райондук мамлекеттик архиви

Чоң-Алай райондук мамлекеттик архиви 1992-жылы июнь айында Алай районунан бөлүнүп, өзүнчө архив болуп уюштурулган. Райондук архивде алгач уюшулган учурда 1 гана штаттык орун болуп, Эргешов Камчыбек иштеген.



Архивде бүгүнкү күндө райондогу бардык мекеме-ишканалардын 5500дөн ашуун иш кагаздары сакталууда. 2001-жылдан бүгүнкү күнгө чейин 2 штаттык бирдик менен иш жүргүзүп келет.

2002-жылдын апрель айынан тартып райондук архивдин башчысы болуп Калыков Мухаммаджан эмгектенүүдө.

**Калыков Мухаммаджан Курбанбаевич** 1961-жылы 25-декабрда Дароот-Коргон айылында туулган. Атайын орто билимдүү, Жалал-Абад шаарындагы соода техникумун бүтүргөн. Ош облусунун мамлекеттик администрациясынын, Ош облустук мамлекеттик архивинин, Республикалык архив агенттигинин Ардак Грамоталары менен сыйланган. 2008-жылы "Ош жаңырыгы" гезити «Жыл адамы» деп баалаган.

Үй-бүлөлүү, 2 уул, 3 кызы бар.

## Чоң-Алай райондук электр тармактар ишканасы

Чоң-Алай райондук электр тармактар ишканасы 1956-жылы сентябрь айында Сталин колхозунун борбору азыркы Кызыл-Туу айылында негизделген. Биринчи жолу Германиядан алынган согуш учурунда жер астында иштетилүүчү 87 кВт сааттык генератор Кызыл-Туу айылынын суусуна коюлуп, ишке киргизилген жана Дароот-Коргон, Кызыл-Туу айылдарына электр энергиясы берилген. Ишкананын алгачкы жетекчиси болуп 1956-1958-жылдары Ахунбаев Халил жана 16 жумушчу эмгектенген.

1970-жылы С-100 дизелдик тракторунун кыймылдаткычы кошумча иштетилип 60 кВт саат кубаттуулук берилип турган. 1971-жылы көчмө дизелдик электростанция агрегатынан (АПДС-

200) төрт даана бир мезгилде иштей баштаган, ошондой эле 1968-1983-жылдары «ШСЧ-200» маркасындагы суу астындагы кеменин кыймылдаткычы кошо иштелип Кашка-Суу айылынан баштап Кара-Тейит айылына чейин электр энергиясы берилген. 1984-жылдан тартып подстанциялар курула баштаган.

Бөлүмдү 1958-1974-жылдары Шумкаров Жаңыбай, 1974-жылдан баштап 1992-жылга чейин Гүдүбаев Нурмамат жетектеп келишкен.

Ишкана 1992-жылы Чоң-Алай райондук электр тармактар ишканасы болуп түзүлүп, 31 жумушчу эмгектене баштаган. Бул убакыттан тартып да бул тармакта көптөгөн натыйжалуу иштер аткарылып келе жатат. Алардын айрымдары катары 1996-1997-жылдары 35 киловольттук Дароот, Жар-Башы электр линиясы реконструкцияланып, 1600 кВт ПС «Жар-Башы» трансформатору ишке берилгенин жана 2003-жылдан баштап ишканага компьютерлештирүү системасы киргизилип, абоненттерге толугу менен электрондук жол аркылуу эсеп жүргүзүлө баштаганын айтсак болот.

Бул тармакта иштеп, өмүрүн элге кызмат кылууга арнаган Мааткеримов Сыдык, Абдыкааров Жусуп, Келдибеков Тургунбай, Темирбаев Асамидин, Шамансуров Атамбай, Сапарова Марила сыяктуу инсандар көзү өтүп кетсе да эл арасында жылуу маанайда эскерилип келет. Ошондой эле Эсенбаев Сейдакмат, Камбаралиев Толубай, Шакиров Жолдош, Шамшиев Бааридин, Топчубаев Арын, Шумкаров Сражидин, Шумкаров Жамалидин, Ыбраимов Абдималик, Мойдунов Жумабай ишкананын эмгек ардагерлери.



Ишканада 1992-2002-жылдары Темирбаев Асамидин Тажимаматович, 2002-2009-жылдары Кожоев Ниматилла Метинбаевич, 2009-2010-жылдары Кудайбергенов Султан Таабалдиевич жетекчи болуп иштеп келишти. 2010-жылдан тартып Айтиев Кубанычбек жетектеп келе жатат.

**Айтиев Кубанычбек Акимович** 1974-жылы 28-апрелде Чоң-Алай районунун Дароот-Коргон айылында туулган. Жогорку билимдүү, Ош технологиялык университетинен энергетика тармагы боюнча билим алган.

Үй-бүлөлүү, 3 уул, 1 кыздын атасы.



**№ 16 жол тейлөө ишканасы**

№ 16-жол тейлөө ишканасы 1955-жылы 31-октябрда Кыргыз ССРинин Транспорт министринин буйругу менен түзүлүп, ишке киргизилген. Ишкананын алгачкы жетекчиси Сатыбаев Акбий болгон, ал эми техникалык жетекчиси болуп Абдыкааров Режеп иштеген. Андан кийин Абдыкааров Режеп, Болотов Ибраим, Бердибеков Камал, Сапаев Муса, Мизамов Файзидин, Мурзабеков Акмат, Жакыпов Турдумамат жетекчи болуп үзүрлүү иштеп келишти.

Жаңы уюшулган учурда техника тартыш болуп, 1957-жылдан тартып бульдозер, чиркеме грейдер, кийинчерээк автогрейдер, чиркеме кар тазалыгыч сыяктуу техникалар бериле баштаган. Калк жашаган жерлерде фин тибиндеги жол ондоочу пункттар пайда болуп, бул мекеменин ишинин натыйжасында Кызыл-Суу, Талды-Суу, Кашка-Суу, Жекенди сууларына көпүрөлөр курулган. Техника менен камсыздоо 1968-жылдан кийин гана бир топ жакшырып, бул ишкана тарабынан көптөгөн натыйжалуу иштер аткарылды.



Азыркы кезде ишкана кубаттуу техникалар менен камсыздалган. Ушул жылы райондун аймагында эл аралык маанидеги 136 чакырым «Сары-Таш-Комсомолабад» автожолун реабилитациялоо аяктап, жыл соңунда тейлөөгө өткөрүлүп берилет.

Мекемеге 2007-жылы жетекчи болуп дайындалган **Канкелдиев Абдирасул Тажибаевич** 1963-жылы 16-июнда Чоң-Алай районунун Шибе айылында туулган. Жогорку билимдүү, Фрунзедеги Политехникалык Институтту аяктап, инженер-куруучу адистигине ээ болгон. Райондук, облустук мамлекеттик администрациялардын, Транспорт жана коммуникация министрлигинин Ардак грамоталары менен сыйланган. 2010-жылы Чоң-Алай районунун «Ардактуу атуулу» наамы ыйгарылган.

Үй-бүлөлүү, 2 уул, 1 кызы бар.

## Чоң-Алай райондук суу чарба башкармасы

Ишкана 1992-жылы 22-апрелде Алай райондук өндүрүштүк суу чарба башкармасынан бөлүнүп уюшулуп, Чоң-Алай райондук өндүрүштүк суу чарба башкармасы болуп аталган.

Мекемени 1992-жылдан 2006-жылга чейин Кутбаев Раимберди башкарган. 2006-жылдан баштап Абдылдаев Исматилла жетектеп келе жатат.

Чоң-Алай районунда жалпы 14164 га суулуу жер аянты болсо, анын 6202 га жер аянты суу чарба башкармасы аркылуу, 7962 га жер аянты ички чарбалык каналдар аркылуу суу менен камсыз болуп келген. Район аймагындагы каналдардын жалпы узундугу 250 чакырым, анын ичинен 151,3 чакырымын ички чарбалык каналдар түзөт.

Чоң-Алай райондук өндүрүштүк суу чарба башкармасынын карамагында 98,7 чакырым канал, 18 суу бөлүштүрүү курулмасы, 21 көпүрө, 46 суу өлчөө посттору болгон. Алгач уюшулган учурда ишканада 14 кызматкер эмгектенген. Алардын ичинен Жар-Башы айылынын тургуну, суу чарба башкармасында 32 жыл иштеген Абдивалиев Абдрахман, Кара-Мык айылынын тургуну, суу чарба башкармасында 25 жыл иштеген Паязов Кудайберген, Гүлчө айылынын тургуну, суу чарба башкармасында 13 жыл иштеген Уметалиев Нармат, Дароот-Коргон айылынын тургуну, суу чарба башкармасында 32 жыл иштеген Кутбаев Раимберди бүгүнкү күндө ардактуу эс алууга чыккан ардагерлер.



Суу чарба башкармасында каналдарды тазалоо жана суу бөлүштүрүү, курулмаларды куруу жыл сайын пландын негизинде жүргүзүлөт.

**Абдылдаев Исматилла Кудуретиллаевич** 1970-жылы 2-ноябрда Чоң-Алай районунун Дароот-Коргон айылында туулган. Билими жогорку, кесиби инженер-гидромелиоратор. Үй-бүлөлүү.



## Кыргызтелеком ишканасынын Чоң-Алай райондук бөлүмү

Чоң-Алай району өзүнчө уюшулганга чейин эле телефондук байланыш түйүнү иштеп келген. Район болуп бөлүнгөндөн кийин, Кыргызтелеком ишканасынын бөлүмү ачылып ишке киришкен. Бөлүм иштей баштагандан тартып, байланыш мурунку мезгилге караганда жакшырып, Дароот-Коргон АТСинин 100-2000 маркасындагы 500 номерлүү автоматтык телефон станциясы коюлган. Ал эми Жекенди айыл өкмөтүнө «Малютка» аппаратурасы коюлуп, телефондук байланыш бир топ эсеге жакшырган. Райондун ичинде жана район менен облустун, республиканын телефондук байланышынын жакшырышына ошол учурдагы ишкананын директору болуп иштеген Садыков Нисират Маматкалыковичтин эмгеги чоң. Анткени, анын мезгилинде аппаратуралар жаңыртылып, райондогу 2 кабаттуу имарат ишкананын балансына өткөн. 2001-жылдан тартып райондук телекомго башчы болуп Исаков Мурзабек келип иштегенден кийин дагы телефондук байланышта жаңыртуулар жана өзгөрүүлөр ишке ашып, 2008-жылдан СДМА 450 зымсыз сандык телефону байланыш жок бардык кыштактарга жеткирилип элдин кубанычын жараткан. Кыргызтелеком ААКнын райондук бөлүмүндө 2010-жылдын июнь айынан баштап Туйгунов Абдыганы Жээнбекович директор болуп иштеп жатат. Учурда эски типтеги байланыш жабдуулары жаңы, заманбап сандык АТСке алмашып, ошону менен бирге Дароот-Коргон-Сары-Таш аралыгына волокнооптикалык кабели тартылып келинип, пайдаланылууга берилүүнүн алдында турат.



**Туйгунов Абдыганы** 1975-жылы 10-октябрда Дароот-Коргон айылында туулган. Билими жогорку, Ош технологиялык университетинин энергетика факультетин бүтүргөн.

Кыргызтелеком ААКнын, Кыргызтелеком ААКнын Ош облустук филиалынын, Чоң-Алай райондук мамлекеттик администрациясынын Ардак Грамоталары менен сыйланган.

Үй-бүлөлүү, 1 уул, 3 кызы бар.

### Чоң-Алай райондук кинодирекциясы

Райондогу кино көрсөтүүнүн тарыхына кайрылсак, Воронов аттуу жаран бул саамалыкты биздин аймакка алып келип, 1946-1950-жылдар аралыгында элге алгачкы жолу кино көрсөткөн. 1951-жылдан тартып жергиликтүү элдин арасынан чыккан киномеханиктер кино тармагында элге кызмат өтөй башташкан. Калчороев Сары, Мамажакыпов Абдраим, Шарапов Чижо, Эшов Темирбай, Шарапов Сайдилда, Кааров Мукаш, Анарбаев Бакир сыяктуу инсандарыбыз лента аркылуу тасмаларды тартуулоо түйшүгүн көтөргөн. Алар бул кесиптин татыктуу ээлери катары эл оозунан түшпөй айтылып келет.

Бирок, Чоң-Алай районунда 2005-жылга чейин кино тармагында иш алып барган мекеме болгон эмес. 2005-жылы райондун атуулу Мусаев Мамаразак демилге көтөрүп, Ош облусунун губернаторуна, каржы, маданият министрликтерине, райондун акимине, киновидео бирикмесине кайрылуу каттарын жолдоп, натыйжада Чоң-Алай райондук кинодирекциясын түзүүгө жетише алды.

Учурда ар ишемби-жекшемби күндөрү ар түрдүү тематикадагы жаңы кинолор райондун аймагында коюлууда. Мисалга Ж.Акималиевдин «Жерге арналган өмүр» кыска метраждуу тасмасы дыйкандарга өзгөчө таасир калтырса, 2011-жылы мектеп окуучулары арасында коюлган «Мектеп рекэти» тасмасы да өспүрүмдөргө тарбиялык багыттагы таасирдүү иш-чара катары бааланды.



Учурда райондун 20 жылдык маарекесине карата кинодирекциянын чакан жамаатынын аракети менен кинозал даярдалып, райондун 20 жылдык таржымалын чагылдырган кыска метраждуу кино тартуу иштери аткарылууда.

Түзүлүү түйшүгүн артка таштап жаңы, заманбап жабдыктарды таап, элге сапаттуу кызмат көрсөтүүнүн жолунда келе жаткан мекемеде учурда 5 кызматкер эмгектенет.

Чоң-Алай райондук кинодирекциясын түптөп, түзүлгөн күндөн баштап жетектеп келе жаткан **Мамаразак Мусаев** 1959-жылы Чоң-Алай районунун



Жар-Башы айылында туулган. Билими жогорку, К. Скрябин атындагы институтту бүтүргөн. «Манас-1000» медалы, райондук, облустук, республикалык Ардак грамоталар менен сыйланган.

Үй-бүлөлүү, 7 баланын атасы.

### Чоң-Алай райондук жерге жайгаштыруу жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо бөлүмү

Кыргызстанда жерге жайгаштыруу боюнча мамлекеттик инспекциясы 1992-жылдын 21-апрелинде уюшулган. 1994-жылы



жерге жайгаштыруу боюнча мамлекеттик инспекциясы жер жана агрардык реформа боюнча, 1996-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы жерге жайгаштыруу жана жер ресурстары боюнча мамлекеттик агенттиги болуп кайрадан түзүлгөн. 1999-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо боюнча мамлекеттик агенттиги болуп түзүлүп, Чоң-Алай районунда райондук мамлекеттик жерге жайгаштыруу жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо башкармасы болуп уюшулган. 2009-жылы Кыргыз Респуликасынын Өкмөтүнө караштуу мамлекеттик каттоо кызматы болуп түзүлгөн жана бул кызматтын алдында 2010-жылы уюшулган кадастр жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо департаменти да элге кызмат көрсөтүүдө.

2002-жылдын 10-июнунда Чоң-Алай райондук жерге жайгаштыруу жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо болуп атайын сертификат алып, 2004-2005-жылдары айылдардын жер аянттарына системалык каттоо иштерин жүргүзүп, натыйжада 7128 кыймылсыз мүлк бар экендигин аныктап, мамлекеттик каттоодон өткөргөн. 2006-2007-жылдары айылдан сырткары жер үлүштөрү, короо-сарайлар жана башка кыймылсыз мүлктөргө системалык каттоо жүргүзгөн. 2006-жылдын экинчи жарымынан баштап башкармалык кайрадан Чоң-Алай райондук жерге жайгаштыруу жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо бөлүмү болуп түзүлгөн.

Учурда мекемеде 6 адис өзүн өзү каржылоо системасы менен иш алып барууда. Чоң-Алай району болуп статус алгандан тартып бүгүнкү күнгө чейин жер маселелерин жөнгө салуучу жогорку аты

аталган мекемелерди Бегматаев Абдижамил жетектеп келе жатат. 2012-жылдын 20-майынан баштап мекеменин эки кабаттуу жаңы имаратынын курулуш иштери башталды.

**Бегматаев Абдижамил Ботобаевич** 1963-жылы 5-январда Чоң-Алай районунун Чак айылында туулган. Жогорку билимдүү, Россия Федерациясынын Саратов шаарындагы К.А.Тимирязев атындагы айыл чарба техникумунун айыл чарба бөлүмүн жана Вологда шаарындагы ВМИнин агрономия бөлүмүн бүтүргөн. Райондук жана облустук мамлекеттик администрациялардын, түштүк региондор аралык кыймылсыз мүлк жана жер ресурстары борборунун, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо боюнча мамлекеттик агенттигинин Ардак грамоталары менен сыйланган жана «Кыргыз Республикасынын мамкаттоосунун отличниги» наамын алган.

Үй-бүлөлүү, 2 уул, 2 кызы бар.

## Чоң-Алай райондук маданият бөлүмү

Райондук маданият бөлүмү 1992-жылы район түзүлгөн алгачкы мезгилде түзүлүп, өз ишин баштаган. Бөлүм 1997-жылга чейин өзүнчө ишкана, 1997-2000-жылдары райондук билим берүү бөлүмүнүн курамында, 2000-жылдан тартып кайрадан өз алдынча мекеме катары иш жүргүзүп келе жатат. Биринчи түзүлгөн учурда калкка 9 китепкана, 6 маданият үйү кызмат көрсөтүп келген болсо, кийин ар тараптуу колдоолордун негизинде ар бир айылда китепкана, маданият үйлөрү ачылган.



Райондук маданият бөлүмүнүн «Тоо Булагы», «Беш Шумкар» фольклордук ансамбль топтору түзүлгөн.

Облустук, республикалык деңгээлдеги маданият тармагындагы ар түрдүү сынактарда Чоң-Алай районунан катышкан «Сармерден» сынагынын жеңүүчүсү Рашитов Омут, «Ак таңдай» төкмө акындар айтышынын жеңүүчүсү Камилов Бекмурза сыяктуу таланттуу инсандар алдыңкы орундарга чыгып келишкен.

Замандын талабына жараша китепканалар китеп фонду, маданият үйлөрү музыкалык аппаратуралар, улуттук кийимдер менен камсыздалып келе жатат.



Учурда маданият бөлүмүнө караштуу 13 китепкана, 9 маданият үйү бар.

Чоң-Алай райондук маданият бөлүмүндө 1992-1994-жылдары Сапаев Муса, 1994-1996-жылдары Келдибеков Турсунали, 1996-2001-жылдары Баатыркулов Пайзидин Мурзабекович, 2001-2006-жылдары Жусупов Аманилла башчы болуп иштешкен. 2006-жылдан тартып Бакыбеков Бекназар бул мекеменин жетекчиси болуп эмгектенип келүүдө

**Бакыбеков Бекназар Жунусович** 1973-жылы 22-июлда Чоң-Алай районунун Жекенди айылында туулган. Жогорку билимдүү. Үй-бүлөлүү.

## Чоң-Алай токойчулугу

Чоң-Алай токойчулугу Кыргыз Республикасынын Токой кызматынын 2003-жылдын 9-январындагы буйругу менен өз алдынча баланстагы токойчулук болуп уюшулган. Ага чейин мекеме Ош токой чарбасынын курамында болуп келген жана 2003-жылы 43440 га мамлекеттик токой фондусунун жер аянтын коргоо жана сактоо, токой чарбачылык жумуштарды аткаруу менен өз ишин баштаган. Учурда токойчулук административдик жактан 7 корукка бөлүнгөн.

Токой башчы болуп Тагаев Жамалидин, Абжапаров Касым, Кыпчакбаев Пайзидиндер иштешкен, ал эми Чоң-Алай токойчулугу уюшулгандан бери 2003-2005-жылдары Газыбеков Бейшен, 2005-2007-жылдары Газыбеков Турсунали токой башчы болуп эмгектеништи. 2007-жылдын ноябрь айынан баштап мекемени Жапаров Канкелди жетектеп келе жатат.



Мекемеде учурда 15 кызматкер эмгектенет.

**Жапаров Канкелди Аманбекович** 1971-жылы 16-декабрда Чоң-Алай районунун Кулчу айылында туулган. Жогорку билимдүү. Ош облустук токой чарба башкармалыгынын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу айлана-чөйрөнү коргоо жана токой чарба мамлекеттик агенттигинин Ардак грамоталары менен сыйланган жана II класстагы токой башчысы чинин алган.

Үй-бүлөлүү.

**«Кыргызстан» камсыздандыруу компаниясынын Чоң-Алай районундагы өкүлчүлүгү**

«Кыргызстан» камсыздандыруу компаниясы 1991-жылы уюшулуп, 1926-жылы түзүлгөн Кыргыз АССРинин мамлекеттик камсыздандыруу уюмунун ишмердүүлүгүн улантуу укугуна ээ болуп келе жатат.

«Кыргызстан» камсыздандыруу компаниясынын негизги миссиясы Кыргыз Республикасынын жарандарынын кызыкчылыгын жана бакубатчылыгын коргоо максатында жана алардын талаптарына жооп бергендей камсыздандыруу



тейлөөлөрүн жүргүзөт. Камсыздандыруу ишканасы өз тейлөөлөрүн өз каалоосу боюнча жана милдеттүү камсыздандырууну сунуштоо аркылуу ишке ашырат. Ал эми Чоң-Алай районунда бүгүнкү күнгө чейин жарандардын өз каалоосу боюнча камсыздандыруу иш жүргүзүлүп келе жатат.

Мекеменин Чоң-Алай районундагы өкүлү болуп Газыбеков Турсунали эмгектенет.

**Газыбеков Турсунали Сабирович** 1964-жылы Чоң-Алай районунун Жаш-Тилек айылында туулган. Билими жогорку, Кыргыз айыл чарба институтун бүтүргөн.

Үй-бүлөлүү.

**Чоң-Алай райондук Жарандык абал актыларын каттоо бөлүмү**

Мекеме 1992-жылы 22-июлда Чоң-Алай райондук ЗАГС бөлүмү болуп түзүлүп, 1996-жылы ГААК бөлүмү болуп өзгөргөн. Ал эми 2010-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу мамлекеттик каттоо кызматынын алдындагы жарандык абал актыларын катоо департаментинин Чоң-Алай райондук ЖААК бөлүмү болуп уюшулган. Бөлүмдү 1992-жылдан 2002-жылга чейин Шакирова Галдаркан жетектеген. 2002-жылдан тартып Туйгунова Бактыгүл бөлүмдүн жетекчиси болуп эмгектенип келе жатат. Учурда бөлүмдө жалпы төрт кызматкер эмгектенет.





**Туйгунова Бактыгүл Насердиновна** 1968-жылы 24-мартта Фрунзе шаарында туулган. Жогорку билимдүү, Фрунзе шаарындагы орус тили жана адабияты педагогикалык институтун аяктаган. Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигинин, Ош облустук, Чоң-Алай райондук мамлекеттик администрацияларынын, Ош облустук юстиция башкармалыгынын Ардак Грамоталары менен сыйланган.

Үй бүлөлүү, 2 уулу, 3 кызы бар.

**Чоң-Алай райондук мамлекеттик нотариалдык кеңсеси**

Чоң-Алай райондук мамлекеттик нотариалдык кеңсеси 1993-жылы ачылган. Чоң-Алай районунда нотариалдык контора



ачылгандан баштап, 1993-1994-жылдары Сапаралиев Акмат Ниязмаматович, 1994-1998-жылдары Саитов Жеңишбек Мидинович, 1998-2006-жылдары Бадир кызы Ырысбүбү, 2006-2011-жылдары Таштанбеков Маматкадыр Момунбаевичтер нотариус кызматын аркалап келишкен. 2011-жылдын сентябрынан баштап Чоң-Алай райондук мамлекеттик нотариалдык кеңсесинин нотариусу болуп Мукталиев Болот иштеп келе жатат.

**Муктаралиев Болот Муктаралиевич** 1985-жылы 16-августта Ош шаарында туулган. Билими жогорку, Ош мамлекеттик юридикалык институтун аяктаган. Үй-бүлөлүү.

**Чоң-Алай райондук дене тарбия, спорт комитети**

Ишкана 2000-жылы райондук мамлекеттик администрациясынын алдындагы жаштар иштери боюнча комиссия катарында уюшулган. Ошол эле жылы жаштар жылына карата жаштар комитети болуп уюштурулуп Айтматов Мамат жетекчилик кылган. 2001-жылы туризм, спорт жана жаштар саясаты боюнча комитет болуп түзүлүп Үсөнова Үрпия жетектеген. 2003-жылдан бери бул комитетти Бердибеков Шамши жетектеп келе жатат.

10 жылдын аралыгында бул комитет райондук билим берүү бөлүмүнө кошулуп кайра өзүнчө болуп бөлүнгөн. Учурда дене тарбия, спорт комитети болуп ишмердүүлүгүн жүргүзүп келет.

Бөлүм райондун аймагында спорт боюнча координация жасайт. Спорт иштеринин өнүгүшүнө, мелдештердин өткөрүлүшүнө



спорттук инвентарлар менен камсыз болушуна жана алдыңкы спортчуларды облустук, республикалык мелдештерге катыштырууга көзөмөл жасайт. Райондогу спорт комитетинин көмөгүнүн негизинде райондук спортчулар жеңил атлетика боюнча облуста 2001-жылдан бери биринчи орунга чыгып келишет.

**Бердибеков Шамши Камалович** 1970-жылы 25-сентябрда Дароот-Коргон айылында туулган. Жогорку билимдүү, Ош мамлекеттик университетинин биология факультетин аяктаган. Кесиби биолог-эколог.

Үй-бүлөлүү, 1 уул, 4 кызы бар.

## Экономиканы өнүктүрүүнүн мамлекеттик фондунун Чоң-Алай райондук өкүлчүлүгү

Кыргыз Республикасынын каржы министрлигине караштуу экономиканы өнүктүрүү фондунун Чоң-Алай райондук өкүлчүлүгү 2001-жылы уюштурулган.

Өкүлчүлүк жаңыдан уюшулган учурда Айыл чарба министрлиги аркылуу мурда алынган бюджеттик кредиттен 10 субьект, Япониянын 1-2-3-гранттарынан 62 субьект, жалпы кредиттин бардык түрлөрү боюнча 766302 сом ЭӨМФга өткөрүлүп, келишимдеги көрсөтүлгөн мезгилге чейин толук кайтарылып бүткөрүлгөн.

Өкүлчүлүк Япония өлкөсүнүн грантынын эсебинен 2001-2002-жылдары 3 жылдык кайтаруу мөөнөтү менен МТЗ-820 тракторлорун алып берип, анын кайтарылышын өз мөөнөтүндө жүргүзгөн. Ошондой эле өкүлчүлүк тарабынан ар жылы район элине үрөн, жер семирткич, күйүүчү май алынып келип, төлөө өз мөөнөтүндө аткарылып турат.

Ишкана айылдардагы социалдык обьектилердин курулуштарынын зарыл болгон долбоорлорун өткөрүп, кайтарымсыз түртку берүүчү грант аркылуу каржылап, долбоордун ишке ашырылуусун обьект бүтүп, өткөрүлүп берилгенге чейин көзөмөлгө алып, бүткөрүлгөн жумушту комиссия менен бирдикте кабыл алат. Алардын айрымдары



катары «Теңизбай», «Горумду», «Кочкорчу», «Тараша» каналдарынын, «Чулук» мектебинин капиталдык курулуштары, «Шибе» мектебинин кошумча корпусунун, «Жекенди» «Кашка-Суу» спорт залдарынын курулуштарын айтсак болот.

ЭӨМФнун райондук өкүлчүлүгү райондун дыйкандарын үрөн,



жер семирткич, аштык буудай, айыл чарба техникалары менен камсыз кылуу, мамматрезервден алынган дандын, ар түрдүү алынган кредиттердин кайтарылышын камсыз кылуу боюнча зайымчылар менен тыгыз иш жүргүзөт.

ЭӨМФнун Чоң-Алай районундагы өкүлү болуп 2001-2005-жылдары Туйгунов Насердин иштеген. 2005-жылдын ноябрь айынан бери бул кызматта Мундузбаев Элчибай иштеп келе жатат.

**Мундузбаев Элчибай** 1952-жылы 18-декабрда Чоң-Алай районунун Кара-Шыбак айылында туулган. Атайын орто билимдүү, Фрунзедеги финансы-экономикалык техникумду окуп бүтүргөн. Райондук, облустук администрациялардын, Каржы министрлигинин, ЭӨМФнун, АРИСтин Ардак Грамоталары менен сыйланган.

Үй-бүлөлүү, 2 уул, 6 кызы бар.

## Чоң-Алайдагы №1 аймактык радио рельелик магистралдар түйүнүнүн бөлүмчөсү



Чоң-Алай районунун аймагындагы алгачкы телекөрсөтүү 1979-жылы Чоң-Алай совхозу тарабынан сатылып келинген ретранслятор аркылуу ишке ашырылган. Алгач, Орбита программасын Дароот-Коргон, Кызыл-Туу, Кара-Шыбак, Жар-Башы айылдары көрө башташкан. 1984-жылы Кара-Кыр участкасына Чоң-Алай совхозунун каражаты менен курулган телемунара аркылуу Чоң-Алай аймагындагы бир топ кыштактардын калкы телевизор көрүүгө мүмкүнчүлүк алышкан. Кошумча жабдуулардын натыйжасында КТР, ОРТ каналдарын көрсөтүү дээрлик бардык айылдарга жеткирилген.

Телекөрсөтүүлөрдүн бардык кыштактарга жеткирилишине бөлүмчөнүн учурдагы башчысы Ислаев Мамашариптин кызматы өзгөчө белгилөөгө арзыйт.

**Ислаев Мамашарип** 1956-жылы Дароот-Коргон айылында туулган. Атайын техникалык орто билимдүү. Үй-бүлөлүү.

### Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциянын Чоң-Алай райондук бөлүмү

1989-жылы Ош облустук жаратылышты коргоо бөлүмү түзүлүп, 1996-жылы Ош-Жалал-Абад айлана-чөйрөнү коргоо аймактык башкармалыгы, 1999-жылы Ош облустук айлана-чөйрөнү коргоо башкармалыгы, 2008-жылы Ош-Баткен облустар аралык айлана-чөйрөнү коргоо башкармалыгы болуп келсе, 2012-жылдын февралында экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекция болуп өзгөртүлгөн. Райондогу айлана-чөйрөнү коргоо боюнча иштер жогорудагы өзгөрүүлөргө ылайык аткарылып келе жатат. Бөлүмдүн инспектору болуп Кыпчакбаев Пайзидин эмгектенүүдө.



**Кыпчакбаев Пайзидин Садирович** 1958-жылы 8-августта Кулчу айылында туулган. Билими атайын орто, Тажикстандын Душанбе шаарындагы техникумдун «Токой чарба» факультетин аяктаган.

Үй-бүлөлүү, 5 уул, 4 кызы бар.

### Чоң-Алай райондук агартуу профсоюз комитети

Чоң-Алай райондук агартуу профсоюз комитети 1992-жылдан бери өз ишмердүүлүгүн жүргүзүп, педагогикалык кызматкерлердин социалдык-экономикалык кызыкчылыктарын коргоп келет. Райондук агартуу профсоюз комитети уюшулгандан бери Кожоева Инаят, Кутмаматов Абдыкадыр, Бакиров Имарбай жетекчи болуп келишкен. 2008-жылдан бери агартуу профсоюз комитетинин төрагасы болуп Абдылдаев Касымбек Дыканович эмгектенүүдө.



Ал өзүнүн ишмердүүлүгүндө райондук билим берүү тармагында өткөрүлгөн «Жылдын мугалими», «Жылдын мыкты окуучусу», «Жылдын мыкты тарбиячысы» ж.б. конкурс, семинарларга берилүүчү сыйлык, белектерди уюштуруп, берип келет.

Бийик тоолуу жана ага теңдештирилген жерлерде жайгаштырылган мектептерде иштеген мугалимдерге Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2003-жылдын 13-февралындагы №555-токтомуна жана эмгек кодексинин №361, 368, 373-беренелерине ылайык эмгек акыга пайызды, эмгек өргүүсүнө кошумча календардык күндөрдү эмгекке жарамдык баракчаларына кошумча күндөрдү кошуп төлөөнү киргизүүгө жетишти. Мугалимдердин статусу жөнүндөгү мыйзамга ылайык медициналык кароо акысыз өткөрүлүүдө. Билимин өркүндөтүүгө жөнөтүлгөн мугалимдердин сапар чыгымдары 2011-жылдан бери айылдык округдар тарабынан үзгүлтүксүз каржыланып жатат. Мугалимдердин санатория, курорттук жайларда дарылануусу жана эс алуусу облустук профсоюз комитетинин төрагасы Тойгонбаев Сабыр Абдыбааповичтин демилгеси менен жылдан жылга өсүүдө. 2008-жылы эс алууга 2 гана жолдомо берилген болсо, 2012-жылы 15 жолдомо берилип 29 адам эс алып келди. Андан сырткары тоголок, жарым жетим, турмуш шарты оор үй-бүлөлөрдүн балдарынан 2009-жылы 8 бала эс алууга жөнөтүлгөн болсо, 2012-жылы 10 бала эс алып келди. Негизинен, профсоюз комитетинин максаты билим жана илим тармагындагы иштеген кызматкерлердин укуктарын бекем коргоо, ойдогудай жашоолорун камсыз кылууларына, татыктуу эмгек акы алууларына көзөмөл кылып жардам берүү.



**Абдылдаев Касымбек Дыканович** 1971-жылы 10-июнда Дароот-Коргон айылында туулган. Билими жогорку, Ош мамлекеттик университетинин Табият таануу жана география факультетин бүтүргөн. Билим, илим кызматкерлеринин отличниги, райондук, облустук администрациялардын, Ош облустук профсоюз комитетинин Ардак Грамоталарынын ээси. Үй-бүлөлүү.

## «Алтын-Дара» туз кени ишканасы

«Алтын-Дара» туз кени Дароот-Коргон айылынын түштүгүндө жайгашкан. Туз кенин иштетүү максатында райондун демилгеси менен 1993-жылы жоопкерчилиги чектелген «Алтын-Дара» туз кен ишканасы уюштурулган. Туз 47,8 млн кору бар экендиги аныкталган. Ишкана бүгүнкү күндө тоюттук таш тузду кол күчү менен даярдап, райондун элинин мал чарбасын тоюттук туз менен камсыз кылып келе жатат. «Алтын-Дара» туз кен чакан ишканасын толук кандуу иштетүү үчүн инвестиция тартуу зарылдыгы бар. Эгер бул ишкана толук кандуу иштесе, Ош жана Фергана облустарындагы мал чарбачылыгын тоюттук туз менен толук камсыз кылууга мүмкүнчүлүк түзүлөт.



«Алтын-Дара» туз кен чакан ишканасын 1993-жылдан бери **Койлубаев Абыт** жетектеп келет. Ал 1940-жылы 13-апрелде Дароот-Коргон айылында туулган. Билими жогорку, Токмоктогу айыл чарба техникумун, Алма-Атадагы партиялык жогорку окуу жайын бүтүргөн.

Үй-бүлөлүү, 6 уул, 5 кызы бар.

Мындан сырткары Чоң-Алай районунда Казыналыктын Чоң-Алай райондук бөлүмү, адвокатура, MSDSP KG коомдук фонду, Айыл Банктын, Финка, Ага Хан, Компаньон, Мөл Булак кредиттик компанияларынын филиалдары ж.б. бир катар мекеме-ишканалар өз ишмердүүлүгүн жүргүзөт.



# Баатыр уулу бар эл – бактылуу эл

Акын Жоомарт Бөкөнбаевдин «Чептен эрдин күчү бек» поэмасында айтылгандай Чоң-Алай элинде дагы мекенчил, патриот, баатыр уулдарыбыз жок эмес. Алардын катарына Улуу Ата Мекендик согуштун, Ооган согушунун жана Баткен, Чоң-Алай коогалаңынын катышуучуларын айтууга болот. Бүгүнкү күндө Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучуларынан эки гана ардагерибиздин көзү тирүү, алар жана Ооган согушунун жети катышуучусу, Баткен согушунда мекенди коргогон жигиттерибиз жаштарды мекенди сүйүүгө үндөп, тарбиялык мазмундагы иш-чараларды өткөрүп келишет.

### Мурзаев Токтобек – Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу



Мурзаев Токтобек азыркы Чоң-Алай районуна караштуу Мукур кыштагында 1922-жылы туулган. 1942-жылы 20 жашында согушка аттанган. 6 ай аткычтардын машыгуусунан өткөндөн кийин «Согуштун кудайы» деп аталган артиллерист болуп кан майданга кирет. Полктун 120. мм минеметунун новодчик-мээлөөчүсү болуп кызмат кылат. Бул минеметтун өзгөчө касиети өзү далдаа жерде жашынып алып деле душманды талкалай берет. Ошентип 1-2-3-Прибалтикалык, 3-Белорусь фронторунда салгылашкан. Россиянын Старый Русь, Великие Луки, Ленинград шаарлары үчүн болгон согуштардын катышуучусу. Латвия, Литва, Эстония Республикаларын бошотууга катышкан. Польшанын борбору Варшаваны бошотууда 3-жолу катуу жарадар болгон. Госпиталда 11 ай жатып 1945-жылы декабрда демобилизация болуп үйүнө келген.

Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде «За отвагу СССР» медалы менен, «Улуу Ата Мекендик согуш» орденинин биринчи

баскычы, «1941-1945-жылдарда Германияны жеңгендиги үчүн» медалдары менен сыйланган.

Согуштан кийинки учурда колхоз, совхоздордо мыкты эмгектенип «За доблестный труд», «Ветеран труда» медалдарын алган. Мыкты мергенчилиги жана баалуу терилерди камдагандыгы үчүн «Отличник охотничьего промысла» төш белгисин алууга татыган.

2009-жылы ажылык парзын аткарып келген. Ыр жазуу менен алектенет.

3 уул, 1 кыздын, 30 небере, 20 чеберенин атасы.

### Садыбакас Осмонов – Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу



Чоң-Алай районунундагы Жекенди айылдык округуна караштуу Чулук айылында 1920-жылдын 10-июлунда туулган. 1942-жылы Ата мекенди фашисттик баскынчылардан коргоо үчүн советтик армиянын катарына чакырылган. Ошол жылдын сентябрь-декабрь айларында 72-Батыш аткычтар полкунда кызмат өтөгөн. Андан кийин 311-аткычтар полкунда чалгынчы болуп, 1945-жылдын 9-майына чейин кызмат кылган.

Согуш учурундагы жасаган эрдиктери бааланып, 1944-жылы «Медаль за отвагу», 1945-жылы «1941-1945-жылдарда Германияны жеңгендиги үчүн» медалдары менен сыйланган. 1943-жылы оң колунан жана башынан оор жарадар болгон. Ошентип согуштан 1947-жылы кайтып келген. Согуштун ардагери Осмонов Садыбакас жеңиштин 30, 50 жылдыктарындагы жана СССРдин куралдуу күчтөрүнүн 50-70 жылдыктарына карата чыгарылган медалдар менен сыйланган. Кийин «Медалью Жукова», «Медалью ветеран труда» медалдарын алган. Согуштагы каармандыгы үчүн 1985-жылы «Отечественной войны» орденинин 2-баскычын алган. Согуштан кайтып келгенден кийин бүлүнгөн чарбаларды калыбына келтирүү үчүн бардык күч аракетин жумшады. Садыбакас ардагердин эл үчүн кылган кызматынын эң орчундуусу СССРдин мезгилинде да мектеп салынбаган Чулук айылына өз күчү менен мектептин курулушун баштагандыгы болду. Бул демилгени эл, өкмөт колдоп, ал мектеп ишке киришип, билим берүү уясына айланды. Эл ардагердин эмгегин жогору баалап, мектепке анын ысымын берген.



*Ооган жергесине 1979-жылдын 29-декабрында киргизилген Советтик армиянын катарында чоңалайлык 10 азамат жигиттерибиз да бар эле. Алар Кенжебаев Икрам, Маматкожоев Алмамат, Кармышев Нажимидин, Сайпидинов Жанибек, Ысаков Сайтидин, Убрайимов Жамалидин, Сейитбеков Курбанали, Тургунов Аззам, Акматов Сулайман, Асанов Максаткул. Алардын ичинен кан күйгөн согушта оор жаракат алган Кармышев Нажимидин биздин арабызда жок. Анын эрдигин түбөлүккө эскерүү максатында ысымы өзү туулуп, өскөн Жар-Башы айылындагы мектепке берилген. Майрам сайын анын эстелигине достору, мектеп окуучулары гүл коюп эскеришет.*

### Маматкожоев Алмамат – Ооган согушунун ардагерлер уюмунун төрагасы




А. Маматкожоев 1966-жылы Дароот-Коргон айылында туулган. 1984-жылы Советтик армиянын катарына чакырылып, 1985-жылы апрель айында Демократиялык Авган Республикасына өз ыктыяры менен интернационалдык милдетин аткаруу үчүн жөнөп кеткен. 1987-жылы өз мекенине кайтып келген. Өз милдетин абийирдүүлүк, эрдик менен аткаргандыгы үчүн бир нече медалдар жана грамоталар менен сыйланган. Учурда райондук ооруканада тиш дарыгери болуп иштейт.

Үй-бүлөлүү, 1 уул, 2 кызы бар.

**Кыргыз Республикасынын «Баткен жана башка локалдуу кагылышууларынын катышуучуларынын Республикалык уюмунун» Чоң-Алай филиалы**

Уюм 1999-жылы өлкөбүздүн чек арасын мыйзамсыз басып кирген экстремисттердин мизин кайтарууга катышкан ардагерлердин демилгеси менен 2011-жылдын 5-декабрында Кара-Мык айылында өткөрүлгөн конференцияда түзүлгөн. Уюмдун максаты ардагерлерге көмөк көрсөтүү, ар кандай тарбиялык иш-чаралар аркылуу жаштарды Ата Мекенди сүйүүгө, коргоого чакыруу болуп саналат. Уюмда катталган 124 ардагер бар. Уюмдун төрагасы болуп Садыков Абдилашим дайындалган.



**Садыков Абдилашим Эшмаматович** 1964-жылдын мартында Кара-Мык айылында туулган. Билими бүтпөгөн жогорку, Ош мамлекеттик университетинде сырттан окуйт.

Үй-бүлөлүү, 1 уул, 1 кызы бар.



**Чоң-Алай району жалпы 20 айылдан турат. Алардын ичинен 9 айыл Чоң-Алай айылдык округунда, 6 айыл Кашка-Суу айылдык округунда, 5 айыл Жекенди айылдык округунда жайгашкан.**

## Чоң-Алай айылдык округундагы айылдар

### Дароот-Коргон айылы



Чоң-Алай районунун жана Чоң-Алай айылдык округунун административдик борбору. Деңиз деңгээлинен 2480 метр бийиктикте жайгашкан. Дароот-Коргон айылында 891 кожолук жашайт, калкынын саны 4945 киши. Айылда 2 орто мектеп, кесиптик лицей, маданият үйү, оорукана, бала бакчалар жана райондук мекеме-ишканалар жайгашкан. 6 мечит бар. Жумасына бир жолу жайма жана мал базар болот. Болжолдоолордун бирине ылайык, айыл Дара (таж. – жылга), Оот (таж. – суу), жана айылда жайгашып, сакталып калган Кокон хандыгынын тушундагы Кулдатканын коргонуна байланыштуу Дароот-Коргон деп аталган.

### Жар-Башы айылы

Чоң-Алай айылдык округуна караштуу кыштак. Деңиз деңгээлинен 2490 метр бийиктикте жайгашкан. Жар-Башы айылында 450 кожолук жашайт, калкынын саны 2224 киши. Айылда орто мектеп, фельдшердик-акушердик эмдөөкана, китепкан, 5 мечит бар. Айыл Кызыл-Суунун алабындагы жар башында жайланышкандыктан Жар-Башы деп аталып калган. Айыл башчы болуп учурда Жусупов Эшкулу иштейт.

### Чак айылы

Чоң-Алай айылдык округуна караштуу кыштак. Деңиз деңгээлинен 2480 метр бийиктикте жайгашкан. Чак айылында 380 кожолук жашайт, калкынын саны 1965 киши. Айылда орто мектеп, фельдшердик-акушердик эмдөөкана, маданият үйү, китепкана, 2 мечит бар. Таза суу менен камсыздалган. Айылдын аталышы өткөн замандарда жашап өткөн, уруулук чабыштарда эл коргогон Чак аттуу баатырдын ысымына байланыштуу деген жоромолдор айтылат. Айыл башчы болуп учурда Каландаров Маамат иштейт.

### Жаш-Тилек айылы

Чоң-Алай айылдык округуна караштуу кыштак. Деңиз деңгээлинен 2490 метр бийиктикте жайгашкан. Жаш-Тилек айылында 200 кожолук жашайт, калкынын саны 1002 киши. Айылда орто мектеп, фельдшердик-акушердик эмдөөкана, бала бакча, китепкана, мечит бар. 1940-жылдары айылдын ордунда колхоз уюштурулуп, колхоз мүчөлөрү тарабынан Жаш-Тилек деп аталып калган. Айыл башчы болуп учурда Сапаралиев Абдилаким иштейт.

### Кызыл-Эшме айылы

Чоң-Алай айылдык округуна караштуу кыштак. Деңиз деңгээлинен 2660 метр бийиктикте жайгашкан. Кызыл-Эшме айылында 260 кожолук жашайт, калкынын саны 1210 киши. Айылда орто мектеп, клуб, китепкана, фельдшердик-акушердик эмдөөкана, мечит бар. Кыштактын жогорку жагы кызыл, эшилген куюлма кумдуу болгондуктан Кызыл-Эшме деп аталган. Айыл башчы болуп учурда Таштанбеков Чыңгыз иштейт.

### Кулчу айылы

Чоң-Алай айылдык округуна караштуу кыштак. Деңиз деңгээлинен 2470 метр бийиктикте жайгашкан. Кулчу айылында 110 кожолук жашайт, калкынын саны 530 киши. Айылда толук эмес орто мектеп, фельдшердик-акушердик эмдөөкана, китепкана, мечит бар. Таза суу менен камсыздалган. Айылдын аталышы айылдын аймагын мал багып пайдаланган байдын атынан аталган. Айыл башчы болуп учурда Баймаматов Гожомберди иштейт.



### Жаман-Жар айылы

Чоң-Алай айылдык округуна караштуу кыштак. Деңиз деңгээлинен 2520 метр бийиктикте жайгашкан. Жаман-Жар айылында 891 кожолук жашайт, калкынын саны 440 киши. Айылдын эли Жаш-Тилек айылындагы орто мектептен, китепканадан, эмдөөканадан, бала бакчадан пайдаланышат. Айыл башчы болуп учурда Асанбаев Асилбек иштейт.

### Кызыл-Туу айылы

Чоң-Алай айылдык округуна караштуу кыштак. Деңиз деңгээлинен 2500 метр бийиктикте жайгашкан. Кызыл-Туу айылында 75 кожолук жашайт, калкынын саны 345 киши. Айылдын эли Дароот-Коргон айылындагы мектеп, китепкана, эмдөөкана, бала бакчадан ж.б. пайдаланышат. Айылда 1 мечит бар. Айыл башчы болуп учурда Кожокматов Болотбек иштейт.

### Кара-Шыбак айылы

Чоң-Алай айылдык округуна караштуу кыштак. Деңиз деңгээлинен 2510 метр бийиктикте жайгашкан. Кара-Шыбак айылында 30 кожолук жашайт, калкынын саны 150 киши. Айылдын эли Дароот-Коргон айылындагы мектеп, китепкана, эмдөөкана, ж.б. пайдаланышат. Айыл башчы болуп учурда Насиров Сулайман иштейт.

## Кашка-Суу айылдык округундагы айылдар

### Кашка-Суу айылы



Кашка-Суу айылдык округунун борбору. Деңиз деңгээлинен 2860 метр бийиктикте жайгашкан. Кашка-Суу айылында 573 кожолук жашайт, калкынын саны 2887 киши. Айылда орто мектеп, оорукана, балдар бакчасы, китепкана, клуб, мечит бар. Жумасына бир жолу жайма жана мал базар болот. Таза, тунук, мөңгү суусу айылды аралап өткөндүктөн Кашка-Суу аталып калган. Айыл башчы болуп учурда Алимбеков Мамыт иштейт.

### Ачык-Суу айылы

Кашка-Суу айылдык округуна караштуу кыштак. Деңиз деңгээлинен 3100 метр бийиктикте жайгашкан.1931-1932-жылдары бул айылда колхоз уюштурула баштаган. Ирилештирүү мезгилинде айыл Кара-Шыбак айылына көчүрүлүп, айылдын аймагы жайлоо катары пайдаланыла баштаган. 1975-жылы Ачык-Суу тарыхый ордуна кайрадан курула баштаган жана Кызыл-Суу совхозу уюштурулган. Ачык-Суу айылында 449 кожолук жашайт, калкынын саны 2339 киши. Айылда орто мектеп, оорукана, китепкана, маданият үйү, мечит бар. Айыл башчы болуп учурда Боркошев Ибраим иштейт.

### Кабык айылы

Кашка-Суу айылдык округуна караштуу кыштак. Деңиз деңгээлинен 2680 метр бийиктикте жайгашкан. Айыл 1976-жылы «Кабык» деген аталышка ээ болгон. Айылда «Алай» МЖСи уюшулуп, ал 1994-жылы айыл комитетине айланган жана 1996-жылы жоюлган. Кабык айылында 171 кожолук жашайт, калкынын саны 827 киши. Айылда орто мектеп, клуб, китепкана, фельдшердик-акушердик эмдөөкана, мечит бар. Айыл башчы болуп учурда Машеров Ысман иштейт.

### Жайылма айылы

Кашка-Суу айылдык округуна караштуу кыштак. Деңиз деңгээлинен 2780 метр бийиктикте жайгашкан. Жайылма айылы 1969-жылы курула баштаган жана Өзбекстандын Фергана облусуна карап турган. 1996-жылы Чоң-Алай районуна өткөрүлгөн. Айыл жаңы жана эски Жайылма деген эки айылдан турат. Жайылма айылында 138 кожолук жашайт, калкынын саны 795 киши. Айылда орто мектеп, балдар бакчасы, фельдшердик-акушердик эмдөөкана, мечит бар. Айыл башчы болуп учурда Гайыпов Өмүрбек иштейт.

### Кара-Кабак айылы

Кашка-Суу айылдык округуна караштуу кыштак. Деңиз деңгээлинен 2890 метр бийиктикте жайгашкан. Кара-Кабак 1954-1955-жылдары айылда жайгашкан станциянын атына байланыштуу ЮКОС (Южная кыргызская опытная станция) болуп өзгөргөн. 1992-жылдан Кызыл-Дөң айылы болуп аталып,




2002-жылдан кайрадан Кара-Кабак айылы деп аталат. Кара-Кабак айылында 125 кожолук жашайт, калкынын саны 688 киши. Айылда орто мектеп, маданият үйү, фельдшердик-акушердик эмдөөкана, мечит бар. Айыл башчы болуп учурда Шамурзаев Шерали иштейт.

### Бурган-Суу айылы

Кашка-Суу айылдык округуна караштуу кыштак. Деңиз деңгээлинен 2910 метр бийиктикте жайгашкан. Бурган-Суу Алай районуна караштуу Сары-Могол айылына чектеш жайгашкан. Эгин талааларды сугаруунун башаты, сугат каналдары ушул айылдан бөлүнгүндүгүнө байланыштуу Бурган-Суу деп аталган. Бурган-Суу айылында 65 кожолук жашайт, калкынын саны 318 киши. Айылдын окуучулары Сары-Могол айылындагы мектептен билим алышат жана калкы аталган айылдын ооруканасынан, балдар бакчасынан, маданият үйүнөн, базарынан пайдаланышат. Айыл башчы болуп учурда Калмурзаев Абдималик иштейт.

## Жекенди айылдык округундагы айылдар

### Кара-Мык айылы



Жекенди айылдык округунун борбору. Деңиз деңгээлинен 2380 метр бийиктикте жайгашкан. Кара-Мык айылында 550 кожолук жашайт, калкынын саны 2761 киши. Айылда орто мектеп, оорукана, китепкана, маданият үйү, мечит бар. Жумасына бир жолу жайма жана мал базар болот. Айылда Кызыл-Коргон деген тарыхый жайдын урандылары сакталып калган. Аталышы карамык деген чөптүн атына жана өткөн замандарда жашап өткөн Мык аттуу падышанын ысымына байланыштуу деген божомолдор бар. Айыл башчы болуп учурда Жакыпов Абдилла иштейт.

**Жекенди айылы**

Жекенди айылдык округуна караштуу кыштак. Деңиз деңгээлинен 2380 метр бийиктикте жайгашкан. Жекенди айылында 319 кожолук бар, калкынын саны 1510 киши. Айылда орто мектеп, оорукана, китепкана жана 4 мечит бар. Айылдын аймагында көп өскөн чекенди деген өсүмдүктүн атынан Жекенди деп аталып калган деген жоромолдор айтылат. Айыл башчы болуп учурда Маматалиев Салимбек иштейт.

**Кара-Тейит айылы**

Жекенди айылдык округуна караштуу кыштак. Деңиз деңгээлинен 2360 метр бийиктикте жайгашкан. Кара-Тейит айылында 251 кожолук жашайт, калкынын саны 1200 киши. Айылда орто мектеп, фельдшердик-акушердик эмдөөкана, китепкана, 3 мечит бар. Кыштакка мындан 200 жылдан ашуун убакыт мурда Өзгөн аймагынан каратеит уруусундагы адамдар көчүп келип, ал уруунун атынан айыл Кара-Тейит деп аталып калган. Айыл башчы болуп учурда Ибраимов Байыш иштейт.

**Шибе айылы**

Жекенди айылдык округуна караштуу кыштак. Деңиз деңгээлинен 2440 метр бийиктикте жайгашкан. Шибе айылында 188 кожолук жашайт, калкынын саны 930 киши. Айылда орто мектеп, фельдшердик-акушердик эмдөөкана, китепкана, мечит бар. Айылдын аталышы боюнча так маалымат жок, айрым уламыштарга ылайык «шибе» сөзү монгол тилинен келип кирген, мааниси учтуу, чокулуу дегенди билдирет. Айыл башчы болуп учурда Гүлжигитов Заир иштейт.

**Чулук айылы**

Жекенди айылдык округуна караштуу кыштак. Деңиз деңгээлинен 2440 метр бийиктикте жайгашкан. Чулук айылы 2006-жылы айыл катары статуска ээ болгон, 157 кожолук жашайт, калкынын саны 877 киши. Айылда орто мектеп, фельдшердик-акушердик эмдөөкана, 2 мечит бар. Айылдын азыркы орду саздуу келип, көлмөлөр болгондуктан, жан-жаныбарлар чөгүп кетип турган, ошого байланыштуу Чулук сөзү келип чыккан деп айтылат. Айыл башчы болуп учурда Абдукалилов Абдыкасым иштейт.



# Чоң-Алай районундагы билим берүү мекемелери

Чоң-Алай районунун аймагында Чоң-Алай райондук билим берүү бөлүмүнө караштуу 16 орто мектеп, 1 толук эмес орто мектеп, 1 спорт клубу, 1 балдардын чыгармачылык борбору, 11 балдар бакчасы бар.

## Дароот-Коргон айылындагы Алайчы уулу Саит атындагы орто мектеп

Чоң-Алай өрөөнүндө билим берүүнү жүзөгө ашырууда А.Саит атындагы орто мектептин тарыхы өзгөчө орунду ээлейт. Анткени, өрөөндө алгачкы жолу 1936-жылы Дароот-Коргон айылында «Большевик» баштооч орто мектеби ачылган. Мектептин атайын имараты жок болгондуктан сабактар ар кайсы жерлерде өтүлгөн.



Мектеп 1937-жылы толук эмес орто мектепке, 1938-жылы орто мектепке айланган, ал эми 1952-жылы «Коммунист» мектеби деп аталган. Мектептин экинчи имараты 1968-жылы курулган. (Азыркы кесиптик окуу жайдын имараты).

Мектептин азыркы 3 кабаттуу 624 орундуу имараты Жамбы Газыбекованын демилгеси менен курулуп, 1988-жылы пайдаланууга берилген.

Мектеп 1950-1951-окуу жылында биринчи бүтүрүүчүлөрүн чыгарган, анда 13 бүтүрүүчү болуп, өрөөндүн ар тарабынан келип окушкан, арасында бир гана кыз болгон. Өрөөндөгү билим жолунун карлыгачтары болгон алгачкы бүтүрүүчүлөр Кудайбергенова Пари, Муратов Кудайбак, Таштанбеков Чалабай, Апсаламов Өмүш (Дароот-Коргон айылынан), Жусупов Талип (Жар-Башы айылынан), Ынакбаев Келдибек (Кызыл-Эшме айылынан), Кожобеков Тиллебай, Султанов Абай, Ысмайылов Жакып, Шакиров Асамидин (Кара-Тейит айылынан), Ыдырысов Тилебалды (Кара-Мык айылынан), Асамидинов Турат (Жекенди

айылынан), Паязов Самидин (Дубана айылынан) болушкан. Ал эми мектеп ушул мезгилге карата 61 жолу бүтүрүүчүлөрдү билим уясынан учурду.

1937-1966-жылдар аралыгындагы мектеп директорлору башка райондордон келип иштешкен, 1966-жылдан тарта жергиликтүү кадрлар иштеп келе жатышат. 1966-1967-жылдары Мааткеримов Асамидин, 1967-1990-жылдары Газыбекова Жамбы, 1990-1991-жылдары Алымкулов Максым, 1991-1995-жылдары Эгембердиев Нурамза, 1995-2000-жылдары Ысмаилов Абдыразак, 2000-2006-жылдары Бөрүбаев Апсалам мектепти жетектеп келишкен. 2006-жылдан баштап **Жайчибеков Тайирбек Аскарович** бул кызматты аркалап келүүдө.

Мектепке 1992-жылы Алайчы уулу Саиттин ысымы берилген.

Учурда мектепте 80 мугалим эмгектенип, 680 окуучу билим алууда.

## Кара-Мык айылындагы Ленин атындагы орто мектеп

Бул аймакта 1936-жылы Арал-Капа кыштакчасында ликбез уюшулган. Мында сабатсыздыгын жоюу үчүн ар түрдүү курактагы 25 окуучу окуган. Анда атайын билими бар Т.Эшанкулов, Т.Мурзаев эмгектенишкен. 1939-жылы ликбез Ленин атындагы мектеп болуп, 1945-жылы орто мектепке айланган. Ал учурда окуучулардын саны 95ке жеткен.



1965-жылдан бери мектепте К.Асанов, А.Мамытова, А.Султанов, Р.Дурусматов, Р.Кеңешбаев, А.Боронов, А.Примбердиев, Р.Маматкаимов, З.Амирбеков, А.Шакиров, К.Калиловдор директор болуп иштеп келишти. 2010-жылдан бери **Убраимов Эсен** директорлук кызматты аркалап келе жатат.

Учурда мектепте 67 мугалим эмгектенип, 705 окуучу билим алууда.



## Кашка-Суу айылындагы Эсенкелди уулу Максатбек атындагы орто мектеп

Бул мектеп 1968-жылы баштооч мектеп болуп ачылып, 1975-жылы Кашка-Суу орто мектеби болуп уюшулган. 2011-жылы мектепке Эсенкелди уулу Максатбектин ысымы ыйгарылган.



Мектептин 45 жылдык тарыхында Кудайбергенов Төлөн, Көчкөнбаев Абдилат, Толубаев Бостон, Шакирова Галдаркан, Кулуева Света, Атабаев Мусабек, Халилов Кубаныч, Камбаралиева Алтынай, Рахманов Чыңгызбек, Андаров Кутбидиндер мектеп директору болуп иштеп келишкен. Ал эми 2008-жылдан бери **Тагайкулов Мукаш** мектепти жетектеп келе жатат.

Учурда мектепте 567 окуучу билим алып, 66 мугалим эмгектенүүдө.

## Жар-Башы айылындагы Нажимидин Кармышев атындагы орто мектеп

Жар-Башы айылында мектептин ачылышы биринчи колхоз уюштурулган 1935-1936-жылдарга туура келет. Анда мектеп 1-2-класстын гана базасында болуп, алгачкы мугалимдер Сагынбаев, Орунбаевдер болушкан. Кийинчерээк, 1939-1941-жылдары чачкын жайланышкан кыштакчалар Жар-Башы айылына көчүрүлүп, ирилештирилген колхоз «Теңдик» деп аталган. Ошону менен бирге мектеп да «Теңдик» деп аталып, 1941-1953-жылдары 3 жылдык баштооч мектеп болгон. 1953-1957-жылдары 4 жылдык, 1957-1958-жылдардан баштап 8 жылдык мектеп болгон.

Ал эми 1990-жылы атайын долбоор менен курулган 280 орундуу типтүү имаратка көчүрүлүп, орто мектепке айланган. Жаңы мектепке «Теңдик» орто мектебинин бүтүрүүчүсү, ооган согушуна катышып, анын кесепетинен каза болгон жоокер-интернационалист Нажимидин Кармышевдин ысымы ыйгарылган.

Мектепте алгачкы директор болуп 1935-1941-жылдары Сагынбаев аттуу мугалим иштесе, андан кийин Орунбаев, Акимов Мамыт, Сатаркулов, Туратов Мамарасул, Мааткеримов Асамидин, Досова Марипат, Исмаилова Гүлбара, Кожоева Курбанбүбү, Шакирова Галдар, Жумабекова Мария, 1987-2001-жылдары Көкөев Абдилла, 2001-2005-жылдары Миталипова Мейликан, 2005-2008-жылдары Мусаев Эсен мектепти жетектеп келишти. 2008-жылдан тартып **Мамажакыпова Эркингүл Кубатидиновна** директор болуп иштеп келе жатат.



Учурда мектепте 482 окуучу билим алып, 61 мугалим эмгектенүүдө.

## Дароот-Коргон айылындагы Абдилазиз Мурзакулов атындагы орто мектеп

Мектеп Кызыл-Туу айылынын тургундарынын суранычы менен мурунку ПМКнын имаратында ачылган. Имарат мектепке ылайыксыз болгондуктан бир топ кайра куруулар болгон, бул иштерде айыл тургундарынын салымы чоң. Мектептин 1-корпусу 1981-жылы, 2-3-корпусу 1983-жылы курулган. Ошентип 1991-жылы 9-ноябрда «Чоң-Алай» деген аталышта 10 жылдык мектеп ачылган.



1991-1992-окуу жылында мектепте 177 окуучу билим алып, 11-классты 11 окуучу аяктаган.

Мектеп директору болуп 1991-1995-жылдары Ажибеков Ысмайыл, 1995-2000-жылдары Жороев Эгемберди, 2000-2009-жылдары Абдырахманова Орозгүл, 2009-2010-жылдары Жайчиев Акбарали иштеген. 2010-жылдын сентябрынан баштап **Үсөнова Замира Исматиллаевна** мектепти жетектеп келе жатат.



Мектепке 2011-жылдын сентябрынан Билим берүүнүн мыктысы, маркум Абдилазиз Мурзакуловдун ысымы ыйгарылган жана 2011-2012-окуу жылынан тартып алдыңкы окуучуларга Мурзакуловдордун үй-бүлөсү тарабынан уюшулган «Абдилазиз ата» атындагы 500 сомдон стипендия бериле баштаган. Ошондой эле демөөрчү Нуркул Мурзакуловдун жардамы менен кудук каздырылып, суу чыгарылып мектептин айланасын жашылдандыруу иштери жүргүзүлүүдө.

Мектепте ушул жаңы окуу жылында Ага Хан фондусу тарабынан биргелешип каржыланган мектеп парламенти түзүлүп ресурстук мектеп болууга жетишти.

Учурда мектепте 400дөй окуучу билим алып, 57 мугалим эмгектенет.

## Ачык-Суу айылындагы Жоомарт Бөкөнбаев атындагы орто мектеп

Мектеп 1975-жылы 8 жылдык базада ачылып, 1977-жылы жалпы орто мектепке айланган. Алгачкы окуу жылында 80 окуучу билим алып, 8 мугалим эмгектенген. 1978-жылы жер титирөөдө мектептин имараты жараксыз абалга келип, анын ордуна 80 орундуу учурдагы негизги корпусу курулган. Окуучулардын саны улам көбөйгөндүктөн совхоздун конторасы да мектепке кошумча корпус катары алынып, бүгүнкү күнгө чейин пайдаланылып келе жатат.



Мектепти 1975-1981-жылдары Жумабаев Канабат, 1981-1984-жылдары Каримова Дөөлат, 1984-1989-жылдары Тажибаев Имамат, 1989-1994-жылдары Исмаилов Абдыразак, 1994-2004-жылдары Шаңшоев Авазбек жетектеп келишкен. 2004-жылдан баштап **Төлөнбаев Асан** директорлук кызматты аркалап келүүдө.

Мектеп 2007-жылы Азия өнүктүрүү банкы тарабынан 1 млн, 487 миң сомдук капиталдык ондоодон өткөрүлгөн.

Мектепте бүгүнкү күндө 425 окуучу билим алып, 46 мугалим иштөөдө. Китеп менен камсыз болуу 64 пайызды түзөт.

## Кара-Тейит айылындагы «Ак-Суу» орто мектеби

Кара-Тейит айылында алгач 1938-жылдары башталгыч билим берүүчү мектеп ачылып Кызыл-Майрам баштооч мектеби деп аталган. Андан кийин 1972-жылы 5 жылдык мектеп болуп, 1975-жылы Камаридинов Нурмамат агайдын көптөгөн күч-



аракеттеринин натыйжасында 8 жылдык мектепке айландырылган. Ал эми 1991-жылы орто мектеп болуп уюшулуп, мектептин аты «Ак-Суу» орто мектеби болуп өзгөргөн.

Мектеп тарыхында башталгыч класстарга билим берүүдө Жумалиев Калидин, Акматов Аманилла көп жыл эмгектенишкен Мектеп 8 жылдыкка, 10 жылдыкка айлангандан кийин, Камаридинов Нурмамат, Кожобеков Гапарали, Султанов Таир, Маширапов Жалалидин мектеп директору болуп иштеп келишкен. 2007-жылдан бери мектепти **Амирбек Зуур Жапарович** жетектеп келе жатат.

Мектепте 302 окуучу окуп, 46 мугалим эмгектенет.

## Жекенди айылындагы «Кыргызстан» орто мектеби

1934-жылы Дөң-Кападаги Эрматов Орунбайдын үйүнүн ордундагы үйдө ликбез ачылган. Мектепте ар түрдүү жаштагы адамдар окуган. Мугалимдери: Алип, Малик, Матираим, Жусуп, Кабылов, Райымкулов дегендер болгон.

1937-жылы азыркы эски корпустун алдындагы бактын ордунда Артыков Иляз башкарма болуп турган мезгилде мектеп курулган. Парталарын Осмонов Өзбекбай менен Кутуев Жообарлар жасашкан. Андан кийин Молотов атындагы башталгыч мектеп болгон. Директору Төлөков, мугалимдери Сарбасов, Разакулов, Досмаматовдор болушуп, 1945-жылга чейин иштешкен. 1953-жылы мектеп 7 жылдыкка айландырылып, директорлукка Жумабаев Ашим дайындалып, Асамидинов Турат мугалим болуп иштеген. 1960-жылы мектеп 8 жылдык болуп өзгөрүп, Кыргызстан мектеби деп аталган жана 1969-жылдан орто мектепке айланган. 2000-жылы Абдыганы Эркебаев, Султан Урманаев жана Абдырасул Сакыбаевичтердин демилгеси менен





270 орундуу жаңы типтеги мектептин имараты курулган. Мектеп тарыхында Шамырбекова Касиет, Абылов Анаргазы, Абжапаров Пиримкул, Маширапов Жалалидин, Камбаров Мамади, Закиров Куттугали, Абдилазизов Мамажан, Калыков Жусуп, Турдалиев Нурали, Орунбаев Куштарбек, Абдилазизов Орозбайлар директорлук кызматты аркалап келишкен. 2010-жылдан бери **Сүйүнбаева Айниса** мектепти жетектеп келе жатат.

Мектепте азыркы кезде 393 окуучу окуп, 47 мугалим эмгектенет.

## Чак айылындагы «Көк-Суу» орто мектеби

Чак айылындагы алгачкы мектеп 1930-жылы «Кызыл-Октябрь» башталгыч мектеби болуп ачылып, анда 30-40 окуучу билим алып, 3 мугалим эмгектенген. Андан кийин, мектеп 1966-жылы «Кыргызстандын 40 жылдыгы» аталып, 8 жылдык болуп уюшулган, ал убакта окуучулардын саны 140ка жетип, 12 мугалим иштеген. 1973-жылы орто мектеп болуп түзүлүп, 1975-жылы биринчи жолу орто билимдүү бүтүрүүчүлөрүн чыгарган. 1993-жылдан бери «Көк-Суу» орто мектеби деп аталат.

Жалпы сметалык баасы 24 млн. сомду түзгөн жаңы мектептин курулушу 2007-жылдын ноябрь айында бүткөрүлүп, пайдаланууга берилди. Мектеп тиешелүү эмеректер, компьютер менен толук камсыз болгон.



Мектепке АРИС, Мерсико уюмдары, Ага Хан фонду, айылдык билим берүү борбору тарабынан компьютерлер, адабий китептер, мебелдер алынып келинген.

Мектепти район жаңыдан уюшулган алгачкы учурларда Эрматов Айткул жетектеп турса, учурда **Токтобаев Аятилла** мектеп директору болуп эмгектенүүдө. Азыркы кезде мектепте 55 мугалим эмгектенип, 434 окуучу билим алып жатышат.

## Жаш-Тилек айылындагы Зиямидин Каримбеков атындагы орто мектеп

Мектеп 1985-жылы башталгыч мектеп болуп ачылып, 1987-жылы 10 жылдык мектепке айланган. 1992-жылга чейин Жаш-Тилек мектеби деп аталып, ошол жылы мектепке Жаш-Тилек айылынан чыккан коомдук-саясий ишмер, райондун, өз айылынын калыптанышына чоң салым кошкон Зиямидин Каримбековдун ысымы ыйгарылган. Мектептин 2-корпусу 1991-жылы, 3-корпусу 1997-жылы ашар жолу менен курулган. АРИС уюмуна долбоор өткөрүлүп мектептин чатыры оңдолуп, мектепти айланта тосмо курулган жана компьютерлер алынып келинген.



Мектеп башчысы болуп 1985-1987-жылдары Эрматов Айткул иштеген. Андан кийин Таштанова Марипат, Эшмаматов Болот, Бурканов Абдималик (2 жолу директор болуп иштеген), Жуманалиева Эльмира мектепти жетектеп келишти. 2008-жылдан баштап **Эрмекбаева Кундуз Жоробековна** мектеп директору болуп эмгектенүүдө.

## Кабык айылындагы «Кабык» орто мектеби

Кабык орто мектеби 1978-жылы башталгыч орто мектеп болуп уюшулуп, алгач 40 окуучу карлик тибинде окутулган. Алгачкы мугалимдер Субанкулова Дарияхан, Сейитгазиева Мария, Калилова Карамат, Арапова Катича жана директор болуп Абдибапов Абдразак иштешкен. Мектепке улам бирден класс кошулуп отуруп 1982-жылы «Кабык» орто мектеби уюшулган. Алгачкы бүтүрүүчүлөр 11 окуучу болгон.



Мектептин азыркы имараты 1987-1988-окуу жылына карата бүткөрүлгөн. Имараттын бүткөрүлүшүнө ошол мезгилдеги Кабык айылындагы МЖСтин директору Ташполотов Бегали зор залымын кошкон.

Азыркы күндө мектепте 21 мугалим эмгектенип, 176 окуучу билим алууда.

Мектеп директору болуп **Ажиев Рысбай** иштейт.



## Шибе айылындагы Ташбек уулу Гапар атындагы орто мектеп

Шибе айылында биринчи мектеп 1933-жылы ликбез болуп ачылган. Андан кийин 1936-жылы башталгыч мектеп болуп ачылып, 1948-жылы жаңыдан мектеп салынган. Мектеп 1964-жылга чейин жети жылдык болуп, ошол жылы жакын аралыктагы кыштактар арасындагы он жылдык кечки мектеп болуп уюшулган. 1994-жылы ашар жолу менен жаңы имарат, ал эми 2004-жылы ашар жолу менен мектептин экинчи корпусу курулуп ишке берилген. 1999-жылы орто мектеп болуп түзүлүп, 2010-жылы Ташбек уулу Гапар атындагы орто мектеп болуп аталды.



Эл аралык уюмдарга долбоор жазып, өткөрүүнүн натыйжасында мектеп айланасы темир тосмолор менен тосулуп, жаңы үлгүдөгү эмеректер менен камсыз болгон.

Мектеп түзүлгөн мезгилден баштап Молохов Абдылда, А.Эмелдилдаев, Т.Исмаилов, З.Айликеев, С.Мамытова, Ж.Жылкелдиев, К.Ташматов, М.Таштанова, И.Сулайманова, И.Гапаров мектеп директору болуп эмгектенип келишкен. 2010-жылдын сентябрынан тартып **Ботобаев Сапарали** мектепти жетектеп келе жатат.

Учурда мектепте 252 окуучу билим алып, 29 мугалим эмгектенет.

## Кызыл-Эшме айылындагы Ынакбаев Келдибек атындагы орто мектеп

Айылда балдарды окутуу биринчи жолу 1935-жылы Күл-Өтөк жайлоосунда боз үйдө уюштурулуп, 3 айдан кийин Кызыл-Эшме айылына көчүрүлгөн жана 3-класска чейин билим бериле башталган. Мектепте алгачкылардан болуп Султанбаев Жанузак, Ынакбаев Келдибек, Мурзакулов Өмүрзак, Абдырахманов Токтомат эмгектенишкен.

Мектеп 1976-жылдан 8 жылдык, 1991-жылдан тартып орто мектепке айланган. 1966-жылы айылдын жашоочулары үчүн курулган имарат мектепке берилип, 1993-жылы кошумча окуу корпусу пайдаланууга берилген.

Ачылгандан тартып Кызыл-Эшме деп аталып келген мектепке 1999-2000-окуу жылдарында мектепти түптөгөн ардагер мугалим Ынакбаев Келдибектин ысымы ыйгарылган.



Мерсико, АРИС, Ага Хан фондунун, республикалык түрткү берүүчү гранттын жардамы менен мектепти оңдоо, эмеректерди алуу иштери жүргүзүлүп келе жатат.

Мектепти Ынакбаев Келдибек, Таштанова Марипат, Жээнбаева Аптабайым, Абдыкадыров Акылбек, Абдыкалыкова Санталат, Кыпчакбаев Алидин, Нышанов Талант, 1994-2011-жылдары Каарова Салтанат жетектеп келишкен. 2011-жылдан тартып **Орозалиев Абдиманап Турдубаевич** директорлук кызматта эмгектенип келе жатат.

Учурда мектепте 37 мугалим эмгектенип, 230 окуучу билим алууда.

## Кара-Кабак айылындагы “Кара-Кабак” орто мектеби

1945-1946-окуу жылында Кызыл-Дөң айылында (азыркы Кара-Кабак айылы) биринчи жолу “Кара-Кабак” баштооч мектеби ачылган. Мектептин биринчи мугалими жана директору болуп Чолпонбаев Андар иштеген.



Мектеп 1945-жылдан 1959-жылга чейин баштооч, 1959-1961-жылдары жети жылдык, 1961-1990-жылдар аралыгында сегиз жылдык, 1991-1994-жылдары толук эмес орто мектеп болгон, ал эми 1994-жылы орто мектеп болуп бекитилген.

Мектепте эл аралык фонддор менен иштөө жакшы жолго коюлуп, натыйжада мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоо боюнча бир топ алгылыктуу иштер аткарылган. Жалпылап айтканда, бул жылдар аралыгында мектепке 803 154 сомдук жумуш бүткөрүлгөн.



Мектеп түзүлгөндөн тартып Чолпонбаев Андар, Ботбаев Жусупали, Касымолдоев Бакай, Иманалиев Үсөн, Маматалиев Ашым, Абылов Анаргазы, Гапарова Саламат, Көчкөнбаев Абдилат, Cооронбаева Батма, Бердибеков Козубек, Кожаева Ибадат, Андаров Кутбидин мектеп директору болуп иштеп келишкен. 2002-жылдан баштап **Көчкөнбаева Бактыгүл** мектепти жетектеп келе жатат.

Учурда мектепте 145 окуучу билим алып, 27 мугалим эмгектенет.

## Жайылма айылындагы «Жайылма» орто мектеби

Мектеп 1971-жылы Кувасай шаарына караштуу Акалтын колхозунда ачылып, андан Жайылма айылына № 23 мектеп-интернаты болуп көчүрүлүп келинген. 1999-жылы 1-мартта мектеп Чоң-Алай районунун карамагына өткөрүлүп «Жайылма» орто мектеби деп аталган.



Мектеп директорлугунда 1971-1974-жылдары Каримов Аким, 1975-1979-жылдары Кулдашев Таштемир, 1979-1984-жылдары Каримов Муса, 1984-1988-жылдары Кыпчакова Майрамкан, 1989-1999-жылдары Кыпчакбаев Зиябидин, 1999-2001 жана 2004-2007-жылдары Азимов Изатилла, 2002-2004-жылдары Тагайкул Мукаш иштешкен. 2008-жылдан баштап мектепти **Кыпчакбаев Шамшидин** жетектеп келе жатат.

Учурда мектепте 134 окуучу билим алып, 29 мугалим эмгектенет.

## Чулук айылындагы Садыбакас Осмонов атындагы орто мектеп

Чулук айылы мурда 3 чакырым аралыктагы Жекенди айылы менен бирге болуп келгендиктен окуучулар да Жекенди айылындагы «Кыргызстан» орто мектебинен билим алып келишкен. 2003-жылы айыл тургундарынын демилгеси боюнча ашар жолу менен мектептин курулушу башталган жана 2005-жылы бүткөрүлүп ишке берилген. Мектепке айылдын ардактуу

аксакалы, эмгектин жана согуштун ардагери Садыбакас Осмоновдун ысымы ыйгарылган.



Мектеп жаңыдан ачылганына карабастан окуу-тарбия иштеринде көптөгөн ийгиликтерди жаратып, алгылыктуу иштерди аткарууда.

Мектеп директору болуп 2005-2006-жылдары Бакыбеков Бекназар, 2006-2008-жылдары Куттугалиев Жээнбай, 2008-жылдын январынан апрелине чейин Анапияев Шермамат, 2008-жылдын апрель айынан баштап **Ташмаматов Кубанычбек** иштеп келе жатат.

Учурда мектепте жалпы 184 окуучу билим алып, 18 мугалим эмгектенет.

## Кулчу айылындагы «Кулчу» негизги мектеби

Мектеп 1959-1960-окуу жылында 1-2-класстын базасында ачылып, алгачкы мугалим болуп Ысык-Көлдөн келген Эрмек аттуу агай иштеген. 1970-жылдан 1980-жылга чейин мектеп 3 жылдык, 1981-1992-жылдары 4 жылдык башталгыч мектеп катары



өз ишин улантып келген. 1993-жылы толук эмес орто мектеп болуп, кийин 9 жылдык негизги мектеп болуп уюшулган. Мектепте Эрмек агай, Акимов Мамыт, Абылов Анаргазы, Садыков Таит, Көчкөнбаев Абдилат, Шамирбеков Карим, Жээнбеков Убайдилла, Нурматов Өмүрзак, Бурканова Сажида, Кыпчакбаев Алидин, Абылкасымов Индижамил, Ысламов Латиф, Кыпчакбаев Самидин, Осмонова Шапаахат директор болуп иштешкен. 2005-жылдан бери директорлук кызматты **Жээнбаева Жибек** аткарып келе жатат.

Учурда мектепте 22 мугалим эмгектенип, 107 окуучу билим алып жатышат.



## Чоң-Алай районундагы спорт клубу

Спорт клубу 1992-жылы уюшулуп, 8 машыктыруучу менен өз ишин баштаган. Түзүлгөн учурда директор болуп дайындалган



Таштанов Мамыт 2009-жылга чейин клубду жетектеп келди. 2009-жылдан баштап **Мойдунов Алмаз** клубдун директору болуп иштеп келүүдө.

Бүгүнкү күндө спорт клубунда 345 окуучу спорттун волейбол, футбол, хоккей, дзюдо, шахмат, женил атлетика, улуттук оюндардан тогуз коргоол, ордо түрлөрү менен машыгышат. Клуб райондук, облустук, республикалык деңгээлде өткөрүлгөн спорттук мелдештерге өз мүмкүнчүлүгүнө жараша катышып келе жатат. Алсак 2008-жылы 22-майда болуп өткөн республикалык спартакиадага районубуздан 3 спортчу ийгиликтүү катышып келишти. Ал эми район ичинде өткөрүлгөн спорттук мелдештер клубдун базасында, клубдун эмгек жамаатынын катышуусу менен уюшкандыкта өткөрүлүп келе жатат.

Учурда клубдун материалдык-техникалык базасын чыңдоо максатында бейөкмөт уюмдар менен тыгыз иштешүү жолго коюлган. 2005-2006-окуу жылында АРИС программасына долбоор өткөрүлүп 80 миң сомдук грант алынган. Ал эми 2006-2007-окуу жылында ошол эле АРИС программасына дагы долбоор өткөрүлүп, анын негизинде 268 миң сомдук душ курулуп, ишке берилген.

Райондо жаштарды спорт аркылуу сергек жашоого чакырып, тарбиялап келе жатышкан ардагер машыктыруучу Таштанов Мамыт, жаштардан Курбанбаев Маман, Абдылдаев Касым, Жанаев Медет, Мойдунов Алмаз, Бөкөбаев Сүйүнбай сыяктуу спорт чеберлери бар.

## Чоң-Алай районундагы бала бакчалар

Бүгүнкү күндө Чоң-Алай райондук билим берүү бөлүмүнө караштуу балдар бакчалары жаш муунду инсан катары толук жана тегиз өнүгүшү үчүн зарыл мүмкүнчүлүктөрдү түзүү максатында кызмат көрсөтүп, агартуу майданындагы коомдук мекеме болуп эсептелинет.

### Дароот-Коргон айылындагы А. Рахманова атындагы балдар бакчасы



*Райондогу бала бакчалардын директорлор тобу*

Чоң-Алай районунун борборунда жайгашкан А.Рахманова атындагы балдар бакчасы 1978-жылы ишке кирген. Балдар бакчасын алгач Кудайбергенова Сана уюштуруп, жетектеген. Ал жылдарда бакчанын жамааты бакча жөнүндө түшүнүгү жок кыштак элин аралап, балдардын келечек билими, тарбиясы үчүн кам көрүп, бала чогултуп, аларга өз учуруна жараша тарбия берүүгө аракет кылышкан.

Андан кийин 22 жылга жакын бул бакчаны Арзыкан Рахманова жетектеген. Бул эжеке да бакча турмушун жолго коюуда бир топ эмгектерди жасаган. Ал эми бакчаны 2000-жылдан 2008-жылдын январына чейин Досонова Зулпу жетектеп келди. Бул жылдарда АБР программасы аркылуу бакчаны оңдоо иштери жүргүзүлгөн.



2008-жылдын кыш айларынан баштап, ушул күнгө чейин бакчаны **Усенова Чынаркан** жетектеп келет.

2008-жылдын март айында ата-энелер менен жетекчилер аркылуу бала бакчанын материалдык-техникалык базасын чыңдоо үчүн өздүк салым топтоп, бакчага АРИС программасынан 108 миң сомдук, Ага Хан фонду тарабынан 157 миң сомдук мебелдер алынып келинди. АБР уюму аркылуу ар кандай окуу китептери 3 жолу алынып, бөбөктөрдүн сапаттуу тарбияланышына шарт түзүлдү.

Бүгүнкү күндө бакчада жалпы 21 кызматкер эмгектенип, 4 тайпада жалпы 94 бала тарбия алууда.

Бакчанын көмөкчү чарбасында 2 га жер, 35 баш эчки бар.

### Кашка-Суу айылындагы «Байчечекей» балдар бакчасы

«Байчечекей» балдар бакчасы Кашка-Суу айылында 1974-жылы Кашка-Суу совхозу тарабынан 50 орундуу болуп уюштурулган. Алгач бала бакчада башчы болуп Касымова Сулуукан 4 педагогикалык кадр менен иштеген. 1991-жылы бакча 25 орундуу болуп кыскарган. Ушул жылдарда бакчанын башчылары болуп Айдарова Мээр, Карыбекова Дария, Соорoнова Батма, Тайчабарова Марапат, Сариева Райла эмгектенишкен. 2001-жылдан бүгүнкү күнгө чейин бакчанын башчысы болуп **Каарова Бурмакан** иштеп келе жатат. Азыркы күндө 70 бала 4 тайпа менен тарбияланып, жалпы 17 кызматкер иштейт.

Бакчанын материалдык-техникалык базасын чыңдоо үчүн мамлекеттик эмес уюмдар Мерсико, АБР, АРИС, Ага Хан коомдук фонду долбоорлордун негизинде жардам берип келишет.

Бакчанын көмөкчү чарбасында 45 баш эчки жана тоют менен камсыз кылуучу жер участогу бар.

### Дароот-Коргон айылындагы «Келечек» балдар бакчасы

«Келечек» балдар бакчасы 1995-жылы азыркы А.Мурзакулов мектебинин мугалимдери жана ушул аймакта иштеген башка кызматкерлердин суроо-талабы менен ачылган. Уюшулган учурда бакчада 25 бала тарбияланган. Алгачкы учурда, башчы Жайчибекова Назира, тарбиячылар Ташанова, Жээнбаева, медсестра Айткулова жана 6 техникалык кызматкерлер эмгектенген. 2005-жылы райондун жалпы жетекчилеринин колдоосу менен түрткү берүүчү грантка, АБРге долбоорлор

жазылып, 2006-жылы жаңы бакча түптөлүп курула баштаган. Өздүк салымга райондук администрация жана айыл өкмөттөрү, бакчанын жамааты, ата-энелер жардам берип, салымдарын кошушту. Натыйжада 2006-жылы райондун архитектура башчысы А. Нармаматовдун жетекчилиги жана көзөмөлдөөсүнүн негизинде бакча толугу менен бүткөрүлдү.

Быйылкы жылы балдар бакчасынын айланасына 50 түп бак-дарактардын көчөттөрү отургузулду.

Жаңы бакчада азыркы мезгилде мурдагы тарбиячы **Ташанова Каснет** жетекчилик кылып, жалпы 15 кызматкер иштейт. Балдардын саны 70ке жетип, үч тайпага бөлүндү.

Бакчанын көмөкчү чарбасында 42 эчки бар..

## Чак айылындагы «Чак» балдар бакчасы

«Чак» балдар бакчасы 2010-жылы Ага Хан фонду тарабынан ачылып, ишке берилген. Бакчаны курулушу үчүн фонд тарабынан 800 миң сом, өздүк салым катары айыл элинен 80 миң сарпталган.

Бакчанын ички инвентарлары - мебель, китеп, оюнчуктары да Ага Хан фонду тарабынан берилген. Башчы **Мурзаева Маралдын** көптөгөн аракеттеринин натыйжасында бакчанын айланасына гүл эгилип, лимон көчөттөрү отургузулуп, оюн аянтчалары жасалган.

Бакчада учурда 62 жеткинчек тарбияланып жатат.

Бакчанын көмөкчү чарбасында 1 га жер, 25 эчки бар.

## Жекенди айылындагы «Жекенди» балдар бакчасы

60 орундуу 2 тайпага ылайыкташтырылган «Жекенди» балдар бакчасынын курулушу 2008-жылы Ага Хан коомдук фонду тарабынан башталып, 2010-жылы сентябрда пайдаланууга берилди. Курулушка фонд тарабынан 1 551 475 сом берилип, ал эми элдин салымы 271 000 сомду түзгөн. Жалпы 2017475 сомдук каражат жумшалган.

Ошондой эле балдардын билим алуусун үзгүлтүккө учуратпоо максатында «жайлоо программасынын» негизинде бакчага Ага Хан коомдук фонду тарабынан 180000 сомдук боз үй берилип, балдар жайлоодо да билим алышууда.

Бакчанын көмөкчү чарбасында 35 эчки бар.

Учурда бакчада 60 бала тарбияланып, 14 кызматкер эмгектенет.

Бакчанын директору болуп **Осбаева Айша** иштөөдө.



## Ачык-Суу айылындагы «Жеткинчек» балдар бакчасы

«Жеткинчек» балдар бакчасы 2005-жылы Ага Хан коомдук фондусу тарабынан курулуп, 2006-жылы 22-июнда пайдаланууга берилген.

Бакчанын директору болуп **Бакирова Сажида** иштеп келе жатат.

2007-жылы бакчада облустук деңгээлдеги семинар өткөрүлгөн. Анда иштеген тарбиячылар жаңы инновациялык сабактарды өтүп, балдарга туура тарбия берүүнүн үлгүсүн көрсөтүшүүдө. Бакчанын жетекчиилиги жана кызматкерлери айыл тургундары менен тыгыз байланышта болуп бакчага тиешелүү ар түрдүү көйгөйлөрдү биргелешип чечүү менен алгылыктуу иштерди жүргүзүп келүүдө.

Бакчанын көмөкчү чарбасында 45 эчки бар

Азыркы күндө бакчада 14 кызматкер эмгектенип, 55 бала тарбияланууда.

## Жайылма айылындагы «Айданек» балдар бакчасы

«Айданек» балдар бакчасы 2006-жылы сентябрь айында Ага Хан коомдук фондусунун колдоосу менен ачылган. Бакчанын оңдоо иштери үчүн - 359798 сом, бакчанын эмеректерине -180821 сом, окуу китептерине, көрсөтмө куралдарга -128761 сом акча каражаты сарпталган. 2006-жылы АРИС уюму тарабынан 20000 сом акча бөлүнүп, бакчага керектүү буюмдар алынган. 2011-2012-жылдары Азык-түлүк АКШ айыл чарба департаменти (Мерсико) тарабынан күрүч, май, ун азыктары менен камсыз болгон.

Бакчанын көмөкчү чарбасында 3 гектар жер, 60 баш эчки бар. Бакчада жыл сайын картошка эгилип, түшүмү балдардын тамак ашына, ар кандай керектөөсүнө жумшалат.

Азыркы күндө бакчада 15 кызматкер эмгектенип, 60 бала тарбияланып жатат. Балдар 3 топко: кенже топ, ортоңку топ, жогорку топ бөлүнүп, тарбияланат. Бакчанын директору болуп **Батыркулова Зубайда** иштөөдө.

## Дароот-Коргон айылындагы Имомидин Маматмусаев атындагы балдар бакчасы

Имомидин Маматмусаев атындагы балдар бакчасы 2007-жылы Кара-Кыя участкасынын жашоочуларынын демилгеси менен ачылган. Бакчанын имараты Ага Хан коомдук фонду тарабынан типтүү жол менен курулуп, өздүк салымга райондук администрация жана айыл өкмөттөрү, ата-энелер жардам беришкен. Балдар бакчасын куруу үчүн Дароот-Коргон айылынын тургуну Асилбек Маматмусаев өзүнүн менчик жеринен 0,8 га жер бөлүп берди.

И.Маматмусаев атындагы балдар бакчасында бүгүнкү күндө 60 бала тарбияланып, жалпы 12 кызматкер эмгектенет. Эки тайпа бар жаңы бакчада азыркы мезгилде **Наркулова Бүалима** жетекчи болуп иштөөдө.

Бүгүнкү күндө бакчанын көмөкчү чарбасында 2 га жер, 51 эчки бар.

## Жаш-Тилек айылындагы «Жаш-Тилек» балдар бакчасы

Жаш-Тилек балдар бакчасы айыл тургундарынын демилгеси менен Ага Хан коомдук фондунун Кыргызстандагы тоолуу аймактардагы жамааттардын өнүгүүсүн колдоо програмасы тарабынан 2006-жылы курулууга берилип долбоордун жалпы баасы 1747557 сомду түзгөн. Анын ичинен MSDSP KGнин салымы 1401867 сом, жамааттын салымы 345690 сомду түзгөн. Бакча 2007-жылы 28-июнда пайдаланууга берилген.

Бакчанын көмөкчү чарбасында 65 сотых жер, 40 эчки бар.

Бакчанын директору болуп **Туратова Айтилла** эмгектенүүдө.

Азыркы күндө бакчада 14 кызматкер иштеп, 60 бала тарбияланат.

## Кызыл-Эшме айылындагы Н.Нуридинов атындагы балдар бакчасы

Н.Нуридинов атындагы балдар бакчасы 2008-жылы 29-майда Ага Хан коомдук фонду тарабынан пайдаланууга берилген. Бакчаны куруу үчүн жалпы 2 228 738 сом жумшалган, анын 1 853 854 сомун Ага Хан коомдук фонду, 384 884 сомун жамаат салым катары кошкон.



Учурда бакчада 13 кызматкер эмгектенип, 2 тайпада 53 бала тарбияланат.

Бул мезгилге чейин Абдыкадырова Гүлнара бакчаны жетектеп келген болсо, 2012-жылдын сентябрь айынан бери **Исакова Упол Өмүрбековна** директорлук кызматты аткарып жатат.

Бакчанын көмөкчү чарбасында 25 баш эчки, 1 торпок бар Тоют жана картошка эгүү үчүн 1 га жер бөлүнүп берилген.

## Кара-Мык айылындагы «Кара-Мык» балдар бакчасы

2008-жылы «Кара-Мык-1» айылдык уюмунун Президенти Р. Гапаровдун демилгеси менен MSDSP KG коомдук фондуна айылга 60 орундуу бала бакча куруу долбоору өткөрүлүп, имараттын пайдубалы 2008-жылдын 11-июль күнү башталган. Бакчанын имаратынын курулушуна MSDSP KG коомдук фонду тарабынан 931 037 сом, жамааттын накталай салымы 404 миң сомду түзгөн. Мындан сырткары «Алыш» федерациясы тарабынан 100 миң сом, губернатордун резервдик фондунан 50 миң сом бөлүнгөн. Имараттын курулушу жалпы 3 139 886 сом турат. Ошентип бакча 2010-жылдын ноябрь айында ишке киришти.

Бүгүнкү күнү 60 орундуу бала бакчада 82 жеткинчек тарбия алып, 5 кызматкер эмгектенет. Бакчанын жетекчиси болуп **Жакыпова Диларам** иштөөдө.

Бакчанын көмөкчү чарбасында 38 баш эчки бар.

АРИС уюмунан 362 419 сом алынып, бакчанын айланасы темир торчолор менен тосулган.

Райондо мындан сырткары Дароот-Коргон айылындагы **Кожоева Марбет** жетектеген Балдардын чыгармачылык борбору иш алып барат.

# Чоң-Алай районундагы саламаттыкты сактоо мекемелери

Чоң-Алай районунун аймагында жалпы дарыгерлердин практикалык борбору жана анын Кара-Мык, Жекенди, Кашка-Суу, Ачык-Суу филиалдары иш алып барат.

### Жекенди филиалы

Жекенди айылында медициналык тейлөө 1938-жылы башталган. Тактап айтканда ошол жылы айылда медициналык пункт ачылып, анда алгачкылардан болуп Тухватулина Минавар аттуу медициналык кызматкер иштеген. Андан кийин бул тейлөө пунктунда Тагаев Зикир, Турдукулов Жунусали, Абылкасымов Жусуп, Жалалова Гулсар иштешкен. 1992-жылдан баштап 25 орундуу оорукана уюштурулуп ишке киришкен. Анда 1994-жылга чейин Нарматов Арстанакул, 1994-2011-жылдары Сафаров Абдыкаар башкы врач болуп эмгектенишкен.



Бүгүнкү күндө Жекенди филиалында **Азимбаев Акжол** башкы дарыгер болуп иштеп жатат.

### Кара-Мык филиалы

Кара-Мык айылына 1960-жылы тейлөө пункту ачылган. Бул пунктта 1969-жылга чейин Абылкасымов Жусуп, Турдакунов Абдырахман, Пирматова Зулайка, Касымова Кенжелер иштешкен. Андан кийин медициналык тейлөө пунктунда Самиев Аппай фельдшер, Сапарбаева Айганыш акушерка болуп иштешкен. 1978-жылы Кара-Мык айылына СВА жана 3 орундуу төрөт үйү ачылган. 1986-жылы СВА 25 орундуу айылдык оорукана болуп өзгөргөн. Андан бери башкы дарыгер болуп Молдоболотов Абибилла, Шарипов Камил, Жолчуев Жээнбай, Кенжэзв Ибрагим, Осмонов Кадыр, Самиев Алмазбектер иштешкен. Азыркы учурда Кожобеков Эшназар Тиллабаевич башкы дарыгер болуп эмгектенүүдө.



### Кашка-Суу филиалы



Кашка-Суу айылында 1974-1983-жылга чейин ФАП болуп, анда Кудайбергенов Тургун фельдшер болуп эмгектенген. 1983-жылы 25 орунду оорукана ачылып, анда башкы дарыгер болуп Раимбердиев Абдылда, 1984-1987-жылдары Абдыкадырова Каримат, 1987-1994-жылдары Жээнбеков Абдилазиз, 1994-1997-жылдары Үсөнбаев Асылбек иш алып барышкан. 1997-жылдан азыркы мезгилге чейин **Жумабаев Сапарбай** башкы дарыгерлик милдетти аркалап келе жатат. Учурда оорукада жогорку билимдүү 1 дарыгер, атайын орто билимдүү 8 кызматкер эмгектенүүдө.

### Ачык-Суу филиалы



Ачык-Суу айылына 1987-жылы 15 орундуу оорукана уюштурулуп, анда Борбушев Урбай башкы дарыгерлик кызматты аткарган. Андан кийин, 1990-жылдан 1999-жылдарга чейин Мамажунусов Парпидин, 1993-жылдан 2003-жылга чейин Нарматов Арстанакул Салиевич иштешкен. Азыркы мезгилде кадр жетишпестигине байланыштуу атайын орто билимдүү фельдшер **Дубанаев Абдулбакир** оорукана765 жетектөөдө.

# Тоо койнундагы айымдар

*Кимдер сүйүп өз жерини даңктабаган,*
*Кимдер сүйүп өз элини мактабаган.*
*Тирүүлүктө, жүрөк согуп тургун кезде,*
*Мен да сүйүп, эл-жеримди мактай алам.*

Сөз башында касиеттүү Кыргызстаным, аны мекендеген ак калпактуу Ата Журтум, анын бир бутагы болгон менин кичи мекеним Чоң-Алайдын баскан жолу кылымдарды карыта жашай берсин деп тилек кылам.

Ааламга кеткен жол айылдан башталат демекчи, кеп кезегин айылдын ак элечек айымдарынан баштайлы. Районубуздун, дегеле Чоң-Алай аймагынын тарыхында аялзат тарыхына кайрылуу, алардын басып өткөн өрнөктүү жолун кыз-келиндерибизге жеткирүү өзгөчө маанилүү. Анткени бардык учурларда ар кандай тармактарда алдыңкы катарда жүргөн акылгөй апаларыбыз, эжелереибиз ондоп саналат.

Алардын көч башында чоң-алайлык аялдардын арасынан биринчи жогорку билимдүү Пари Кудайбергенованы атоого болот. Андан кийинки жетекчилик кызматтарда иштеген Газыбекова Жамбы, Жогорку Кеңештин депутаты Имарова Урмат жана башка тармактарда иштеп ийгиликтерди жараткан Кошназарова Зыбагүл, Койчубаева Ырыс, Сариева Райла, Козуибраимова Айша, Шакирова Галдаркан сыяктуу эжелерибиз өрнөктүү өмүрү, аткарган иши, каада-салтты сактап, нарк-насилди билгендиги менен башкаларга өрнөк болуп келишкен. Убакыттын тардыгынан, маалыматтарды тактай албаганымдан өткөн учурлардагы өз ишмердүүлүгү менен элдин, мамлекеттин ишенимине кирип, ар кандай кесипти аркалап, эл кызматында жүргөн аялзаты жөнүндө кеңири сөз кылууга мүмкүнчүлүк болбоду. Ошондой аты өчпөгөн аялзатынын ишин бүгүнкү турмушта да улантып келе жаткан айымдарыбыз аз эмес. Райондун бардык тармактарында район жүгүн көтөрүп, элге кызмат кылууга катышып келе жаткан, тоо койнундагы айымдардын атын облустук, республикалык деңгээлге таанытkан аялдарды сыймыктануу менен атагым келет. Демек, учурдагы аялзатынын ишмердүүлүгүнө көз чаптырып көрөлү. Райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы – акимдин орун



басары Туйгунова Саадат, райондук миграция бөлүмүн бир топ жылдан бери жетектеп келе жаткан Миталипова Мейликан, саламаттыкты сактоо тармагында облустук деңгээлде жетекчилик кызматтарда иштеп жатышкан Досматова Төмиркан, Мамытова Шарапат, Курбанбаева Патила, райондук айылдар кеңешинин төрайымы Усенова Чынаркан, райондук балдарынын чыгармачылык борборунун директору Кожоева Мирбет, райондук ЖААК бөлүмүнүн башчысы Туйгунова Бактыгүл, мектеп директорлору Сүйүнбаева Айниса, Мамажакыпова Эркингүл, Эрмекбаева Кундуз, Усенова Замира, Кочконбаева Бактыгүл, Жээнбаева Жибек, ЖДПБнын лаборатория башчысы Тажиева Ибадат эл кызматын аркалап келе жатышат. Ошондой эле райондогу бардык балдар бакчаларын айымдар жетектеп келишет.

Мындан сырткары кол өнөрчүлүк менен узчулукту аркалаган «Өнөр кенчи» ишканасынын жетекчиси Идирисова Зубайда, «Ийгилик» чакан ишканасынын жетекчиси Калбаева Бүзарбап, «Кыз-Бурак» ишканасынын жетекчиси Калбаева Гүлдаркандар да боз үй жасалгаларын, бешик жабдууларын, кыз себин жасашып, аны менен бирге кыз-келиндерди кол өнөрчүлүккө тарбиялап, окутуп келишет. Булардан сырткары келечекте эл-журт үчүн кызмат кылууга белсенип киришкен аты аталбаган ак элечек айымдарыбыздын саны арбын жана алар да кийинки муун сыймыктанган иштерди аткара алышат деп терең ишенем.

***Касымова Жамила Абдыгапуровна,***
***Жар-Башы айылы***



**Дароот-Коргон айылынын бир көрүнүшү**




**Шибе жайлоосу**





**Жар-Башы айылынын көрүнүшү**



**Көк-Суу суусунун боюндагы жайлоо**



Алтын-Дара суусунун боюндагы Дөң -Капа токою



Дароот-Коргон каналынын баш жагы





Алтын-Дара жайлоолорунун күз мезгилиндеги көрүнүшү



Горумду жайлоосу



Чоң-Алай тоолору



Арчалуу жайлоосунун баш жагындагы мөңгү





Ачык-Суу айылы



Кара-Тейит айылы



Шаты жайлоолору





# Соңку сөз

Ошентип районубуздун түзүлгөнүнө 20 жылдын жүзү болуп, андан бери канчалаган өзгөрүүлөр, өсүштөр болду. Чынында бардык өзгөрүүлөр, өнүгүү же артка кетүү өлкөбүздүн абалынан көз каранды эмеспи. Ошондуктан элибиз мамлекетибизде алгы жылуулардын учкуну болсо сүйүнүп, оор жагдайларга жүрөк оорутуп, терс көрүнүштөргө сын көз караш менен карап, кеп-кеңешин, талаптарын айтып келе жатат. Албетте, булардын баары келечек үчүн. Анткени, баарыбыз үчүн өлкөбүздүн келечеги, кийинки муундун тагдыры баарынан кымбат.

Көз алдыбызда көп нерсе өзгөрдү. Дүйнөдөгү маалыматтык технологиянын өсүшү элдин, өзгөчө жаштардын көз карашын өзгөртүп, коомдун дүйнө таанымы да башка жакка бурулду. Жөнөкөй тил менен айтканда, 20 жыл мурда түшкө кирбеген, же кол жеткистей көрүнгөн кээ бир нерселерди бүгүн баарыбыз күнүмдүк турмушубузда пайдаланып жатабыз.

Дагы бир жагдай, соңку жылдары өлкөбүздө ички, тышкы миграциянын агымы күчөп, анын таасиринен улам турмуш шартын оңдоо максатында миңдеген атуулдарыбыз сыртта, борбор калаабыз тарапта жүрүшөт, айрым үй-бүлөлөр Чүй тарапка көчүп кетишти, анткени өндүрүш, курулуш, соода жана башка кирешелүү, акы төлөнүүчү тармактар биздин райондо жакшы өнүкпөгөнү баарыбызга маалым. Ошентсе да районубузда акырындап соода тармагы, жер иштетүү, мал чарбачылыгы өздөштүрүлүп, өсүп баратканы байкалат.

Жыйынтыктап айтканда, булардын баары тарых, өткөндү баалап, таразаламайынча келечекти кура албайбыз. Ошондуктан, бул китепте көз ирмемдей болгон 20 жылдын ичиндеги районубуздун, мекеме-ишканалардын түптөлүү таржымалын, бүгүнкү абалын чагылдырууга аракет жасадык. Райондун жаңы тарыхына өзгөчө эмгек сиңирип, маалыматтын жетишсиздигинен бул китепке кирбей калган инсандар же урунттуу учурлар болсо, кечирим сурайбыз, тарыхты изилдеп жазуу иштери али алдыда демекчибиз.

Маалыматтык колдоо көрсөткөн бардык тараптарга, Чоң-Алай райондук мамлекеттик администрациясынын жетекчилигине, айыл округ башчыларына, мекеме-ишканалардын жетекчилерине ыраазычылык билдиребиз.

*Б. Мойдунов*

## МАЗМУНУ


Баш сөз ____ 3
Чоң-Алай: кечээ, бүгүн жана келечекте ____ 3
Чоң-Алайдын келечеги кең ____ 5
Чоң-Алай республикада татыктуу орунга жетишти ____ 9
Чоң-Алай тарыхынан кичине баян ____ 10
Чоң-Алай районунун кайрадан макам алышы ____ 17
Чоң-Алай району 20 жылда ____ 19
Райондогу ыйык, кооз жерлер ____ 24
Районду 20 жылда башкарган жетекчилер ____ 32
Райондон чыккан белгилүү инсандар жана илимпоздор ____ 39
Чоң-Алай райондук мамлекеттик администрациясы ____ 46
Депутаттардын райондук кеңеши ____ 47
Райондогу айылдык округдар ____ 48
Райондун экономикалык өсүү абалы ____ 52
Райондогу мекеме-ишканалар ____ 55
Баатыр уулу бар эл – бактылуу эл ____ 95
Райондогу айылдар боюнча маалыматтар ____ 99
Чоң-Алай районундагы билим берүү мекемелери ____ 105
Райондогу саламаттыкты сактоо мекемелери ____ 124
Тоо койнундагы айымдар ____ 126
Сүрөттөр ____ 128
Соңку сөз ____ 135



**ЧОҢ-АЛАЙ 20 ЖЫЛДА**

**Б. Мойдунов, Ж. Маширапов**

Редактору: И. Бакиров
Техникалык редактору: М. Маматалиев
Корректору: Н. Бостонбаева
Компьют. жасалгалаган: Ө. Жакыпов

Терүүгө 25.09.2012-жылы берилди.
Басууга 09.10.2012-жылы кол коюлду.
Кагаздын форматы 60x84 1\16.
Көлөмү 8,5 басма табак. Нускасы 500. Буюртма № 617
«Ошбасмакана» АК офсеттик ыкма менен басылды.

Ош шаары. Курманжан датка көчөсү-209

